10 ЖЫЛ

КЫЙНООЛОРДУ АЛДЫН АЛУУ БОЮНЧА
Кыргыз Республикасынын Улуттук борбору

# Кыргыз Республикасынын Кыйноолордун алдын алуу боюнча улуттук борборунун 2022-жылы үчүн

# ЖЫЛДЫК БАЯНДАМАСЫ

## КЫСКАРТУУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ

| | |
|---|---|
| МКЮЖ | Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам |
| УКМК | Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети |
| КЖБР | Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестри |
| УКЖ | Убактылуу кармоочу жай |
| Кыйноолорго каршы конвенция | БУУнун Кыйноолорго жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамилелер менен жазалардын түрлөрүнө каршы конвенциясы |
| ИИМ | Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги |
| ББжИМ | Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги |
| ЭСКММ | Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги |
| ЕККУ | Европадагы Коопсуздук жана кызматташтык уюму |
| ИИО | Ички иштер органдары |
| БУУ | Бириккен Улуттар Уюму |
| Манделанын эрежелери | Камактагыларга мамиле кылуунун минималдык стандарттык эрежелери («Нельсон Манделанын эрежелери») |
| ТИЗО | Тергөө изолятору |
| ЖАК | Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Жазаларды аткаруу кызматы |
| ССМ | Социалдык стационардык мекемелер |
| Стамбул протоколу | Кыйноолорду жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамилелер менен жазалардын түрлөрүн натыйжалуу иликтөө жана документтештирүү боюнча колдонмо |
| ИИБ | Ички иштер башкармалыгы |
| ЖАК | Жазык аткаруу кодекси |
| ЖАТ | Жазык аткаруу тутуму |
| ЖК | Жазык кодекси |
| ЖПК | Жазык-процесстик кодекс |

Кыргыз Республикасынын Конституциясы[1]

## VI ГЛАВА. АДАМДЫН ЖАНА ЖАРАНДЫН УКУКТАРЫНЫН ЖАНА ЭРКИНДИКТЕРИНИН КЕПИЛДИКТЕРИ

### 55-берене.

Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктары жана эркиндиктери эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптерине жана ченемдерине, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамдарда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге ылайык таанылат жана кепилденет.

### 56-берене.

4. Эч ким кыйноолорго жана башка катаал адамгерчиликсиз, ырайымсыз же кадыр-баркты басмырлаган мамилелерге жана жазалоого дуушар болбоого тийиш.

5. Эркиндигинен ажыратылган ар бир адам ар-намысы кемсинтилбеген адамгерчиликтүү мамиле жасалышына укуктуу.

### Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт[2]

### 7-берене.

Эч ким кыйноолорго жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамилелерге жана жазалоого дуушар болбоого тийиш.

### БУУнун Кыйноолорго каршы конвенциясы[3]

### 2-берене.

1. Ар бир мүчө Мамлекет анын юрисдикциясы алдындагы бардык аймактарда кыйноолордун алуу үчүн мыйзамдык, административдик, соттук жана башка натыйжалуу чараларды көрөт.

2. Эч бир өзгөчө жагдай, алар кандай болгон күндө да, айталы, согуш учуру же согуш коркунучу алдындагы абал, ички саясий туруксуздук же каалагандай өзгөчө кырдаал абалы да кыйноолорду актоо үчүн кызмат кыла албайт.

3. Кызматы жогору начальниктин же мамлекеттик бийликтин буйругу да кыйноолорду актоо үчүн кызмат кыла албайт.

### 3-берене.

1. Эгер ага карата кыйноолор колдонулушу мүмкүн деген олуттуу жоромолдор бар болсо, бир дагы мүчө Мамлекет ошол адамды башка мамлекетке чыгарып жиберүүгө, кайтарып берүүгө же өткөрүп берүүгө жол бербеши керек.

### 4-берене.

1. Ар бир мүчө Мамлекет кыйноолорго байланышкан бардык актылардын анын жазык мыйзамдарына ылайык каралышын камсыздайт.

2. Ар бир мүчө мамлекет мындай кылмыштар үчүн алардын оордугун эске алуу менен тийиштүү жазаларды белгилейт.

### БУУнун Кыйноолорго каршы конвенциясына Факультативдик протокол[4]

### 3-берене.

Ар бир мүчө мамлекет улуттук деңгээлде кыйноолорду жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин же жазанын алдын алуу максатында баруучу бир же бир нече органды (улуттук алдын алуу механизмдерин) дайындайт.

### 4-берене.

2. Ушул Протоколдун максаттары үчүн эркинен ажыратуу деген - сот, административдик же башка бийлик органынын буйругу боюнча адамды камакта кармоонун же абакка отургузуунун, же мамлекеттик же жеке камакта кармоо жайына жайгаштыруунун каалагандай формасын билдирет, мында бул адам өз эрки менен ал жайлардан кетүүгө укугу жок болот.

[1] 2021-жылдын 11-апрелинде референдум (жалпы элдик добуш берүү) аркылуу кабыл алынган. 2021-жылдын 5-майындагы КР Мыйзамы менен ишке киргизилген.

[2] 1966-жылдын 16-декабрында БУУнун Башкы Ассамблеясынын №2200 А (XXI) резолюциясы менен кабыл алынган. Кыргыз Республикасы 1994-жылы ратификациялаган.

[3] БУУнун Башкы Ассамблеясынын 1984-жылдын 10-декабрындагы №39/46 резолюциясы менен кабыл алынган. Кыргыз Республикасы 1997-жылы ратификациялаган.

[4] БУУнун Башкы Ассамблеясынын 2002-жылдын 18-декабрындагы №57/199 резолюциясы менен кабыл алынган. Кыргыз Республикасы 2008-жылы кошулган.

## МАЗМУНУ

КИРИШҮҮ……………………………………………………………………………..…5

I БӨЛҮМ.
УЛУТТУК БОРБОРДУН СУНУШТАМАЛАРЫН ЖҮЗӨГӨ АШЫРУУ...................................7
1.1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2021-жылдын 16-июнундагы №318-VII “Кыргыз Республикасынын Кыйноолордун алдын алуу боюнча улуттук борборунун 2021-жыл үчүн жылдык баяндамасы жөнүндө” токтомунун аткарылышын талдоо …..7
1.2. Улуттук борбордун ишмердигине тоскоолдук кылган жана КАУБдун сунуштамаларын аткарбаган мекемелердин, кызмат адамдарынын тизмеси.............................................11

II БӨЛҮМ.
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КЫЙНООЛОРДОН ЖАНА КАТААЛ МАМИЛЕДЕН ЭРКИН БОЛУУ УКУГУ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ ЭЛ АРАЛЫК КЕЛИШИМДЕР БОЮНЧА МИЛДЕТТЕНМЕЛЕРИН АТКАРЫШЫ.......................……………………....………....……15
2.1. БУУнун Кыйноолорго каршы конвенциясына Факультативдик протокол боюнча милдеттенмелердин аткарылышы …...…..……………………………………………….…...15
2.2. Кыйноолор жана катаал мамиле маселелери боюнча эл аралык органдардын сунуштамаларынын аткарылышы ..………..……..……………………………………….…..17

III БӨЛҮМ.
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА КЫЙНООЛОР МЕНЕН КАТААЛ МАМИЛЕГЕ БАЙЛАНЫШКАН ЖАГДАЙГА БАЯНДАМА .........………………………………….………20
3.1. УКЖ менен ТИЗОдо кыйноолорду колдонуу практикасынын индекси .....…………20
3.2. Кыйноолор жөнүндө жазык иштерин иликтөөгө талдоо ........……………………….…23
3.3. «Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын убактылуу кармоочу жайларындагы жашоо-шарттын атласы» аттуу атайын иликтөөнүн жыйынтыктары…28

IV БӨЛҮМ.
КЫЙНООЛОР МЕНЕН КАТААЛ МАМИЛЕНИ КОЛДОНУУНУН ТУТУМДУК СЕБЕПТЕРИ ..............................................................................................................................................29
V БӨЛҮМ.
УЛУТТУК БОРБОРДУН 2022-ЖЫЛДАГЫ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ ЖӨНҮНДӨ.....…………….31
5.1. Негизги статистикалык маалыматтар..........................................…………………….31
5.2. Улуттук борборго келип түшкөн арыздарды кароонун жыйынтыктары ....……………34
A. Кыйноолор жөнүндөгү арыздар.................………………………………….35
B. Катаал мамиле жөнүндө арыздар………...…………………………………….44
C. Камактагы жашоо-шартка даттануулар ...……………….....………………48
5.3. Аныкталган мыйзам бузуулар боюнча актыларды кароонун жыйынтыктары ………...57
5.4. Колдонуудагы мыйзамдарга жана мыйзам долбоорлоруна өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча ишмердик ...…………………………………………………………………….……59
5.5. Маалыматтык-агартуучулук ишмердик. Эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүүгө көмөктөшүү.................................…………………………………………………........…60

СУНУШТАМАЛАР .....…………………………………………………………........……65

ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТ ..............................................................................................................71

ТИРКЕМЕ.......……………………………………………………………………........…..72

# КИРИШҮҮ

1996-жылы Кыргыз Республикасы Бириккен Улуттар Уюмунун Кыйноолорго каршы конвенциясына кошулган.[5] Арадан 12 жыл өткөндөн кийин, 2008-жылдын 5-апрелинде, «Кыргыз Республикасынын БУУнун Кыйноолорго жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин же жазалардын түрлөрүнө каршы конвенциясынын Факультативдик протоколуна кошулуусу жөнүндө» Мыйзам кабыл алынган.[6]

Факультативдик протоколдун алкагында өзүнө алган эл аралык милдеттемелерине ылайык, Кыргызстан кыйноолордун алдын алуу боюнча улуттук алдын алуу механизмин (мындан ары - УАМ) түзүүгө милдеттенген. 2012-жылдын 12-июлундагы №104 Мыйзам аркылуу мындай механизм көз карандысыз мамлекеттик орган – Кыргыз Республикасынын Кыйноолордун жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин же жазанын түрлөрүн алдын алуу боюнча Улуттук борбору ( мындан ары - Улуттук борбор, КАУБ) катары түзүлгөн. Бул Мыйзам Улуттук борбордун ишмердигинин булагы жана өлкөдө кыйноодон жана катаал мамиледен коргоонун жаңы доорунун ачылышы болуп калды.

2022-жылы Кыргызстандын Улуттук алдын алуу механизми түзүлгөндүгүнө он жыл толду. Акыркы 10 жыл ичинде Улуттук борбор өз алдынча жана натыйжалуу мамлекеттик укук коргоочу орган катары калыптануунун оңой эмес жолун басып өттү.

Уюмдун кызматкерлери тарабынан 7600дөн ашык алдын алуу максатында баруулар ишке ашырылды; кыйноо жана катаал мамиле жасалгандыгы жөнүндө 1700дөн ашык даттануулар кабыл алынды, эркиндигинен ажыратуу жана чектөө жайларында кармалган 12 000ден ашык адам менен маектешүүлөр өткөрүлдү; кыйноолорду колдонуунун тутумдук себептерин аныктоо жана аларды четтетүү боюнча сунуштамаларды чагылдырган тогуз жылдык баяндама даярдалып, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине киргизилди, тематикалык изилдөөлөр боюнча 13 баяндама даярдалды, мамлекеттик органдар үчүн 600дөн ашык сунуштамалар иштелип чыкты, анын ичинен 308и парламент тарабынан кабыл алынып, тийиштүү токтомдорго киргизилди.

Улуттук борбордун жана адам укуктары боюнча эл аралык органдардын сунуштарын натыйжалуу ишке ашыруу максатында түзүлгөн ведомстволор аралык жумушчу топтордун ишмердигинин алкагында мамлекеттик органдардын өкүлдөрү менен тыгыз иш алып баруу боюнча аракеттер колго алынды. Бул практика КАУБдун мурунку ишинин форматына караганда алда канча натыйжалуу болуп чыкты.

2022-жылдын 6-декабрында Улуттук борбордун түзүлгөндүгүнүн 10 жылдыгына карата "Кыргыз Республикасынын кыйноодон жана катаал мамиледен эркин болуу укугун сактоодогу жетишкендиктери жана келечеги" аттуу Эл аралык форум болуп өттү жана анын жүрүшүндө КАУБдун ишинин алгачкы жыйынтыктары чыгарылды. Эл аралык эксперттер Кыргызстандын КАУБ моделине жогору баа беришти. Мамлекеттик органдардын жана бейөкмөт укук коргоо уюмдарынын өкүлдөрү Улуттук борбордун реалдуу жетишкендиктерин жана калктын бул институтка болгон ишеним деңгээлинин жогорулагандыгын белгилешти.

2022-жылы Кыйноолордун таралуу индексин практикасын аныктоо боюнча жүргүзүлгөн талдоонун жыйынтыктарын белгилей кетүү зарыл, аларга ылайык, өлкөдө акыркы беш жыл ичинде алардын саны 1,5 эсеге кыскарган. Бул, албетте, мамлекеттик укук коргоо институттары менен бейөкмөт уюмдардын биргелешкен түйшүктүү ишинин натыйжасы болуп саналат. Ошентсе да, мамлекет тарабынан кыйноолорду жоюу жана алардын санын кыскартуу боюнча реалдуу алгылыктуу кадамдар жасалып жаткандыгына карабастан, өлкөдө кыйноолорду колдонуу практикасы дагы деле кездешүүдө.

[5] 1996-жылдын 26-июлундагы №46 Мыйзамга ылайык.
[6] 2008-жылдын 22-июнунда №52 күчүнө кирген.

Бул баяндама өлкөдөгү кыйноолорго байланышкан абалга сереп салууну, кыйноолорго жана катаал мамилеге каршы күрөшүү чөйрөсүндөгү ратификацияланган эл аралык келишимдер боюнча милдеттемелердин аткарылышын талдоону, КАУБ сунуштамаларынын аткарылышын талдоону, кыйноолор менен катаал мамиле жасоонун тутумдук себептерин аныктоо жана аларды четтетүү боюнча сунуштамаларды камтыйт.

Баяндама “Кыйноолордун жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин же жазанын түрлөрүн алдын алуу боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук борбору жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын (мындан ары - Улуттук борбор жөнүндө мыйзам) 15-беренесинин жана «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 133-беренесинин 2-1-пунктунун талаптарына ылайык даярдалган.

Баяндаманын биринчи бөлүмү КАУБдун жылдык баяндамаларын кароонун жыйынтыктары боюнча КР Жогорку Кеңешинин 2022-жылдын 16-июнундагы №318-VII “Кыргыз Республикасынын Кыйноолордун жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиле менен жазалардын түрлөрүн алдын алуу боюнча улуттук борборунун 2021-жылга карата жылдык баяндамасы жөнүндө” токтомунда көрсөтүлгөн сунуштамаларды ишке ашыруунун жыйынтыктары өзүнчө бөлүнүп каралды. Бөлүмдө Улуттук борбордун кызматкерлеринин ишмердигине тоскоол болгон жана анын сунуштамаларын аткарбаган мекемелердин жана кызмат адамдарынын тизмеси өзүнчө көрсөтүлгөн.

Экинчи бөлүмдө Кыргыз Республикасы тарабынан БУУнун Кыйноолорго каршы конвенциясына Факультативдик протоколго жана кыйноолор менен катаал мамиледен коргоо жаатындагы башка эл аралык келишимдерге ылайык өзүнө алган милдеттемелердин аткарылышы жөнүндө маалыматтар камтылган.

Үчүнчү бөлүм өлкөдөгү кыйноого жана ырайымсыз мамилеге байланышкан абалга, ошондой эле жабык мекемелердеги жашоо-шартка сереп салууга арналган. Эки аналитикалык изилдөөнүн жыйынтыгы - өлкөдө кыйноого дуушар болуу учурларынын жайылышы (Убактылуу кармоочу жай менен Тергөө изоляторунда кыйноолорду колдонуунун индекси) жана кыйноо боюнча кылмыш иштерин иликтөө маселелери боюнча жыйынтыктар берилген. Ошондой эле эки атайын изилдөөнүн натыйжалары боюнча тыянактар – «Ички иштер органдарынын убактылуу кармоочу жайларындагы жашоо-шарттын атласы» чагылдырылган.

Төртүнчү бөлүмдө кыйноолор менен катаал мамиле жасоонун тутумдук себептери жөнүндө маалымат камтылган.

Бешинчи бөлүмдө Улуттук борбордун 2022-жылга карата ишмердиги, кыйноо, катаал мамиле жана камакта кармоонун начар шарттары жөнүндө арыздарды кароонун жыйынтыктары, ошондой эле аныкталган мыйзам бузуу фактылары боюнча актыларды кароонун натыйжалары жөнүндө маалымат берилген.

Корутунду бөлүктө тыянактар жана тийиштүү мамлекеттик органдар үчүн өлкөдөгү кыйноолор жана катаал мамиле боюнча кырдаалды жакшыртууга багытталган сунуштамалар камтылган.

Баяндамага Улуттук борбордун 2022-жылга карата каржылык отчету да тиркелген.

## I БӨЛҮК.
## УЛУТТУК БОРБОРДУН СУНУШТАМАЛАРЫН ЖҮЗӨГӨ АШЫРУУ

Улуттук борбордун негизги милдети – ишмердиктин натыйжаларын талдоонун негизинде кыйноолор менен катаал мамиленин тутумдук себептерин аныктоо жана кыйноолордун алдын алуу, эркинен ажыратуу жана чектөө жайларына камалган адамдардын жашоо-шарттарынын стандарттарын камсыздоо жана аларга гумандуу мамиле кылуу жаатындагы абалды жакшыртуу боюнча сунуштамаларды иштеп чыгуу болуп саналат.

Улуттук борбор жөнүндө мыйзамдын 29-беренесине ылайык, мамлекеттик органдар жана кызматтагы адамдар сунуштамаларды карап чыгууга жана алардын аткарылышына көмөктөшүүгө милдеттүү болуп эсептелинет.

2013-жылдан 2021-жылга чейин Улуттук борбор тогуз жылдык баяндама даярдап, аларды кароонун натыйжасында КР Жогорку Кеңеши тогуз токтом кабыл алган.[7]

### 1.1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2021-жылдын 16-июнундагы №318-VII "Кыргыз Республикасынын Кыйноолордун алдын алуу боюнча улуттук борборунун 2021-жылга карата жылдык баяндамасы жөнүндө" токтомунун аткарылышын талдоо

2022-жылдын 16-июнунда Улуттук борбордун 2021-жыл үчүн баяндамасын кароонун жыйынтыгы боюнча министрликтер менен ведомстволор 76 сунуштаманы аткарууга тийиш экендиги белгиленген Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин №318-VII токтому бекитилген.

2023-жылдын январь айына карата Улуттук борбордун сунуштамаларын аткаруунун деңгээлине талдоо жүргүзгөндө алардын 72 пайызы аткаруу процессинде, 3 пайызы аткарылган, 5 пайызы жарым-жартылай аткарылган экендиги аныкталган. Демек, сунуштамалардын 20 пайызы аткарылбастан калууда.

Улуттук борбордун бир катар сунуштамалары жылдан жылга аткарылбастан калып кетүүдө. Алардын арасында төмөнкүлөр бар:

- Улуттук борбордун ишмердигине кийлигишүүнү жана тоскоолдук кылууну болтурбоо;
- Улуттук борбордун Баткен, Нарын жана Талас облустарынын аймактык өкүлчүлүктөрүндөгү иши үчүн кошумча штаттык бирдиктерди бөлүп берүү;
- катарлаш медициналык кызматтарды Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин карамагына өткөрүү боюнча иштерди жүргүзүү;
- Баткен жана Талас облустарында тергөө изоляторлорун куруу;
- кармалган же соттолгон адам каза болгон ар бир факты тууралуу анын өлүмүнүн болжолдуу себеби кандай экендигине карабастан токтоосуз түрдө Улуттук борборго кабарлоо.

Улуттук борбордун сунуштамаларын аткаруу боюнча алгылыктуу чараларды да белгилеп кетүү зарыл. Алсак, 2022-жылдын 28-ноябрында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин №655-р буйругу менен "2022-2024-жылдарга карата Адам укуктары боюнча иш-аракеттер планы" бекитилген, анын 17-бөлүмү кыйноолорго каршы күрөшүү боюнча маанилүү иш-чараларды камтыйт.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2022-жылдын 16-июнундагы №318-VII токтомунда чагылдырылган сунуштамаларды натыйжалуу ишке ашыруу максатында Улуттук борбор курамына тийиштүү мамлекеттик органдардын өкүлдөрү киргизилген ведомстволор

[7] Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2014-жылдын 17-апрелиндеги № 3981-V, 17.06.2015-жылдагы №5250, 2016-жылдын 19-майындагы № 566-VI, 2018-жылдын 11-апрелиндеги № 2350-VI, 2018-жылдын 25-октябрындагы № 2670-VI, 2019-жылдын 18-сентябрындагы № 3245-VI, 2022-жылдын 16-июнундагы № 308-VII, 2022-жылдын 16-июнундагы № 309-VII, 2022-жылдын 16-июнундагы № 318-VII токтомдору.

аралык жумушчу топторду түзүү боюнча демилге көтөргөн. ЕККУнун Бишкектеги Программалык кеңсесинин колдоосу менен 2022-жылдын 27-октябрында жана 9-декабрында КР Жогорку Кеңешинин депутаттарынын катышуусунда ведомстволор аралык жумушчу топтордун эки кеңейтилген отуруму болуп өттү.



1-3-сүрөт. Ведомстволор аралык жумушчу топтун биринчи отуруму. Бишкек ш., «Park Hotel», 2022-жылдын 27-октябры



4-6-сүрөт. Ведомстволор аралык жумушчу топтун экинчи отуруму. Бишкек ш., «Park Hotel», 2022-жылдын 9-декабры.

Бул багыттагы иштер 2023-жылы да улантылууда.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы № 423 “Кыйноолорду жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин же жазанын түрлөрүн алдын алуу боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук борборунун кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтомуна ылайык, Улуттук борбордун кызматкерлеринин эмгек акысы жогорулаган.

КР Финансы министрлигинин маалыматы боюнча, республикалык бюджеттин «Капиталдык салымдар» беренеси боюнча каржылануучу Курулуш жана реконструкциялоо объектилеринин тизмегине ылайык, 2022-жылы Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Жазаларды аткаруу кызматына 600,0 млн сом бөлүнгөн, анын ичинде:

- №47 түзөтүү колониясын Бишкек шаарынын чегинен тышкары жерге көчүрүүгө жана жаңы имарат курууга - 340,0 млн сом;
- Чүй облусунун Сокулук районундагы Жаңы-Жер айылындагы өмүр бою эркинен ажыратылгандар үчүн №19 түзөтүү колониясынын мекемесинин базасында атайын имарат куруу боюнча иштерди бүткөрүүгө - 30,0 млн сом;
- №10 түзөтүү колониясын Жалал-Абад шаарынын сыртына көчүрүү үчүн имаратты долбоорлоого жана курууга - 230,0 млн.сом.

Коомдук коопсуздукту камсыз кылуу, Бишкек шаарынын инфраструктурасын жана соттолгондордун жашоо-шартын жакшыртуу максатында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №305 токтому менен ЖАКтын Бишкек шаарындагы №47 мекемесин жоюу жөнүндө чечим кабыл алынган. Бул иштин алкагында Жазык аткаруу кодексинин 19-беренесинин негизинде соттолгондордун

коопсуздугун камсыз кылуу максатында аларды убактылуу обочолонтууга арналган он камера, бир айып изолятору жана жертөлөдө жайгашкан жайлар жабылды.

КР Жазаларды аткаруу кызматы (ЖАК) жаза аткаруу тутумунун түзөтүү мекемелеринин жана тергөө изоляторлорунун инфраструктурасын шайкеш келтирүү, анын ичинде жашоо-шартын жакшыртуу боюнча масштабдуу иштерди баштады. Тактап айтканда, ЖАКтын айрым мекемелерин (№10, 21, 23, 25 - мекемелер) калктуу конуштардын чегинен тышкары жерлерге көчүрүү боюнча жол картасы бекитилген.

2022-жылдын ноябрь айында Сузак районунун Таш-Булак айылынын аймагында Жалал-Абад шаарында жайгашкан №53 (ТИЗО-53) мекемесин көчүрүүнүн алкагында аялдарды жана жашы жете электерди жайгаштыруу үчүн 200 адамды камоого эсептелген төрт кабаттуу тергөө изоляторунун курулушу башталган. Ошол эле учурда Базар-Коргон районунун Бай-Мундуз айылына жакын жерде 1500 адамды камоого эсептелген №10 түзөтүү мекемесинин (катуу режимдеги) жаңы имаратын куруу иштери башталган.

Жол картасында эскирген түзөтүү мекемелеринин ордуна соттолгон жана камакка алынган адамдардын жашоо-шарты коопсуздук ченемдерине жана гумандуулук талаптарына жооп берген пенитенциардык тутумдун заманбап мекемелерин куруу каралган.

Бишкек шаарындагы №21 мекемени (ТИЗО-1) көчүрүү үчүн Кыргыз Республикасынын Президентинин Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү менен биргеликте Новопокровка айылында жайгашкан аянты 14 га болгон жер тилкесин трансформациялоо жана куруу-монтаждоо иштерин баштоо үчүн ЖАКтын карамагына өткөрүп берүү боюнча маселе каралууда.

Ош шаарындагы №25 (ТИЗО-5) мекемени шаардын сыртына көчүрүү максатында КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү тарабынан Кара-Суу районунун Шарк айыл аймагынын аймагындагы 5 га жер тилкесин трансформациялоо боюнча иш жүргүзүлүүдө.

2022-жылдын декабрь айында өмүр бою эркинен ажыратылгандарды камакта кармоо үчүн Жаңы-Жер айылындагы №19 мекеменин 2-режимдик корпусу пайдаланууга берилип, буга байланыштуу жогоруда аталган категориядагы соттолгон адамдарды №1, 3, 16, 21, 24, 25 түзөтүү мекемелеринен которуу боюнча уюштуруу иш-чаралары жүргүзүлүүдө.

2022-жылдын 27-декабрында Аламүдүн районунун Молдовановка айылындагы №31 дарылоо-түзөтүү мекемесинде 265 орунга эсептелген ЖАКтын көп тармактуу ооруканасынын ачылыш аземи болуп өттү. Бул объектиге республикалык бюджеттен 340 миллион сом бөлүнүп берилген.

Кыргыз Республикасынын УКМК ТИЗОсунан алынган маалыматка караганда, «Кылмыш жасоого шектелип жана айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 31-октябрындагы №760 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын УКМК ТИЗОсунун ички тартибинин эрежелеринин» талаптарына ылайык, ТИЗОдо камактагылардын шарттарын жана коопсуздугун жакшыртууга багытталган ондоо-монтаждоо иштери жүргүзүлдү.

Кыргыз Республикасынын УКМКнын Чек ара кызматы КР Жогорку Кеңешинин 2022-жылдын 16-июнундагы №318-VII токтомунун негизинде Улуттук борбордун сунуштамалары Чек ара кызматынын директорунун коомдук-мамлекеттик даярдыкты уюштуруу боюнча орун басарынын 2022-жылдын 4-октябрындагы №202 Буйругундагы коомдук-мамлекеттик даярдык боюнча сааттардын тематикалык эсебинде, ошондой эле Маалыматтык-тарбиялык иш программасында чагылдырылган.

Жогоруда аталган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин токтомун аткаруу максатында Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги 2023-жылдын 13-январында №20 буйрук чыгарган, ага ылайык Республикалык психиатрия жана наркология борборунун директоруна, ошондой эле облустук саламаттыкты сактоо координаторлоруна акыркы беш жыл ичинде ЭСКММдин социалдык стационардык мекемелеринин

бейтаптарынын өлүмгө учуроо учурларынын деңгээли бийик болушун талдоо боюнча комиссия түзүү жөнүндө тапшырма берилген. Тапшырманы аткаруу мөөнөтү - 2023-жылдын 20-февралы болуп белгиленген. Бул буйрук менен ички иштер органдарынын бардык убактылуу кармоочу жайларында жана Жазаларды аткаруу кызматынын ТИЗОлорунда санитардык ченемдердин сакталышын акт жазуу менен текшерүү боюнча комиссия түзүү тапшырмасы берилген.[8]

Андан тышкары, КР Саламаттыкты сактоо министрлиги 2022-жылдын 1-августунда №930 «Жалал-Абад облусунун Кызыл-Жар айылындагы Республикалык психиатриялык ооруканада мажбурлап дарылоонун кошумча бөлүмүн ачуу жөнүндө» буйругун чыгарган. Ага ылайык, соттук-психиатриялык экспертиза дайындалган бейтаптар менен бирге жайгаштырылган мажбурлап дарылануудан өтүп жаткан бейтаптар башка имаратка которулмакчы.

ИИМдин маалыматы боюнча, КР Жогорку Кеңешинин 2022-жылдын 16-июнундагы токтомун аткаруу максатында ар кандай көзөмөлдөөчү органдар тарабынан ички иштер органдарынын УКЖларында камакта отурган адамдардын жашоо-шарттарына мезгил-мезгили менен мониторинг жүргүзүлүп турат. Алсак, 2022-жылы УКЖга 10 852 жолу барышкан, анын ичинен: ИИМ кызматкерлери – 8490, прокуратура органдары – 1947, Акыйкатчы (Омбудсмен) Аппаратынын өкүлдөрү – 122, КАУБ – 256, мамлекеттик эмес уюмдар - 37.

Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлиги берген маалыматка ылайык, 2022-жылы С.Данияров атындагы КММИнин Дарыгерлерди кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу факультетинин базасында Куралдуу Күчтөрдүн мекемелеринин 40 медицина кызматкери Стамбул протоколунун принциптерине ылайык зомбулукту, кыйноолорду жана ырайымсыз мамилени документтештирүү маселелери боюнча окутуудан өтүшкөн.

Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинен алынган маалыматка караганда, аскер кызматкерлеринин өмүрүн жана ден соолугун коргоону камсыздоо, алардын мөөнөттүү аскердик кызматын өтөө шарттарын жакшыртуу боюнча иштер күчөтүлдү, коомдук-мамлекеттик даярдык жана укуктук маалымдоо сааттарында такай негизде адам укуктары жана эркиндиктери жөнүндө маалымат берүү боюнча сабактар өтүлүп турат. Кыргыз Республикасынын Аскер прокуратурасы менен биргеликте өз өмүрүн кыюунун (суицид) алдын алуу, уставдан тышкаркы мамиле жасоо практикасын жана башка терс көрүнүштөрдү жоюу боюнча иштер жүргүзүлүүдө.

1-таблица. Мамлекеттик органдардын КР Жогорку Кеңешинин 2022-жылдын 16-июнундагы №318-VII токтомунда баяндалган Улуттук борбордун сунуштамаларын аткаруу макамы[9]

| № | Мамлекеттик органдар | Кабыл алынган сунуштамалардын саны | Аткарылды | Аткаруу процессинде | Жарым-жартылай аткарылды | Аткарылган жок |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | КР Министрлер Кабинети | 24 | 1 | 13 | 4 | 6 |
| 2 | КР Жогорку соту | 7 | – | 5 | – | 2 |
| 3 | КР Башкы прокуратурасы | 9 | – | 9 | – | – |
| 4 | КР Аскер прокуратурасы | 2 | – | 2 | – | – |
| 5 | КР ИИМ | 8 | – | 7 | – | 1 |
| 6 | КР Юстиция министрлиги | 6 | – | 6 | – | – |

[8] Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 31.01.2023-жылдагы №07-1/877 каты.
[9] Сунуштамаларды аткаруу макамы жөнүндө кенениреэк маалымат ушул баяндаманын электрондук версиясында чагылдырылган.

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 7 | КР УКМК | 2 | – | 1 | – | 1 |
| 8 | КР УКМК Чек ара кызматы | 2 | – | 2 | – | – |
| 9 | КР Саламаттык сактоо министрлиги | 15 | – | 10 | – | 5 |
| 10 | КР КАУБ | 1 | 1 | – | – | – |
| | БАРДЫГЫ: | 76 | 2 | 55 | 4 | 15 |

## 1.2. Улуттук борбордун ишмердигине тоскоолдук кылган жана КАУБдун сунуштамаларын аткарбаган мекемелердин, кызмат адамдарынын тизмеси

Улуттук борбордун өткөн жылдар үчүн жылдык баяндамаларында чагылдырылган бир нече сунуштамаларына жана аларды кароонун жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Улуттук борбордун ишмердигине тоскоолдук кылуу жана кийлигишүү фактыларын четтетүү жөнүндө кабыл алынган токтомдоруна[10] карабастан, мындай мыйзам бузуулар бүгүнкү күнгө чейин деле орун алып келүүдө.

Бул эл аралык органдардын, атап айтканда БУУнун Кыйноолорго каршы комитетинин жана БУУнун Кыйноолорду алдын алуу боюнча чакан комитетинин олуттуу тынчсыздануусун жаратууда. Тоскоолдук кылуунун ар бир фактысы Улуттук борбор жөнүндөгү мыйзамдын бузулушунан улам гана эмес, Кыргызстандын эл аралык келишимдер боюнча милдеттемелерин, атап айтканда, БУУнун Кыйноолорго каршы конвенциясына Факультативдик протоколду бузгандыгы үчүн да эң кылдат иликтөөнүн предмети болууга тийиш:

- Бишкек шаарында – 2;
- Нарын облусунда – 1;
- Жалал-Абад облусунда – 4;
- Ош облусунда – 1.

2022-жылы Улуттук борбордун кызматкерлеринин ишмердигине тоскоол болуу боюнча сегиз фактыга жол берилген (2021-жылы – 13 факты), анын ичинен: тоскоолдук кылуу боюнча эки фактыга Ички иштер министрлигинин жана Жазаларды аткаруу кызматынын кызматкерлери, эки фактыга Саламаттык сактоо министрлигинин кызматкерлери жана бир фактыга Улуттук коопсуздук мамлекеттик кызматынын жана Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин кызматкерлери тарабынан жол берилген.

2-таблица. 2022-жылы Улуттук борбордун ишмердигине тоскоолдук кылуу боюнча актылар жана аларды карап чыгуунун жыйынтыктары жөнүндө маалымат

| № | Мыйзам бузуу датасы | Мамлекеттик органдын аталышы | Тоскоолдук жараткан кызмат адамы тууралуу маалымат | Компетенттүү органдын иш боюнча кабыл алган чечими |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 18.02.2022-ж. | Ош облустук психиатрия жана наркология борбору | Наркология бөлүмүнүн жетекчиси Б.Атабаев | Ош облусунун прокуратурасынын 17.03.2022-жылдагы №11/23-22 жообу: «Ченемдик-укуктук актынын талаптары бузулушун четтетүү жөнүндө сунуштама |

[10] Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2016-жылдын 19-майындагы №566-VI; 2018-жылдын 11-апрелиндеги №2350-VI; 2018-жылдын 25-октябрындагы №2670-VI; 2019-жылдын 18-сентябрындагы №3245-VI; 2022-жылдын 16-июнундагы №318-VII токтомдору

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | чыгарылды». Ош облустук психиатрия жана наркология борборунун жетекчилиги наркология бөлүмүнүн жетекчисине “сөгүш” жарыялаган». |
| 2 | 21.02.2022-ж. | КР УКМК | КР УКМК прапорщиги Т.Нарматов | Аскер прокуратурасынын 16.03.2022-жылдагы №22/800-00-02-815-0051 жообу: «КР УКМК ТИЗОсунун аймагында коронавирустук инфекциянын жайылышына жол бербөө максатында ведомство тарабынан Төраганын 2022-жылдын 19-январындагы №2 көрсөтмөсү чыгарылган, ага ылайык, КР УКМК ТИЗОсуна келген адамдарды жана жактоочуларды өткөрүү 72 сааттан ашпаган убакыт ичинде жасалган ПЦР-тесттин терс жыйынтыгы бар болгон учурда гана жүргүзүлөт. Ошентип, КР УКМКнын КӨП жооптуу кызматкери прапорщик Т.Нарматов тарабынан кандайдыр бир мыйзам бузулгандыгы аныкталган эмес». |
| 3 | 24.03.2022-ж. | ЖАКтын №47 мекемеси | Начальниктин ыкчам иштер боюнча орун басары Н.Сүйүнбеков | Аскер прокуратурасынын 12.04.2022-жылдагы №06-06/181-22 жообу: «ЖАКтын №47 мекемесинин видеобайкоо жүргүзүү камераларындагы жазуулар боюнча, №47 мекеме жоюлгандыгына байланыштуу 17.03.2022-жылдан тартып демонтаждоо иштери жүргүзүлүүдө, бул тууралсында түзүлгөн актылар бар. Буга байланыштуу кандайдыр бир мыйзам бузуулар аныкталган эмес». |
| 4 | 22.05.2022-ж. | ЖАКтын №24 мекемеси | Нөөмөт бөлүгү боюнча жооптуу кызматкер У.Тилекбеков | Нарын облусунун прокуратурасынын 06.06.2022-жылдагы №8-237а-22 жообу: «ЖАК Төрагасынын наамына мыйзам бузууну четтетүү жөнүндө сунуштама жөнөтүлгөн». ЖАКтын 17.06.2022-жылдагы №100/02-1038 жообу: «КР Юстиция министрлигине караштуу ЖАК прокуратурасынын сунуштамасынын негизинде |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | кызматтык иликтөө жүргүзүлгөн жана 16.06.2022-жылдагы №376 буйруктун негизинде начальниктин ыкчам иштер боюнча орун басары Д.Жаманчиевге эскертүү берилген, медициналык бөлүктүн начальниги Д.Сагынбековго сөгүш, нөөмөт бөлүгүнүн жооптуу кызматкери У.Тилекбековго сөгүш жарыяланган». |
| 5 | 27.05.2022-ж. | Республикалык психиатриялык оорукана (РПО) Кызыл-Жар айылы | Жооптуу дарыгер Т.Дуйшобаев, №8 бөлүмдүн медкызматкери Эдил уулу Акылбек | Таш-Көмүр шаарынын прокуратурасынын 24.06.2022-жылдагы №22/145-00-07-00314 жообу: «Кызыл-Жар айылындагы РПОнун №8 бөлүмү жабык мекеме болгондугуна жана мында оор жана өтө оор кылмыштарды жасаган, агрессивдүү психикалык абалда болгон бейтаптар дарылангандыгына байланыштуу, КР Өкмөтүнүн 12.09.2014-жылдагы №521 токтому менен бекитилген Жобонун талаптарына ылайык, бөлүмгө кирүү, коопсуздукту сактоо максатында, оорукананын жетекчилигинин коштоосунда жүргүзүлөт. Ушуга байланыштуу, Кызыл-Жар айылындагы РПОнун №8 бөлүмүнүн кызматкерлери Улуттук борбордун кызматкерлеринин ишине тоскоолдук жаратышкан эмес». |
| 6 | 15.11.2022-ж., 17.11.2022-ж. | Ноокен РИИБ | Ноокен РИИБ начальнигинин орун басары А.Тагаев, нөөмөтчү З.Камытов | Ноокен районунун прокуратурасынын 13.12.2022-жылдагы №8/4-2250-22 жообу: «Ноокен районунун прокуратурасынын улук тергөөчүсү М.Тажибаевдин 13.12.2022-жылдагы токтому менен КР ЖПКнын 27-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктунун негизинде жазык ишин козгоодон баш тартышты». |
| 7 | 28.11.2022-ж. | Базар-Коргон райондор аралык реабилитациялык борбору | Директор Б.Жусуева | Базар-Коргон районунун прокуратурасынын 22.12.2022-жылдагы №22/166-00-07-11/1-01328 жообу: «КР Саламаттык сактоо министрлигине мыйзам бузууну четтетүү жөнүндө сунуштама берилди». |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 8 | 13.12.2022-ж. | КР ИИМдин Ички аскерлеринин №718 аскер бөлүгү | Юрист Д.Касымбеков | КР Аскер прокуратурасынын 01.01.2023-жылдагы №23/805-00-07-805-0-00001 жообу: «Д.Касымбеков менен түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү, «Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө» КР конституциялык мыйзамынын 25-беренесинин негизинде ага мыйзам бузууга жол берилбей тургандыгы жөнүндө эскертүү берилди». |

Улуттук борбордун кызматкерлерин жабык мекемелерге киргизбей коюу түрүндө алардын ишмердигине тоскоол болуудан тышкары, 2022-жылы Ички иштер министрлиги жана Жазаларды аткаруу кызматынын кызматкерлери тарабынан Улуттук борбор жөнүндөгү мыйзамдын башка талаптары да бузулган учурлар бар, атап айтканда:

- объектини карап чыгууга уруксат берүүдөн баш тартуу;
- объектинин видео жазуусун берүүдөн баш тартуу;
- медициналык жардам көрсөтүүдөн баш тартуу.

Бул фактылардын ар бири боюнча прокуратура органдарына тийиштүү актылар жөнөтүлүп, аларды кароонун жыйынтыгы боюнча Улуттук борборго төмөнкүлөр маалымдалган:

- үч актыда көрсөтүлгөн фактылардын негизинде эч кандай мыйзамсыз аракеттер же мыйзам бузуулар аныкталган эмес;
- эки актыны кароонун жыйынтыгы боюнча күнөөлүүлөр тартиптик жазага тартылышкан – үч “сөгүш” жана бир “эскертүү” берилген;
- бир акт боюнча жазык ишин козгоодон баш тартылган;
- бир акт боюнча мыйзам бузууларды четтетүү боюнча сунуштама берилген;
- бир акт боюнча мыйзам бузууга жол берилбестиги жөнүндө эскертүү берилген.

2022-жылы адамдын укуктары менен эркиндиктерин бузган, Улуттук борбордун сунуштамаларын эске албаган мамлекеттик органдар, ишканалар, мекемелер, уюмдар жана алардын кызматтагы адамдары жөнүндө кененирээк маалымат ушул баяндаманын №1 тиркемесинде берилген.

# II БӨЛҮМ
# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КЫЙНООЛОРДОН ЖАНА ЫРАЙЫМСЫЗ МАМИЛЕДЕН ЭРКИН БОЛУУ УКУГУ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ ЭЛ АРАЛЫК КЕЛИШИМДЕР БОЮНЧА МИЛДЕТТЕМЕЛЕРИН АТКАРЫШЫ

## 2.1. БУУнун Кыйноолорго каршы конвенциясына Факультативдик протокол боюнча милдеттемелердин аткарылышы

БУУнун Кыйноолорго каршы Конвенциясына Факультативдик протоколдун (мындан ары – ККК ФП) жоболорунун аткарылышын талдоого алуу менен, Улуттук борбор Факультативдик протоколдун алкагында Улуттук борбор боюнча милдеттемелер аткарылбагандыгын белгилейт.

а. БУУнун Кыйноолорго каршы конвенциясына Факультативдик протоколдун 18-беренесинин 3-бөлүгүн аткарбоо

БУУнун Кыйноолорго каршы конвенциясына Факультативдик протоколдун 3-беренеси катышуучу мамлекетти Улуттук борбордун мандатын натыйжалуу ишке ашыруу үчүн жетиштүү каржылык жана адам ресурстарын камсыз кылууга милдеттендирет.

Алсак, 2022-жылдын декабрында БУУнун Кыйноолорго каршы комитети Кыргызстандын Үчүнчү Мезгилдүү баяндамасын кароонун жыйынтыгы боюнча өзүнүн Корутунду эскертмелеринде катышуучу мамлекетке *«Кыйноолордун алдын алуу боюнча улуттук борбор өзүнүн мандатын натыйжалуу жана көз карандысыз аткара алышын, анын ичинде кызматкерлеринин бардык эркинен ажыратуу жана чектөө жайларына тоскоолдуксуз кирүүсүн камсыз кылуу жана Кыйноолордун алдын алуу боюнча улуттук борбордун ишине мыйзамсыз кийлигишкендиги үчүн административдик жана жазык жоопкерчилигин киргизүү жолу менен аткара алышын камсыздоо үчүн зарыл болгон каржылык ресурстар менен камсыз кылууну»* сунуштаган.

Улуттук борбор 2022-жылдын 1-августуна чейин КАУБдун жылдык бюджетинин суммасы 13 888 200 (он үч миллион сегиз жүз сексен сегиз миң эки жүз) сомду түзгөнүн белгилейт. Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №423 токтому менен[11] Улуттук борбордун кызматкерлеринин эмгек акысы жогорулатылды.

Ошондой эле, КАУБ иш алып барган он жыл ичинде алгачкы ирет кварталдык сый акылар бекитилди (2022-жылдын 1-августуна чейин КАУБдун бюджетинде эч кандай кошумча төлөмдөр каралган эмес), бирок “13-эмгек акы” деп аталган төлөм алып салынды. Ошентип, Улуттук борбордун бюджети, эмгек акынын өсүшүн эске алуу менен, 2022-жылдын 1-августунан тартып декабрь айына чейин 21 651 500 (жыйырма бир миллион алты жүз элүү бир миң беш жүз) сомду түзүп, 55,9 пайызга жогорулаган.

Анткен менен, беш айдан кийин, 2022-жылдын 27-декабрында Министрлер Кабинетинин жаңы токтому [12]бекитилип, ага ылайык, Улуттук борбордун кызматкерлеринин кварталдык сый акылары алып салынган. Демек, 2022-жылдын аягында мурда иштеген 2022-жылдын үч айы үчүн (1-октябрдан 27-декабрга чейин) кварталдык сый акылар да, “13-эмгек акы” да төлөнбөй калган. Улуттук борбордун бюджети 20 346 900 сомду түзгөн, мында толук эмес каржылоонун суммасы 1 304 600 (бир миллион үч жүз төрт миң алты жүз) сомду, б.а. 6,41% түзгөн.

Буга чейин БУУнун Кыйноолорго каршы комитети да Кыргызстанга Улуттук борбор өз мандатын көз карандысыз жана натыйжалуу аткарышы үчүн аны адамдык жана материалдык ресурстар менен камсыздоону сунуштаган. Улуттук борбордун буга чейинки ар бир жылдык

[11] Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №423 “Кыйноолорду жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин же жазанын түрлөрүнүн алдын алуу боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук борборунун кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө” токтому.

[12] КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 27-декабрындагыт №716 «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Кыргыз Республикасынын айрым мамлекеттик органдарынын кызматкерлеринин эмгек акысын төлөө шарттары жөнүндөгү айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтому

баяндамаларында белгиленип келе жаткандай, КАУБДун Нарын, Баткен жана Талас облустарындагы аймактык өкүлчүлүктөрүнүн штаттарында бирден гана кызматкер каралган, бул болсо эркинен ажыратуу жана чектөө жайларына алдын алуу максатында барууларды ишке ашырууда кыйынчылыктарды жаратууда, анткени Улуттук борбор жөнүндө мыйзамдын 25-беренесинин 2-бөлүгүнүн ченемине ылайык, эки адамдан кем эмес топтор гана мындай барууларды ишке ашыра алат.

Улуттук борборго кошумча төрт штаттык бирдикти бөлүп берүү маселеси КР Жогорку Кеңешинин 2019-жылдын 18-сентябрындагы №3245-VI токтомунда да чагылдырылган, бирок бүгүнкү күнгө чейин дале чечиле элек. Өлкөнүн эки облусунун аймактык бөлүмдөрүндө мурдагыдай эле бирден кызматкер иштөөдө.[13]

b. Улуттук борбордун натыйжалуу иштешине тоскоолдуктар

БУУнун Кыйноолорго каршы комитетине берилген Үчүнчү мезгилдүү улуттук баяндамасында Кыргыз Республикасы Кыйноолордун алдын алуу боюнча улуттук борбордун натыйжалуу иштөөсү жана ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруусу үчүн атайын эреже – Жазык кодексинин 146-2-беренеси киргизилгендигин билдирген. Аталган беренеде Улуттук борбордун Координациялык кеңешинин мүчөсүнүн жана Улуттук борбордун кызматкеринин ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууга кандай гана формада болбосун тоскоолдук кылгандыгы үчүн жаза чегерүү каралган. Антсе да, Улуттук борбордун жана укук коргоочу коомчулуктун каршылыгына карабастан, 2019-жылдын 1-январында күчүнө кирген колдонуудагы Жазык кодексинде 146-2-берене алып салынган.

Улуттук борбордун ишмердигине тоскоолдук кылгандыгы жана кийлигишкендиги үчүн жазык жана административдик жоопкерчиликти алып салууга БУУнун Кыйноолорго каршы комитети гана эмес, Кыйноолордун алдын алуу боюнча чакан комитети дагы көңүл бурду.

Улуттук борбордун ишмердигине тоскоолдук кылуу аракеттери орун алып жаткан мезгилде мындай мыйзамдык өзгөртүүлөр улуттук алдын алуу механизми көз карандысыз иштешинин кепилдиктерин алсыратууда. Алсак, 2014-жылдан 2022-жылга чейинки мезгилде эркинен ажыратуу жана чектөө жайларынын кызматкерлери тарабынан КАУБдун ишмердигине тоскоолдук кылуу катары квалификацияланган мыйзамсыз иш-аракет жасалышы боюнча 93 факты катталган.

Тоскоолдук кылуунун ар бир фактысы Улуттук борбор жөнүндөгү мыйзамды бузуу катары гана эмес, Кыргыз Республикасынын ратификацияланган жана кол коюлган эл аралык келишимдер, атап айтканда, БУУнун Кыйноолорго каршы конвенциясына Факультативдик протокол боюнча милдеттемелерин аткарбагандыгы катары да компетенттүү мамлекеттик органдар тарабынан кылдат иликтөөнүн предмети болууга тийиш.

c. БУУнун Адам укуктары боюнча комитетинин Кыргыз Республикасына карата чыгарылган ой-пикирлери боюнча эл аралык милдеттемелердин аткарылбагандыгы.

БУУнун Адам укуктары боюнча комитети тарабынан биздин өлкөгө карата берилген 35 жеке арыздын жарымынан көбү Жарандык жана саясий укуктар боюнча эл аралык пактынын 7-беренесинин («Кыйноодон эркин болуу укугу») бузулушуна байланыштуу болуп саналат. Ошол эле учурда ишти жаңы ачыкталган жагдайлар боюнча соттук тартипте кайра кароо айрым гана учурларда өткөрүлгөн, келтирилген зыяндын ордун толтуруу бирин-экин гана учурда ишке ашырылган.

Моралдык зыяндын ордун толтуруу практикасы кенемтенин өлчөмү адекваттуулук, акылга сыярлык жана адилеттүүлүк критерийлерине жооп бербей тургандыгын көрсөтүп турат. Колдонуудагы ченемдик укуктук актылар моралдык зыяндын орду толтурулушу керектигин белгилейт, бирок анын өлчөмүн эсептөө жол-жоболорун жөнгө салбайт.

[13] 2022-жылы Улуттук борбордун штаттык түзүмү кайра түзүлгөндүгүнө байланыштуу, Ош шаары жана Ош облусу боюнча аймактык өкүлчүлүктөгү бир штаттык бирдикти кыскартуу жолу менен Баткен облусу боюнча аймактык бөлүмдө иштөө үчүн бир эксперт бөлүнүп берилген.

### 2.2. Кыйноолор жана катаал мамиле маселелери боюнча эл аралык органдардын сунуштамаларынын аткарылышы

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2019-жылдын 18-сентябрындагы №3245-VI токтомунда Улуттук борбордун 2018-жыл үчүн жылдык баяндамасын кароонун жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Адам укуктары боюнча Координациялык кеңештин катчылыгына эл аралык органдардын (БУУнун Адам укуктары боюнча комитети, БУУнун Кыйноолорго каршы комитети, БУУнун Балдар укуктары боюнча комитети, Кыйноолордун алдын алуу боюнча чакан комитет, Кыйноолор боюнча атайын баяндамачы, Ден соолукка болгон укук боюнча атайын баяндамачы) сунуштамаларын жана адам укуктары боюнча атайын жол-жоболордун Кыргыз Республикасына карата кабыл алынган сунуштамаларынын аткарылышына  көзөмөлдү күчөтүү боюнча тапшырма берилген.

Кыргыз Республикасы эл аралык келишимдердин жоболорун аткаруу боюнча өзүнө алган милдеттенмелеринин алкагында адам укуктары боюнча эл аралык органдардын сунуштамаларын ишке ашыруу боюнча тутумдук иштерди аткарып, ошондой эле мамлекеттик органдар тарабынан алардын аткарылышына талдоо жүргүзүүдө.

Бул маселе Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 28-ноябрындагы №655-р буйругу менен бекитилген 2022-2024-жылдарга карата Адам укуктары боюнча иш-аракеттер планына киргизилген.

Улуттук борбор жогоруда аталган эл аралык органдардын сунуштамалары аткарылышына тутумдук түрдө мониторинг жүргүзүп, аларды ишке ашырууга көмөк көрсөтүү боюнча иш алып барат.

а) <u>БУУнун Кыйноолорго каршы комитети</u>

2021-жылдын декабрь айында Кыргызстандын Үчүнчү мезгилдүү улуттук баяндамасын кароонун жыйынтыгы боюнча өз эскертмелеринде Кыйноолорго каршы комитет Улуттук борбордун натыйжалуу иштешине жолтоо болуп жаткан тоскоолдуктарды белгилеп, Координациялык кеңештин же Улуттук борбордун ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруусуна кандай болбосун тоскоолдуктарды жараткандыгы үчүн жаза чегерүүнү караган Жазык кодексинин 146-2-беренеси алып салынгандыгына тынчсызданувусун билдирген.

Ошентсе да, бул берене Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинен алынып салынгандыктан, 2019-жылдын 1-январынан бүгүнкү күнгө чейин Улуттук борбор жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Мыйзамын бузган бир дагы мамлекеттик орган анын ишине тоскоолдук кылгандыгы жана кийлигишкендиги үчүн башкаларга үлгү жана эскертүү боло тургандай бир аз дагы жоопкерчиликке тартылган жок.

Бул факт БУУнун Кыйноолорго каршы комитети жана БУУнун Кыйноолордун алдын алуу боюнча чакан комитети сыяктуу эл аралык органдардын олуттуу тынчсызданувусун жаратууда. Ошондуктан, ар бир тоскоолдук кылуу фактысы Улуттук борбор жөнүндөгү мыйзамды бузуу катары гана эмес, Кыргызстандын эл аралык келишимдер, атап айтканда, БУУнун Кыйноолорго каршы конвенциясынын Факультативдик протоколу боюнча милдеттемелерин бузуу катары да тыкыр иликтөөнүн предмети болууга тийиш.

b) БУУнун Адам укуктары боюнча комитети

2022-жылдын октябрында БУУнун Адам укуктары боюнча комитети Кыргызстандын Үчүнчү мезгилдүү улуттук баяндамасын кароонун жыйынтыгы боюнча Корутунду эскертмелерин кабыл алган.

БУУнун Адам укуктары боюнча комитети тарабынан берилген сунуштамалардын аткарылышын талдоо көрсөткөндөй, алардын ичинен 11% - аткаруу процессинде, 22% - жарым-жартылай аткарылган, 67% - аткарылбаганын белгилей кетүү керек.

с) <u>БУУнун Аялдарга карата басмырлоону жоюу боюнча комитети</u>

БУУнун Аялдарга карата басмырлоону жоюу боюнча комитети тарабынан 2021-жылдын ноябрь айында Кыргызстандын бешинчи мезгилдүү улуттук баяндамасын кароонун жыйынтыктары боюнча Корутунду эскертмелерде республикада гендердик аспектилерди эске алган пенитенциардык мекемелердин, ошондой эле эркин чектөө жайларында аял кызматкерлердин жоктугунан улам камактагы аялдар жынысы боюнча басмырланып жатканы белгиленген.

Комитет ички иштер органдарынын убактылуу кармоочу жайларындагы жашоо-шарттар минималдуу стандарттарга жооп бербестигин белгилеп, аялдарга карата басмырлоону жоюу максатында улуттук мыйзамдарга Камактагы аялдарга мамиле кылуу жана укук бузган аялдар үчүн эркинен ажыратууга байланышпаган чаралардын эрежелерин («Бангкок эрежелери») улуттук мыйзамдарга киргизүүнү сунуштады.

Бул сунуштамаларды ишке ашыруу жана туруктуу өнүктүрүү максаттарына жетүү максатында Кыргыз Республикасы тарабынан бир катар чаралар көрүлгөн. Алсак, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасынын 2022-жылдын 25-февралындагы №23-НИ буйругунун негизинде "КР Жогорку Кеңешинин Төрагасына караштуу Аялдардын, балдардын укуктары жана гендердик теңчилик боюнча кеңеш жөнүндө жобо" иштелип чыккан жана бекитилген.

d) <u>Кыйноолор маселелери боюнча атайын баяндамачынын сунуштамалары</u>

Кыйноолор боюнча атайын баяндамачынын сунуштамалары берилгенден он жыл өтсө да, алардын 3 пайызы аткарылбай келет. Калган сунуштамалар аткаруу процессинде турат же жарым-жартылай гана аткарылган.

Аткарылбай келе жаткан сунуштамалардын катарында төмөнкү сунуштамалар бар:

— судьялардын камак жайларын текшерүү боюнча так ыйгарым укуктары менен милдеттерин белгилөө жана билдирбей кармап, кыйноого алууга салынган тыюу сакталышын жазык куугунтугуна алуу аркылуу камсыздоо;
— Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматынын (азыркы - ЖАК) жана Ички иштер министрлигинин медицина кызматкерлерин Саламаттык сактоо министрлигине өткөрүп берүү;
— өмүр бою эркинен ажыратууга соттолгондорду толук обочолонтуу практикасынан баш тартуу жана аларды ачык же жарым-жартылай ачык типтеги мекемелерге которуу;
— убактылуу кармоочу жайларды Ички иштер министрлигинин карамагынан Жазаларды аткаруу кызматынын карамагына өткөрүп берүү боюнча чараларды көрүү.

e) <u>Кыйноолордун алдын алуу боюнча БУУнун чакан комитетинин сунуштамалары</u>

2018-жылдын сентябрь айында Кыйноолордун алдын алуу боюнча чакан комитеттин делегациясынын Кыргызстанга экинчи иш сапары болуп, анын жыйынтыгы боюнча чыгарылган корутундулар менен сунуштамалар Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө жөнөтүлгөн.

Чакан комитеттин 2018-жылы Кыргызстанга болгон иш сапарынын жыйынтыгы боюнча берилген сунуштамалардын аткарылышын талдоо көрсөткөндөй, 73 сунуштаманын 3% - аткарылган, 11% - жарым-жартылай аткарылган, 56% - аткаруу процессинде болуп саналат. Сунуштамалардын үчтөн бир бөлүгү (30%) ушул күнгө чейин аткарыла элек.

Аткарылбаган сунуштамалардын арасынан төмөнкүлөрдү белгилеп койсо болот:

• Өкмөт (Министрлер Кабинети) Чакан комитеттин баяндамасын расмий түрдө жарыялаган жок;

• УКЖ, ТИЗО жана түзөтүү колонияларынын жертөлөсүндө /жарым жертөлөлөрдө дале камералар жайгаштырылып, иштеп жатат.

f) <u>БУУнун Балдардын укуктары боюнча комитетинин сунуштамалары</u>

2019-жылы БУУнун Баланын укуктары боюнча комитетине Кыргыз Республикасы тарабынан Конвенциянын жоболорун ишке ашыруу боюнча Бешинчи улуттук мезгилдүү баяндама берилген, аны кароонун жыйынтыгы боюнча сунуштамаларды камтыган Корутунду эскертмелер кабыл алынган.

Кыргыз Республикасы Комитеттин (252) жана Балдар жөнүндө кодекстин сунуштамаларына ылайык, аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдары, өкмөттүк эмес жана эл аралык уюмдар ишке ашырып жаткан балдардын укуктары чөйрөсүндөгү саясат менен ишмердикти координациялоо үчүн механизм менен инфраструктура түздү. Кодекске ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө (Министрлер Кабинетине) караштуу Дене тарбия жана спорт, жаштар иштери жана балдарды коргоо боюнча мамлекеттик агенттиктин курамында Балдарды коргоо департаменти түзүлдү.

2021-жылдын 21-июнунда Кыргыз Республикасынын Президенти “Кыргыз Республикасынын Баланын укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү жөнүндө” №267 Жарлыкка кол койду.

КР Президентинин 2021-жылдын 12-октябрындагы №435 Жарлыгы менен Кыргыз Республикасын 2026-жылга чейин өнүктүрүүнүн улуттук программасы да бекитилген, анын негизги максаты - ар бир баланын укуктары менен кызыкчылыктарын камсыз кылуу болуп саналат.

Өлкөдө мыйзамдарды Конвенцияга шайкеш келтирүү менен өркүндөтүү боюнча олуттуу иштер жасалганына карабастан, кабыл алынган ченемдик укуктук актыларды ишке ашыруу механизмдери азырынча жеткилең эмес.

2023-жылдын январь айына карата сунуштамалардын аткарылышын талдоонун натыйжасында Баланын укуктары боюнча комитеттин сунуштамаларынын 12% аткарылганы, 25% - жарым-жартылай аткарылганы жана 62% - аткаруу процессинде экени аныкталган.

# III БӨЛҮМ.
# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА КЫЙНООЛОР МЕНЕН КАТААЛ МАМИЛЕГЕ БАЙЛАНЫШКАН ЖАГДАЙГА БАЯНДАМА

## 3.1. Ички иштер органдарынын убактылуу кармоо жайларындагы жана Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Жазаларды аткаруу кызматынын тергөө изоляторлорундагы кыйноолорду колдонуу практикасынын индекси

2018-жылы өлкөдө кыйноолордун таралышынын деңгээлин алгачкы изилдөөнүн[14] натыйжасында ички иштер органдарынын убактылуу кармоочу жайларында (мындан ары - УКЖ) жана Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Жазаларды аткаруу кызматынын тергөө изоляторлорунда (мындан ары - ТИЗО) камакта отурган жана сурамжылоого катышкан респонденттердин жалпы санынын 34,2 пайызы ИИБ же УКЖда дене бойлук зомбулук/психологиялык басым жасоо колдонулгандыгы, 8,8 пайызы – ТИЗОдо дене бойлук зомбулук/психологиялык басым жасоо колдонулгандыгын айтышкан.

Акыркы беш жылда кыйноолорду жана катаал мамилени жоюу максатында мыйзамдык механизмдер өркүндөтүлүп, эркинен ажыратуу жана чектөө жайларына алдын алуу максатында үзгүлтүксүз баруулар ишке ашырылды.[15] Калктын, анын ичинде жаштардын жана эркинен ажыратуу жайларындагы адамдардын адам укуктары менен эркиндиктеринин стандарттары, кыйноолордон жана катаал мамиледен коргоонун мыйзамдары менен механизмдери жөнүндө укуктук сабаттуулугун жогорулатууга өзгөчө көңүл бурулду.[16] Эл аралык уюмдардын колдоосу менен ички иштер органдарынын жана жазаларды аткаруу тутумунун кызматкерлеринин кыйноолорду колдонууга жол бербөө маселелери боюнча дарамети жогорулатылды.

Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестринде катталган кыйноолор колдонулгандыгы жөнүндө арыздардын саны 2020-жылы 246 болсо, 2021-жылы 73кө чейин кыскарган. Ошол эле учурда ушул мезгилде өндүрүшү токтотулган иштердин үлүшү 2020-жылы 52% болсо, 2021-жылы 70 пайызга чейин өскөн.[17]

Буга байланыштуу эркинен ажыратуу жайларында кыйноолорду жана катаал мамилени колдонуу практикасын азайтууга багытталган бардык мыйзамдык, укук коргоочулук жана маалымдоо-агартуучулук чаралардын таасиринин натыйжасы өзгөчө кызыгууну туудурат. Бул маселени иликтөө үчүн 2022-жылдын октябрынан ноябрь айына чейинки мезгилде Улуттук борбор менен “ARTICLE-9” Жазык процессинде адам укуктарын коргоо ассоциациясы тарабынан УКЖ менен ТИЗОдо камакта отурган адамдардын арасында кыйноолор жана ырайымсыз мамиле жасоо практикасынын таралышын аныктоо максатында изилдөө жүргүзүлгөн. Изилдөө жүргүзүүдө 2018 жана 2022-жылдардагы изилдөөнүн жыйынтыктарын салыштыруу үчүн усулдук ыкмалар колдонулган.

Сурамжылоого катышуу ыктыярдуу жана анонимдүү мүнөздө болгон. Изилдөөчүлөр алынган маалыматтын купуялуулук принцибин катуу сакташкан.


Изилдөөгө жалпысынан 444 адам катышкан, анын 16% - аялдар жана 84% - эркектер болгон. УКЖда жана ТИЗОдо камакта отурган респонденттердин улуттук курамынын катышы республиканын калкынын улуттук курамынын катышына жакын болуп тандалып алынган.

Сурамжылоонун маалыматтары респонденттердин жарымына (52,6%) коюлган айыптоолор үчүн мыйзамда белгиленген жаза беш жылга эркинен ажыратуудан ашпай тургандыгын көрсөткөн.

---

[14] https://notorture.kg/wp-content/uploads/2020/01/otchet_indeks_prim_pytok2019.pdf.
[15] Кыргыз Республикасынын Кыйноолордун алдын алуу боюнча улуттук борборунун 2021-жылга карата жылдык баяндамасы. 5-б.
[16] Ошол эле жерде. 29-б.
[17] Ошол эле жерде. 28-б.


1-диаграмма. Респонденттердин санынын коюлган айып боюнча мыйзамда каралган эркинен ажыратуу мөөнөтү боюнча бөлүштүрүлгөн катышы[18]




2022-жылы камакка алынгандан кийин кыйноолорго дуушар болгондугун билдирген адамдардын үлүшү 20,6% түзгөн, бул 2018-жылга салыштырмалуу **1,5 эсеге аз**, анда изилдөөгө катышкандардын 34,2% кыйноого жана катаал мамилеге дуушар болгондугун айтышкан.

Сурамжылоого катышкандардын көпчүлүгү (77,8%) алар камакка алынгандан кийин эч кандай кыйноолорго дуушар болбогондугун айтышкан.

2-диаграмма. «Кармалгандан кийин Сизге белгилүү бир максат менен кыйноолор /күч колдонуу /зомбулук же психологиялык кысым колдонулду беле?» деген суроого берилген жооптордун бөлүштүрүлүшү (%)




2022-жылдагы изилдөөнүн маалыматтарына ылайык, алар кармалгандан кийин негизсиз күч колдонулуп, зомбулук же психологиялык басым жасалганын билдирген респонденттердин 41,8 пайызы бул 2022-жылы болгонун, 11,2 пайызы бул 2021-жылы орун алгандыгын белгилешкен. Респонденттердин үчтөн бири (32,7%) суроого жооп берген эмес.

Кыйноолор колдонулгандыгын белгилеген респонденттердин көпчүлүгү (81,6%) аларды ички иштер органдарынын кызматкерлери кыйнагандыгын айтышкан. Башка кызматтардын кызматкерлери кыйноолорду ишке ашырган адамдар катары азыраак белгиленген.


3-диаграмма.: «Сизге ким кыйноо /күч колдонуу /зомбулук же психологиялык кысым жасады эле?» деген суроого берилген жооптордун бөлүштүрүлүшү





[18] Бул суроого жооп бербеген адамдарды эске албаганда.

2022-жылы, 2018-жылдагыдай эле, аялдар кармалгандан кийин аларга карата кыйноолор /күч колдонуу /зомбулук же психологиялык басым жасоо болгондугу тууралуу эркектерге караганда көбүрөөк жолу айтышкан – 26,9% аялдар жана 19,7% эркектер. Аялдарга жана эркектерге карата кыйноолорду колдонуунун азайышы болжол менен бирдей деңгээлде болгон (тийиштүү түрдө 1,7 жана 1,6 эсе).


4-диаграмма. «Кармалгандан кийин Сизге белгилүү бир максат менен кыйноолор /күч колдонуу/ зомбулук же психологиялык кысым колдонулду беле?» деген суроого берилген жооптордун жынысы боюнча бөлүштүрүлүшү, 2018-жылга салыштырмалуу, (%)




20 жашка чейинки жаштар улуураак курактагы респонденттерге караганда кармалган кийин кыйноолорго /күч колдонууга /зомбулукка же психологиялык басымга кабылгандыктарын көбүрөөк белгилешкен – 29,5%. Бул жаштар менен жашы жете электерге карата кыйноолордун колдонулушу тобокелдиги жогору болуу тенденциясы сакталып келе жаткандыгын айгинелейт.


5-диаграмма. «Кармалгандан кийин Сизге белгилүү бир максат менен кыйноолор / күч колдонуу/ зомбулук же психологиялык кысым колдонулду беле?» деген суроого берилген жооптордун жаш курагы боюнча бөлүштүрүлүшү, 2018-жылга салыштырмалуу, (%)




Кыйноолорду колдонуу көрсөткүчүнүн жалпы жонунан төмөндөп бараткандыгына карабастан, 2022-жылы оор беренелер боюнча айыпталган респонденттерге карата кыйноолор /күч колдонуу/ зомбулук же психологиялык басым көбүрөөк колдонулган тенденция дале сакталууда. Алсак, 10 жылдан ашык мөөнөткө эркинен ажыратуу каралган кылмышты жасаган деп айыпталган респонденттердин үчтөн бир бөлүгү (33,3%) кармалгандан кийин аларга карата кыйноолор/күч колдонуу/зомбулук же психологиялык басым колдонулгандыгын белгилешкен.

6-диаграмма. «Кармалгандан кийин Сизге белгилүү бир максат менен кыйноолор /күч колдонуу /зомбулук же психологиялык кысым колдонулду беле?» деген

сурооо берилген жооптордун айыптоо беренесине жараша бөлүштүрүлүшү, 2018-жылга салыштырмалуу[19] (%)




2022-жылы кыйноо, зомбулук же психологиялык басым колдонулушуна күбө болгон респонденттердин үлүшү 13,6% түзгөн. Бул 2018-жылга салыштырмалуу дээрлик эки эсеге төмөн (24%).

Изилдөөнүн жыйынтыктары:

УКЖда жана ТИЗОдо камакта отурган адамдарга карата кыйноолорду, зомбулук же психологиялык басым колдонуу маселеси Кыргыз Республикасы үчүн дагы эле курч көйгөй бойдон калууда. Изилдөөнүн ар бир бешинчи (20,6%) катышуучусу ал кармалгандан кийин ага карата кыйноолор, зомбулук же психологиялык басым жасалгандыгын, ал эми ар бир сегизинчиси (13,6%) кыйноого, зомбулукка же психологиялык басымга күбө болгонун билдирген.

Аялдар (26,9%) кыйноолорго, зомбулукка же психологиялык басымга эркектерге караганда (19,7%) көбүрөөк дуушар болгонун, ошондой эле мындай көрүнүштөргө көбүрөөк күбө болушкандыгын айтышкан (тийиштүү түрдө 20,9% жана 12,4%). Жаштар кыйноого, зомбулукка же психологиялык басымга кабылуу тобокелдиги алдында көбүрөөк аярлуу болууда: 30 жашка чейинки жаштардын жарымынан көбү (53,6%) кыйноого/күч колдонууга/зомбулукка же психологиялык басымга дуушар болгонун билдиришкен. Кыйноого кабылуу тобокелдиги 20 жашка чейинкилер арасында эң жогору (29,5%) болуп саналат.

Кыйноолордун басымдуу көпчүлүгү ички иштер органдарынын кызматкерлери тарабынан жасалат: аларга карата кыйноолор колдонулганын билдирген респонденттердин 81,6% жана кыйноолорго күбө болгон респонденттердин 91,2% ушундай деп билдиришкен.

Кыргыз Республикасында кармагандан кийин кыйноо /күч колдонуу же психологиялык басым жасоо учурларынын саны беш жылдын ичинде 1,5 эсеге – 2018-жылдагы 34,2 пайыздан 2022-жылы 20,6 пайызга чейин төмөндөгөн. Ошондой эле кыйноого, күч колдонууга же психологиялык басым жасоого күбө болгон респонденттердин үлүшү 2018-жылдагы 24,0 пайыздан 2022-жылы 13,6 пайызга чейин 1,8 эсеге азайган. Кыйноо фактыларынын санынын азайышы респонденттердин жынысына жана коюлган айыптын оордугуна карабастан бардык курактагы топтордо орун алган.

Кыйноолорду колдонуунун масштабы төмөндөшүнө карабастан, аялдар менен жаштар көбүрөөк аярлуу абалда калууда жана бул тенденциялар беш жылдан бери уланууда.

### 3.2. Кыйноолор жөнүндө жазык иштерин иликтөөгө талдоо

Эл аралык укукта мамлекеттин кыйноо колдонгондугу үчүн күнөөлүүлөрдү аныктоо жана жазалоо боюнча так милдети каралган. Мындай милдет адам укуктары боюнча бардык негизги эл аралык келишимдердин ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана БУУнун Кыйноолорго каршы конвенциясынын 7-беренесинде бекитилген. Кыргыз Республикасы ушул

[19] Сурооо жооп бербеген адамдарды эске албаганда.

Конвенциянын катышуучусу катары кыйноолор компетенттүү органдар тарабынан толук, тез, натыйжалуу жана калыс иликтенишин камсыздоого милдеттенген.

Баяндаманын бул бөлүмүндө Улуттук борбор жети жыл ичинде (2016-2022-ж.) кыйноо фактылары боюнча козголгон жазык иштерин тергөөгө жана соттук кароого жүргүзүлгөн талдоонун натыйжалары, ошондой эле КАУБга 2022-жылы келип түшкөн кыйноолор жөнүндөгү арыздарды кароонун жыйынтыктары камтылган.

2022-жылы Улуттук борборго кыйноолор жөнүндө 82 арыз келип түшкөн, аларды кароонун жыйынтыгы боюнча прокуратура органдары төмөнкүдөй процесстик чечимдерди кабыл алышкан:

— КР Жазык-процесстик кодексинин 27-беренесинин негизинде жазык ишин козгоодон баш тартуу – 51 арыз;
— райондук/шаардык прокуратуралардын өндүрүшү менен тергөөгө чейинки текшерүү токтотулган – 2 арыз;
— мамлекеттик орган тарабынан жүргүзүлгөн текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча арыз ээлеринин көрсөтүлгөн жүйөлөрү тастыкталган жок – 8 арыз;
— тергөөгө чейинки өндүрүштүн алкагында тергөө-текшерүү иш-чаралары жүргүзүлгөн[20] – – 21 арыз.

Алынган жыйынтыктарды талдоо көрсөткөндөй, 62% учурда жазык ишин козгоодон баш тартуу жөнүндө токтом кабыл алынган. 9% учурда арыз ээлеринин жүйөлөрү тастыкталган эмес, 3% учурда иш өндүрүштөн кыскартылган.

Көпчүлүк учурларда кыйноолор жөнүндө арыздар кыйноолордун издеринин сүрөттөрү, Стамбул протоколунун принциптерине толук шайкеш келген медициналык корутундулар, күбөлөрдүн көрсөтмөлөрү ж.б. толук кандуу далилдер бар экендигине карабастан токтотулган.

Кыйноолор жөнүндө арыздарды иликтөөдө ыкчамдык, тездик жана калыстык жок экендиги аз гана пайыз иш сотко келип түшкөндүгүнөн гана эмес, ошондой эле иш жүзүндө чыгарылган өкүмдөрдүн жоктугунан да айкын көрүнүп турат. Муну сот статистикасы да, прокуратуранын статистикасы да тастыктап турат.

Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын расмий маалыматтары[21] 2-таблицада берилген.

**3-таблица. Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын 2016-2022-жылдар аралыгындагы маалыматтары**

| Жылдар | Өкүм чыгаруу менен каралды | | |
|---|---|---|---|
| | Жазык иштеринин саны/ Ушул жазык иштери боюнча айыпталгандардын саны | Айыптаган өкүмдөрдүн саны / Соттолгондордун саны | Актаган өкүмдөрдүн саны/ Акталгандардын саны |
| **2016** | 5/19 | 1/3 | 4/16 |
| **2017** | 8/25 | 4/10 | 4/15 |
| **2018** | 6/11 | 3/5 | 3/6 |
| **2019** | 9/23 | 3/8 | 6/15 |
| **2020** | ½ | - | 1/2 |
| **2021** | 2/4 | - | 2/4 |

[20] Ушул баяндама даярдалып жаткан учурда.
[21] Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын Улуттук борбордун суроо-талабына 17.01.2023-жылдагы №23/150-10-1-101-1б-00097 жообу.

| 2022 | 4/12 | 1/2 | 3/10 |
|---|---|---|---|

2022-жылы каралган жана 12 адамга карата козголгон төрт жазык ишинин ичинен эки өкүм боюнча (алты адамга карата) жогорку инстанциядагы сотторго даттануу берилген жана алар карап чыгуу стадиясында турат.[22]

Ошентип, **2016-2022-жылдар аралыгында**:

- ✓ **28 адамга карата 12 айыптоочу өкүм,**
- ✓ **68 адамга карата 23 актоочу өкүм чыгарылган**.

Ошол эле учурда, КР Жогорку сотунун маалыматы боюнча[23], 2014-2022-жылдар аралыгында бир дагы адам «кыйноо» беренеси боюнча соттолбогон.

**4-таблица. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2014-2022-жылдарга маалыматтары**

| Жылдар | Берененин аталышы | өкүм чыгаруу менен каралган | | | кыскартылган |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Дело | Соттолгондор (адам саны) | Акталгандар (адам саны) | (адам саны) |
| 2014 | 305-1 «Кыйноо» (1997-ж. ред.) | 1 | - | 2 | - |
| 2015 | 305-1 «Кыйноо» (1997-ж. ред.) | - | - | - | - |
| 2016 | 305-1 «Кыйноо» (1997-ж. ред.) | - | - | - | - |
| 2017 | 305-1 «Кыйноо» (1997-ж. ред.) | 1 | - | 2 | 1 |
| 2018 | 305-1 «Кыйноо» (1997-ж. ред.) | 1 | - | 3 | - |
| 2019 | 305-1 «Кыйноо» (1997-ж. ред.) | 2 | - | - | 3 |
| 2020 | 305-1 «Кыйноо» (1997-ж. ред.) | - | - | - | - |
| 2021 | 305-1 «Кыйноо» (1997-ж. ред.) | - | - | - | - |
| 2022 | 143 «Кыйноо» (2017-ж. ред.) | 1 | - | 5 | - |
| | 137 «Кыйноо» (2021-ж. ред.) | 1 | - | - | 1 |

Кыргыз Республикасынын Аскер прокуратурасынын 2022-жылга карата расмий маалыматына ылайык[24], Аскер прокуратурасы органдары тарабынан кыйноо фактылары боюнча жазык иши козголгон эмес.

Ошону менен бирге эле, КЖБР автоматташтырылган маалымат тутумунда (АМТ) башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрү боюнча 13 жазык иши катталып, анын ичинен 12 жазык иши КР Жазык кодексинин 338-беренеси ("Зомбулук колдонуу менен бийлигинен аша чабуу"), 1 жазык иши – КР Жазык кодексинин 128-беренеси («Өзүн-өзү өлтүрүүгө жеткирүү») боюнча козголгон.

---

[22] 2023-жылдын январь айына карата.
[23] Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун 2023-жылдын 14-февралындагы № 01-22/273 жообу.
[24] Кыргыз Республикасынын Аскер прокуратурасынын 13.01.2023-жылдагы №8/56-23 жообу.

Иликтөөнүн жыйынтыгы боюнча 9 иш сотко жөнөтүлгөн, анын ичинен:

- КР Жазык-процесстик кодексинин 27-беренесинин 1-бөлүгүнүн 13-пунктунун негизинде тараптардын жарашуусуна байланыштуу токтотулганы – 6,
- айыптоочу өкүм чыгарылганы – 1,
- каралып жатканы – 2.
- убактылуу токтотулганы - 1,
- токтотулганы - 1,
- Бир өндүрүшкө бириктирилгени - 1,
- Иликтөө стадиясында - 1.

2022-жылы кыйноолор жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүн фактылары боюнча 178 кайрылуу КЖБР АМТга катталып, 149 материал боюнча тергөөгө чейинки текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча жазык ишин козгоодон баш тартуу чечими кабыл алынган, 10 материал боюнча тергөөгө чейинки текшерүү жүрүп жатат, 19 материал боюнча жазык иши козголгон.

Тергөөнүн жыйынтыгы боюнча:

- үч жазык ишинин өндүрүшү токтотулду,
- үч иш убактылуу токтотулду,
- бир иш башка жазык иши менен бириктирилди,
- 10 иш маани-маңызы боюнча кароо үчүн сотторго жөнөтүлдү;
- эки иш боюнча тергөө жүрүп жатат.

Алынган маалыматтарды талдоо көрсөткөндөй, «кыйноо» кылмышы боюнча козголгон жазык иштеринин көпчүлүгү же жазык жоопкерчилигинен бошотуу, же актоочу өкүм чыгаруу менен аяктайт.

Негизи, сотто жазык ишинин аягына чыгарылбай калышы мындай кылмыштын өзүнүн латенттүү болушуна байланышкан. Көпчүлүк учурларда кыйноолор адам кармалган учурда ага кылмышты мойнуна алдыруу максатында жасалат. Кылмыштын бетин ачуунун мындай ыкмалары, эреже катары, алдыга коюлган максатына ийгиликтүү жетүү менен аяктайт. Жогорку латенттүү болууга өлкөдө көз карандысыз медицинанын жоктугу, ошондой эле жабырлануучунун эксперттерге өз убагында кайрылууга мүмкүнчүлүгү болбошу да өбөлгө болууда.

Мындан тышкары, айрым жазык иштерин талдоо көрсөткөндөй, зомбулук менен коштолгон кызмат абалынан кыянаттык менен пайдаланууга айыпталган адамдардын аракеттерин квалификациялоодогу катачылыктар, негизинен, тергөөчүлөрдүн, прокурорлордун жана судьялардын кыйноолордун субъективдүү да, объективдүү да белгилерин түшүнө бербегендигине байланышкан. Тактап айтканда, кызмат адамдары тарабынан күч колдонуу фактысы алардын аракеттерин КР Жазык кодексинин 338-беренесине (“бийлигинен аша чабуу”) кайра квалификациялоо үчүн негиз болуп бере алат.

Кыйноолорго каршы натыйжалуураак күрөшүү үчүн, биринчи кезекте, кыйноо жөнүндөгү бардык билдирүүгө токтоосуз жооп кайтаруу (кечиктирбестен, ал келип түшкөн күнү эле) зарыл, ошондой эле мында жазык-процесстик мыйзамдарда белгиленген процесстик аракеттердин эрежелери так жана кыйшаюусуз сакталууга тийиш.

Иликтөөчүлөрдүн позитивдүү имиджин калыптандыруу жана калктын ишенимин жогорулатуу үчүн арыз ээсинин кыйноолор жөнүндө билип туруп жалган билдирүүсү үчүн жоопкерчиликке тартууну жокко чыгаруу, иликтөөчүлөр үчүн иш-аракеттердин натыйжалуу алгоритмин иштеп чыгуу жана ишке ашыруу зарыл.

Кыйноолор жөнүндөгү арыз ээсин толук жана кылдат суракка алуу ажырагыс зарылдык болгону менен азыркы учурда бул дээрлик колдонулбайт же «автоматтык түрдө» көз жаздымда калып калат. Буга байланыштуу маалыматтын негизинде так алгоритм менен

иликтөө планын түзүү зарыл. Арыз ээсинин өзгөчөлүктөрүн (жынысы, жашы, социалдык макамы ж.б.), ошондой эле кыйноолор орун алган мекемелерди эске алганда аталган планды иштеп чыгуу маанилүү болуп саналат.

УКЖагы видео жазууларды өчүрүүгө болбойт, маанилүү далилдерди жоготуп албоо максатында аларды прокуратуранын аралыктагы ресурсуна милдеттүү түрдө автоматтык жол менен көчүрүлүшүн жана сакталышын камсыз кылуу зарыл.

Кыйноолор жөнүндөгү ар бир арызды текшерүүдө психологиялык жактан азап тарттыруу жөнүндө корутунду алуу үчүн психологду ишке тартуу маанилүү болуп саналат. Бул жаатта тутумдук мамиле жасалышын камсыз кылуу үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин эксперттеринин реестрине психолог адистигин киргизүү жөнүндө маселени кароо керек.

Ар бир дарыгер Стамбул протоколунун принциптерине ылайык, арыз берген адамдын бардык жаракаттарын соттук-медициналык эксперт деле текшерет деп шылтап койбостон, толук жана кылдаттык менен документтештирүүгө милдеттүү.

Алардын арыздары боюнча жүргүзүлгөн текшерүү өндүрүштү токтотуу менен аяктаган, ошондой эле алардын арызынын негизинде кыйноолорго айыпталган адамдарга карата өкүм чыгарылган камакта кыйноого кабылгандыгы жөнүндө арыз бергендердин ден соолугунун абалын текшерүү боюнча тез арада чараларды көрүү зарыл. Мындай арыз берүүчүлөрдүн кыйноолордон эркин болушун камсыз кылуу, экинчи ирет виктимизацияга кабылышын болтурбоо үчүн көзөмөл кылуу механизмин иштеп чыгуу маанилүү болуп саналат.

Практика көрсөткөндөй, иши тергелип жаткан адамдар кыйноолор колдонулгандыгы жөнүндө арыз берген учурда жүргүзүлгөн иликтөөлөрдүн натыйжасыз болушуна таасирин тийгизүүдө. Дээрлик ар бир этапта кыйноолор боюнча даттануулардын соттук териштирүү стадиясына жетүүсүнө жолтоо болгон тоскоолдуктар бар.

Улуттук борбор кыйноолор боюнча даттануулардын натыйжалуу иликтенишине тоскоолдук кылган бир катар тутумдук көйгөйлөрдү белгилейт.

a. <u>Кыйноолор боюнча даттанууларды текшерүү менен кыйноонун болжолдонгон курмандыгына коюлган айыптоону иликтөө ишин айкалыштыруу.</u>

Кыйноолор жөнүндө даттанууларды текшерүү жана иликтөө ишин кыйноонун болжолдонгон курмандыгынын негизги иши боюнча иликтөөгө жетекчилик кылган жана айып койгон бир эле адам жүргүзгөн учурларда көз карандысыздык принцибинин бузулушу белгиленет.

<u>b. Укук коргоо органынын кызматкери арыз ээсин каршылык көрсөттү деп күнөөлөйт, арыз ээси кызматкерди кыйноо колдонду деп айыптайт.</u>

Бул - арыз ээси менен укук коргоо органдарынын өкүлдөрүнүн ортосунда кандайдыр бир тирешүүлөр болуп, натыйжада мыйзамсыз күч колдонуу болгон деп өз ара айыптоолор орун алган жагдайлар. Мындай учурлардын басымдуу көпчүлүгүндө укук коргоо органдарынын өкүлдөрү тарабынан ага карата негизсиз күч колдонулду деп билдирген жаран ошол эле убакта «бийликтин өкүлүнө зомбулук колдонгону үчүн» жазык жоопкерчилигине тартылат.

Улуттук борбордун практикасында чыр-чатактын эки тарабы тең күнөөлүү деп табылган же укук коргоо органдарынын кызматкерлери гана күнөөлүү деп табылган бир да учур болгон эмес. Мындай жагдайлардын баарында дал ошол арыз берген жаран күнөөлүү деп табылып, анан анын өзүнүн өтүнүчү боюнча “баш тарткан” токтомдор чыгарылып турган.

c. <u>Арыз ээси укук коргоо органынын кызматкерин жалпы кылмышты иликтөөгө байланыштуу кыйноо колдонду деп айыптоодо.</u>

Бул - арыз берүүчүнү кармаганда же ага карата жазык иши боюнча тергөө жүргүзүүнүн жүрүшүндө күч колдонулган жагдайлар, б.а. арыз ээси жазык ишине тигил же бул макамда

тиешеси бар болуп, бирок бул иш бийлик өкүлдөрүнө каршылык көрсөтүүгө байланышпаган учурлар болуп саналат.

Бирок, көбүнчө, соттолуучунун кыйноолор колдонулгандыгы тууралуу билдирүүсүнө баа берип жатып, сот жазык ишин козгоодон баш тартуу жөнүндө токтомду соттолуучунун кыйноолор жөнүндө билдирүүсүн негизсиз деп формулировкалап эсептөө үчүн жетиштүү негиз катары эсептеп коет: «соттолуучунун жүйөлөрү тастыкталган жок".

Ушул эле жерден жазык ишин иликтөө органдарынын кызматтык имараттарынын сырткы чөйрөдөн обочо экендигин, аларга укук коргоо уюмдарынын өкүлдөрүнүн кирүү мүмкүнчүлүгү чектелгендигин белгилей кетүү зарыл.

Жогоруда айтылгандарды эске алуу менен, укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин курамын сапаттык жактан жакшыртуудан тышкары, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына тергөөнүн караштуулугу жаатында да өзгөртүүлөрдү киргизүү зарыл. Мунун бир ыкмасы катары тергөөнүн караштуулугун бир катар укук коргоо органдарынын тергөөчүлөрүнөн турган кандайдыр бир ведомстволор аралык комиссияга киргизүүнү колдонсо болот. Тергөөнүн караштуулугу бир гана органга тийиштүү боюнча кала берсе, кыйноолор колдонулган адамдардын абалы начарлоонун гана үстүндө болоору айкын.

### 3.3. “Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын убактылуу кармоо жайларындагы шарттардын атласы” атайын изилдөөсүнүн жыйынтыктары

2022-жылы Улуттук борбор жана Кыргызстандагы Кыйноолорго каршы коалиция ЕККУнун Бишкектеги Программалык кеңсесинин колдоосу менен ички иштер органдарынын убактылуу кармоочу жайларындагы шарттарга атайын изилдөө жүргүзүп, анын натыйжасында электрондук маалымат базасы - кылмышка шектелгендер менен айыпталгандарды ИИОнун убактылуу кармоочу жайларында кармоонун шарттары жөнүндө атлас түзүлгөн. Бул база ар бир УКЖда болуп жаткан өзгөрүүлөрдүн динамикасына көз салууга, ошондой эле жалпы өлкөдөгү кырдаалга салыштырмалуу талдоо жүргүзүүгө мүмкүндүк берет.

Камакка алынган адамдарга мамиле кылуунун стандарттары жана алардын укуктары сакталышынын кепилдиктери изилдөөнүн негизин түздү. Иштин жүрүшүндө ченемдик укуктук базага - ратификацияланган эл аралык келишимдерге жана улуттук мыйзамдарга талдоо жүргүзүлдү.

2022-жылдын июнь айынан сентябрь айына чейинки мезгилде ички иштер органдарынын өлкөдө иштеп жаткан бардык 45 убактылуу кармоо жайларына атайын баруулар ишке ашырылды. Бул изилдөөнүн жыйынтыктарын анык деп эсептесе болот, анткени ар кандай категорияларды өлчөө үчүн кесиптик жабдуулар пайдаланылган.

Изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча жалпы корутундулар:

а. Республиканын ички иштер органдарынын убактылуу кармоочу жайлары камакта кармоо шарттарынын стандарттарына жооп бербейт.

б. Бир катар убактылуу кармоочу жайлардагы камакта кармоонун шарттары анда отурган адамдарга катаал жана кадыр-баркты басмырлаган мамиле жасоого тете болуп саналат. Алсак, бүгүнкү күнгө чейин жети изолятор жертөлөдө жайгашкан – бул Кара-Суу, Сокулук, Кызыл-Кыя, Кадамжай, Ак-Талаа жана Сузак райондорунун ички иштер бөлүмдөрүнүн убактылуу кармоочу жайлары. Ошондой эле Нарын ОИИБнын УКЖсы. Ош ШИИБ жана Ала-Бука РИИБ УКЖлары да жарым-жартылай жертөлөдө жайгашкан.

Иликтөөнүн жыйынтыгы боюнча КР Ички иштер министрлигине, КР Жазаларды аткаруу кызматына, КР Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш, турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигине жана КР Саламаттык сактоо министрлигине 50дөн ашык сунуштамалар берилген. Ошондой эле улуттук мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча да бир катар сунуштамалар иштелип чыккан.

УКЖ атласы Улуттук борбордун расмий веб-сайтына www.npm.kg жайгаштырылган. Андагы маалыматтар такай жаңыланып, толукталып турат.

# IV БӨЛҮМ.
# КЫЙНООЛОР МЕНЕН ЫРАЙЫМСЫЗ МАМИЛЕНИ КОЛДОНУУНУН ТУТУМДУК СЕБЕПТЕРИ

## А. Мыйзамдардагы көйгөйлөр

1. Жазык кодексинде “кармалган адам”, “кармоо учуру” деген түшүнүктөр жок.

Конституцияда белгиленгендей, адамды иш жүзүндө эркинен ажыраткан учурдан тартып ага жактоочунун квалификациялуу юридикалык жардамынан пайдалануу, ошондой эле коргоочуга ээ болууга мүмкүнчүлүгү берилет. Процесстик жактан алганда, жактоочуга болгон укук адам иш жүзүндө кармалган жана/же алгачкы тергөө органына жеткирилген учурдан тартып белгиленет. *Шектүүнү* же *айыпталуучуну* суракка алуу жактоочунун катышуусу менен гана жүргүзүлүүгө тийиш.

Корголууга болгон укукту жөнгө салуучу жазык-процесстик мыйзамдар аны формалдуу түрдө чектеп, муну шектүүнүн же айыпталуучунун белгилүү процесстик макамга ээ боло тургандыгы менен байланыштырат.

Мыйзамда укук коргоо органдарынын шектүү адам менен болгон алгачкы байланышын аны кармоо учуру катары белгилөөгө милдеттүү болушу жагынан алганда кармоонун жол-жоболору так аныкталган эмес. “Кармалган адам”, “кармалган учур” деген түшүнүк жок. Бул укук коргоо органдарына өз ыйгарым укуктарын кыянаттык менен пайдаланып, адамдын кармалышын талаптагыдай каттабай коюшуна шарт түзөт.

Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 97-беренесинде кылмыш жасаган деп шектелген адамды кармоонун тартиби белгиленген. Антсе да, иш жүзүндө кармалган учурдан же алгачкы суракка алынган мезгилден тартып жактоочусу болушуна болгон укук сакталбай келет.

Жактоочунун камактагы адамга токтоосуз жана тоскоолдуксуз кирүү мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу жазык иликтөө учурунда кыйноолорду колдонууга көмөктөшкөн себептердин бири болуп саналат.

## Б. Укук колдонуу практикасынын көйгөйлөрү

2. Кыйноолорду колдонгондордун жазасыз калышы

Укук коргоо органдарынын кызматкерлерине карата алардын мыйзамсыз аракеттери, өзгөчө кыйноо фактылары боюнча козголгон кылмыш иштеринде сот көпчүлүк учурда актоо мүнөздөгү чечимдерди чыгарат, же болбосо ар кандай негиздер боюнча ишти токтотуу жөнүндө чечимдер кабыл алынат. Айрым учурларда гана кыйноого күнөөлүү адамдарга карата сот айыптаган өкүм чыгарат.

Кыргыз Республикасында сот бийлигинин көз карандысыздыгы үчүн шарттарды түзүү боюнча мамлекет тарабынан көрүлүп жаткан бир катар чараларга карабастан, азыркыга чейин айыптоо жана коргоо тараптарынын ортосундагы туруктуу теңсиздик сакталып келүүдө.

Кыйноолордун натыйжасында алынган көрсөтмөлөр сотто соттолуучунун айыбынын далили катары жол берилет жана кабыл алынса болот деп таанылышы мүмкүн.

Мурдагыдай эле жол берилгис мамиле жана кыйноолор үчүн жазасыз калган учурлар кайталанууда. Кыйноо жөнүндө арыздардын негизинде кылмыш иштери сейрек козголот, ал эми иликтөө иштери жана соттук териштирүүлөр создуктурулуп, айыптоочу өкүмдө айрым учурларда гана чыгарылат, бул болсо мыйзамдын үстөмдүгүнө болгон ишенимге доо кетирип, кыйноолордун жана коррупциянын уланышына негиз түзүүдө.

3. Шектүүлөрдүн, айыпталуучулардын, соттолуучулардын кызыкчылыктарын коргоо боюнча жактоочулардын ишинин натыйжасыздыгы

Кармалган шектүүлөрдүн жана айыпталуучулардын жактоочу жалдоо үчүн каржылык мүмкүнчүлүктөрүнүн жоктугу алардын көбү Юстиция министрлигине караштуу МКЮЖ Жактоочулар реестринен дайындалган коргоочулардын кызматынан пайдаланышына алып

келет. Ошол эле учурда практика «мамлекеттик жактоочулардын» формалдуу мамилесин жана алардын коргоо ишинин нтыйжасыздыгын көрсөтүп турат.

4. Кыйноолордун издерин медициналык документтештирүү көйгөйлөрү

Кыйноого дуушар болдум деп билдирген адамдарга көз карандысыз соттук-медициналык экспертизанын токтоосуз жүргүзүлүшүн камсыз кылууга жөндөмсүз болуу кыйноо практикасынын сакталышына көмөктөшкөн дагы бир фактор болуп саналат. УКЖга камалган жана камакта отурган адамдарды өз убагында, толук жана сапаттуу медициналык кароодон өткөрүүгө тоскоолдук кылган көйгөйлөрдүн бири - бул мекемелерде медициналык кызматкерлердин туруктуу иштебегендиги болуп саналат. Андан тышкары, белгиленген формада басылып чыгарылган бланктардын жоктугуна байланышкан көйгөй дале сакталууда, ошондой эле электрондук формалар да киргизиле элек.

Ошондой эле Жазык-процесстик кодекстин шектүүнү убактылуу кармоочу жайга алып келген *ар бир учурда*, ошондой эле анын өзүнөн, жактоочусунан, жакын туугандарынан, жубайынан (аялынан) ага карата алдын ала тергөө жана тергөө органдарынын кызматкерлери тарабынан дене-бойлук зомбулук колдонулгандыгы жөнүндө арыз келип түшкөндө ал тийиштүү документти толтуруу менен милдеттүү медициналык күбөлөндүрүүдөн өтүүгө тийиш деген ченеми аткарылбай келет.

Кармалган адамды Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын УКЖсына жайгаштырган учурда медициналык кароодон өткөрүүнүн формасы Саламаттык сактоо министрлигинин 2020-жылдын 24-мартындагы №190 буйругу менен бекитилген. Бирок, Улуттук борбордун практикасына таянсак, бул ченем бардык эле УКЖда сактала бербейт.

5. Өлкөнүн аймактарында жеринде соттук-медициналык экспертиза жүргүзүү мүмкүнчүлүгүнүн жоктугуна байланышкан көйгөй.

Кыйноолорду жана катаал мамилени колдонууга алып келе турган себептердин бири – өлкөнүн аймактарында жеринде соттук-медициналык экспертиза жүргүзүү мүмкүн эместиги болуп саналат.

Мисалы, адам эки кишини өлтүргөн деп айыпталды дейли. Анын күнөөсүн далилдөө үчүн Жазык-процесстик кодекстин 178-беренесине ылайык соттук-медициналык (биологиялык) экспертизанын корутундусу талап кылынат. Бирок, экспертизанын мындай түрү Бишкек шаарында, ал эми экспертизанын бир бөлүгү - Казакстан Республикасында өткөрүлөт.

Мындай учурда, Жазык-процесстик кодекстин 12-беренесинин талаптарына ылайык, айыпталуучу бошотулушу керек. «Ушул Кодексте каралгандан башка негизде жана тартипте эч ким камакка алынышы мүмкүн эмес. Соттун чечимине чейин адам 48 сааттан ашык эмес мөөнөткө кармалууга кириптер болушу мүмкүн». Бирок, тергөө тобокелдүү кадамдарга барып, анын үйүндө тинтүү жүргүзүп, анын жүрүшүндө баңгизаттарды таап алат да, натыйжада Жазык кодексинин 282-беренеси (Баңгизаттарды, психотроптук заттарды жана аларга окшогон заттарды мыйзамсыз даярдоо) боюнча айып коюшат. Анан соттук-медициналык экспертизанын жыйынтыгын алуу үчүн камакта кармоонун мөөнөтү узартылат (эксперттин корутундусу бир айдан кийин алынат)

Жогоруда айтылгандардын негизинде соттук-медициналык экспертизанын бардык түрлөрүн республиканын борборунда гана эмес, региондордо да шарт түзүү менен уюштуруу жана өткөрүү зарылдыгы келип чыгат.

6. БУУнун Адам укуктары боюнча комитетинин Кыргызстан тарабынан адам укуктарынын, анын ичинде кыйноодон эркин болуу укугу бузулушун аныктаган чечимдеринен улам жаңы жагдайлар боюнча иштерди кайра кароо жөнүндө Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана Жазык-процесстик кодексинин талаптарынын соттор тарабынан этибарга алынбашы

Конституцияда адам укуктары боюнча улуттук жана эл аралык механизмдердин өз ара иштешүүсүнүн негиздери камтылган. Алсак, Конституциянын 6-беренесинин 3-пунктунда Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдер, ошондой эле эл аралык укуктун жалпы таанылган

принциптери жана ченемдери Кыргыз Республикасынын укуктук тутумунун курамдык бөлүгү болуп санала тургандыгы белгиленген.

Конституциянын 58-беренесинин 5-пункту ар бир адамга бузулган укуктары менен эркиндиктерин коргоо үчүн адам укуктары боюнча эл аралык органдарга кайрылуу укугун кепилдейт.

“Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери жөнүндө” Мыйзамдын 31 жана 32-беренелери эл аралык келишимдин Кыргыз Республикасы үчүн күчүнө кирген учурдан тартып так сакталышын жана милдеттүү түрдө аткарылышын белгилейт.

ЖПКнын 451-беренесине ылайык, соттун мыйзамдуу күчүнө кирген өкүмү, аныктамасы, токтому жокко чыгарылышы жана иш боюнча өндүрүш жаңы же жаңыдан ачылган жагдайлар боюнча кайра башталышы мүмкүн.

Бүгүнкү күндө БУУнун Адам укуктары боюнча комитети камак жайларында кармоонун шарттарына, камактагыларга карата кыйноолорду жана катаал мамилени иликтөө көйгөйлөрүнө байланышкан 37ден ашык даттануулар боюнча чечим чыгарган.

БУУнун Адам укуктары боюнча комитети Кыргыз Республикасы кыйноолор жөнүндө арыздарды натыйжалуу жана кылдат иликтөөгө алып, алар тастыкталган учурда күнөөлүүлөрдү жоопко тартышы керек экендигин белгилеген.

Мисалы, БУУнун Адам укуктары боюнча комитети У.Н.дин Кыргызстанга каршы иши боюнча ой-пикирлеринде катышуучу-мамлекет жазыктык куугунтуктоонун расмий жол-жобосун баштоонун ордуна кылдат эмес жана натыйжасыз болгон алдын ала карап чыгуу менен гана чектелген жана ошону менен У.Н.дин Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын 7-беренеси боюнча укуктарын бузгандыгын белгилеген.

Адам укуктарын коргоонун эл аралык механизмдеринин чечимдерине ылайык, натыйжалуу иликтөө принциптеринин бузулушу мыйзамдын жеткилең эместигинен эмес, тергөө органдарынын ишин уюштуруунун өзгөчөлүктөрүнөн келип чыгууда, алар төмөнкүлөрдү камтыйт:

- иликтөө жүргүзүүчү адамдардын институттук жана жеке көз карандысыздыгынын жетишсиздиги;
- тергөөчүлөрдү тергөөнүн сапатына эмес, натыйжасына багыттаган баалоо тутуму;
- иликтөөлөрдү жүргүзүү үчүн ресурстардын жетишсиздиги;
- иликтөөнү көзөмөлдөөнүн натыйжасыздыгы.[25]

## V БӨЛҮМ.
## УЛУТТУК БОРБОРДУН 2022-ЖЫЛДАГЫ ИШМЕРДИГИ ЖӨНҮНДӨ

### 5.1. НЕГИЗГИ СТАТИСТИКАЛЫК МААЛЫМАТТАР

Улуттук борбор өзүнүн 10 жылдык ишмердигинин ичинде жабык мекемелерге 7600дөн ашык ирет алдын алуу максатында барууларды ишке ашырды. 2022-жылы алардын саны 919 болсо, жарымынан көбү (52,5%) ички иштер органдарынын мекемелери, ар бир төртүнчүсү (24%) Жаза аткаруу кызматынын мекемелери болду.[26]

[25] КР Жазык-процесстик кодексине сунушталып жаткан өзгөртүүлөрдүн контекстинде кыйноо фактыларын тергөөнүн колдонуудагы механизмдеринин натыйжалуулугуна баяндама https://webcache.googleusercontent.com/search?q=cache:5sEgSdSQhEoJ:https://notorture.kg/wp-content/uploads/2021/07/analiticheskaya-zapiska-po-pytkam.doc&cd=6&hl=ru&ct=clnk&gl=kg.


[26] Ар түрдүү министрликтер менен ведомстволордун жабык мекемелерине алдын алуу максатында баруулардын санынын бул катышы Улуттук борбордун Стратегиясы менен Усулдугунда кыйноо жана катаал мамилеге даттануу менен кайрылуулардын, ошондой эле мекемелерде аныкталган мыйзам бузуулардын жыштыгына ылайык каралган.

5-таблица. 2022-жылы алдын алуу максатында баруулар ишке ашырылган эркинен ажыратуу жана чектөө жайлары министрликтер жана ведомстволор боюнча


| Министрлик/ ведомство / шаар/облус | КР ИИМ | КР ЮМ караштуу ЖАК | КР ССМ | КР ЭСКжММ | КР КМ | КР УКМК | КР УКМК ЧК | КР ББжИМ | ӨКМ (аскер бөлүгү) | ЖӨБО | Жеке балдар үйлөрү | Бардыгы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бишкек шаары жана Чүй облусу | 183 | 140 | 11 | 11 | 14 | 20 | – | 6 | – | 2 | 1 | 388 |
| Ош шаары жана Ош облусу | 86 | 30 | 11 | 1 | 4 | 4 | 1 | 8 | – | 5 | – | 150 |
| Жалал-Абад облусу | 80 | 13 | 15 | 13 | 3 | 1 | 14 | 17 | 1 | – | – | 157 |
| Ысык-Көл облусу | 55 | 21 | – | 5 | 2 | 1 | 1 | – | – | 6 | 4 | 95 |
| Нарын облусу | 18 | 8 | 3 | 1 | – | – | – | 7 | – | – | – | 37 |
| Баткен облусу | 18 | 2 | 5 | 1 | – | – | 1 | 1 | 1 | 1 | – | 30 |
| Талас облусу | 43 | 4 | – | 2 | 6 | – | 2 | 5 | – | – | – | 62 |
| **Жалпы саны** | **483** | **218** | **45** | **34** | **29** | **26** | **19** | **44** | **2** | **14** | **5** | **919** |

2022-жылы Улуттук борбор тарабынан алдын алуу максатында баруулар учурунда аныкталган мыйзам бузуулар фактысы боюнча **131 акт** түзүлгөн.

7-диаграмма. 2020, 2021 жана 2022-жылдары Улуттук борбор тарабынан аныкталган мыйзам бузуулар фактылары боюнча актылардын санынын салыштырма көрсөткүчтөрү




8-диаграмма. 2022-жылы Улуттук борбор алдын алуу максатында баруулардын жүрүшүндө аныктаган мыйзам бузуулар боюнча актылардын саны региондор боюнча




6-таблица. 2022-жылы Улуттук борборго келип түшкөн кабарлардын саны министрликтер жана ведомстволор боюнча

| Кызматкерлерине карата даттануу келип түшкөн министрлик/ведомство | Кабардын/даттануунун маани-маңызы | | | | Даттануулардын жалпы саны |
|---|---|---|---|---|---|
| | Кыйноолор | Катаал мамиле | Жашоо-шарттар | Ар кандай | |
| КР ИИМ | 72 | 19 | 6 | 9 | 106 |
| КР ЮМ караштуу ЖАК | 2 | 29 | 15 | 22 | 68 |
| КР ССМ | – | 2 | – | – | 2 |
| КР ЭСКжММ | – | 2 | – | 1 | 3 |
| КР ББжИМ | – | 1 | – | – | 1 |
| КР ӨКМ | – | 1 | – | – | 1 |
| КР УКМК | 7 | 7 | 1 | – | 15 |
| Прокуратура кызматкерлери | – | 1 | – | 3 | 4 |
| Сот тутумунун кызматкерлери | – | – | – | 4 | 4 |
| ЖӨБО | – | – | – | 1 | 1 |
| Адвокатура | – | – | – | 1 | |
| Казакстан Республикасынын аскер ведомстволору менен укук коргоо органдарынын кызматкерлери | 1 | – | – | – | 1 |
| Жалпы: | 82 | 62 | 22 | 41 | 207 |


7-таблица. 2022-жылы Улуттук борборго келип түшкөн арыздардын саны региондор боюнча

| Шаар/Облус | Арыздын маани-маңызы | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Кыйноолор | Катаал мамиле | Канааттандырбаган жашоо-шарт | Башкалар |
| Бишкек шаары жана Чүй облусу | 48 | 38 | 16 | 20 |
| Ош шаары жана Ош облусу | 21 | 7 | 3 | 19 |
| Жалал-Абад облусу | 6 | 10 | 1 | – |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Ысык-Көл облусу | 3 | 4 | - | 2 |
| Нарын облусу | – | – | – | – |
| Баткен облусу | 3 | – | – | – |
| Талас облусу | 1 | 3 | 2 | – |
| Жалпысы: | 82 | 62 | 22 | 41 |

2022-жылы Улуттук борбордун ишмердигине тоскоолдук кылуу боюнча 8 факты катталган.

9-диаграмма. 2014-жылдан 2022-жылга чейинки мезгилде Улуттук борбордун ишмердигине тоскоолдук кылуу фактыларынын саны




## 5.2. УЛУТТУК БОРБОРГО КЕЛИП ТҮШКӨН АРЫЗДАРДЫ КАРООНУН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

2022-жылы Улуттук борборго кыйноолорго, ырайымсыз мамилеге, камак жайындагы начар шарттарга даттануулар менен 166 кайрылуу келип түшкөн, анын ичинде:

- кыйноолор колдонулгандыгы жөнүндө – 82,
- катаал мамиле боюнча - 62,
- камакта кармоонун канааттандырарлык эмес шарттары жөнүндө – 22.

Дагы 41 арыз КАУБдун мандатына тиешеси жок болгондуктан, тийиштүү органдарга жөнөтүлгөн.

10-диаграмма. Мамлекеттик органдарга жөнөтүлгөн арыздардын саны




### А. Кыйноолор жөнүндө арыздар

Улуттук борбордун салыштырма талдоосу 2022-жылы кыйноолор боюнча арыздардын саны мурунку жылдарга салыштырмалуу бир аз көбөйгөнүн көрсөттү, бул КАУБдун ишмердиги жөнүндө көбүрөөк биле баштагандыктан жана анын мамлекеттик органдар жана бейөкмөт уюмдар менен биргеликте кыйноолор колдонулган фактыларды аныктоо боюнча жүргүзүлүп жаткан иштерине байланыштуу болушу мүмкүн.


2022-жылы кыйноолор жөнүндө 82 арыз келип түшкөн. Бул санга ошондой эле 2022-жылдын январында Казакстан Республикасында орун алган массалык башаламандык учурунда Кыргызстандын жарандарынын коңшу мамлекеттин аймагында кыйноого алынгандыгы тууралуу арыздар да бар.

11-диаграмма. 2016-2022-жылдар аралыгында Улуттук борборго келип түшкөн кыйноолор жөнүндөгү арыздардын саны





Кыйноолор боюнча даттануулардын басымдуу бөлүгү (47%) Улуттук борбордун кызматкерлерине алар эркинен ажыратуу жана чектөө жайларына алдын алуу максатында баруу учурунда кыйноолордун же ырайымсыз мамиленин болжолдуу курмандыктары тарабынан түздөн-түз берилген. Ар бир онунчу кайрылуу “КАУБдун түз байланышына” келип түшкөн.

12-диаграмма. Кыйноолор жөнүндөгү маалыматтын булагы



1-сүрөт. 2022-жылы Улуттук борборго келип түшкөн кыйноолор жөнүндөгү арыздардын саны региондор боюнча





Буга чейинки жылдардагыдай эле, кайрылгандардын басымдуу бөлүгү (87%) кыйноолор ички иштер органдарынын кызматкерлери тарабынан болгондугун айтышкан.


Улуттук коопсуздук органдарынын кызматкерлери тарабынан кыйноо фактысы боюнча 7 арыз, Юстиция министрлигине караштуу Жазаларды аткаруу кызматынын кызматкерлери тарабынан кыйноолор болгондугу белгиленген 2 арыз, Казакстан Республикасынын аскерий жана күч ведомстволорунун кызматкерлери тарабынан кыйноолор болгондугу жөнүндө бир арыз түшкөн.

Колдору, буттары жана ар кандай нерселер менен уруп-согуу аркылуу дене-бойлук азап тарттыруу кыйноолордун эң кеңири тараган ыкмасы бойдон калууда (41%). Респонденттердин ар бир үчүнчүсү (35%) полиэтилен баштык же противогаз менен тумчуктуруу түрүндөгү кыйноого дуушар болгонун айтышкан. Ар бир сегизинчи арыз берүүчү (16%) психологиялык басым, кемсинтүү жана кадыр-баркына шек келтирүү болгондугун билдирген. Эки адам желим дубинка менен уруп-сабагандыгын белгилешкен. Кыйноолордун башка ыкмалары катары: «электрошокер колдонуу», «ичкенге жана жегенге эч нерсе бербей коюу», «кышында муздак дарыяга түшүүгө мажбурлоо», «милиция кызматкерлеринин көзүнчө криминалдык чөйрөнүн адамдарына салып берип, алардын уруп-сабашы» белгиленген.


13-диаграмма. Кыйноолорду колдонуу ыкмалары



14-диаграмма. Кызматкерлери кыйноолорду колдонду деп даттануулар келип түшкөн мекемелер боюнча арыздардын саны



15-диаграмма. Кыйноолорду колдонуунун максаттары




Улуттук борборго келип түшкөн кыйноолор жөнүндөгү арыздарды кароонун жыйынтыгы боюнча прокуратура органдары тарабынан төмөнкүдөй процесстик чечимдер кабыл алынган:

- КР ЖПКнын 27-беренесинин негизинде 51 арыз боюнча жазык ишин козгоодон баш тартышкан. Алардын ичинен:
- — Райондук/шаардык прокуратура органдары – 46,
- — Аскер прокуратурасы – 4,
- — ЖАТ органдары менен мекемелеринде мыйзам сакталышына көзөмөл кылуу боюнча прокуратура – 1.
- Райондук/шаардык прокуратура органдары, тергөөгө чейинки текшерүү өндүрүшү токтотулган – 2.
- Мамлекеттик органдардын жоопторуна ылайык, 8 арыз боюнча жүргүзүлгөн текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча арыз берүүчүлөрдүн көрсөтүлгөн жүйөлөрү ырасталган эмес. Алардын ичинен:
- — Райондук/шаардык прокуратура органдары – 4,
- — Аскер прокуратурасы – 1,
- — ИИМ – 2,
- — УКМК – 1.
- Баяндама даярдалып жаткан мезгилде 21 арыз боюнча тергөөгө чейинки өндүрүштүн алкагында тергөө-текшерүү амалдары жүргүзүлүп жаткан:
- — Райондук/шаардык прокуратура органдары тарабынан – 19,
- — Аскер прокуратурасы – 1,
- — ЖАК – 1.

## КЫРГЫЗСТАНДЫН ЖАРАНДАРЫНЫН КЫЙНООДОН ЭРКИН БОЛУУ УКУГУН БАШКА МАМЛЕКЕТТЕРДИН АЙМАГЫНДА КОРГОО БОЮНЧА ИШ

Улуттук борбор 2022-жылы коңшу мамлекетте кыйноого кабылган Кыргыз Республикасынын жарандарын коргоо боюнча иштерди жүргүзгөн.

Казакстан Республикасында 2022-жылдын январь айында болгон массалык наразылык акциялары учурунда Кыргызстандагы белгилүү музыкант Викрам Рузахунов Казакстандын күч түзүмдөрүнүн кызматкерлери тарабынан кармалып, катуу сабалган. Кийинчерээк мамлекеттик телеканалдын эфириндеги видеорепортажда В.Рузахуновдун акчалай сыйлык үчүн башаламандыкка катышканын мойнуна алган видеосу жарыяланган.

Ошол эле учурда анын бетинде жаракаттын издери айкын көрүнүп турган. Бул факт коомдо чоң резонанс жаратып, кыйноолор колдонулгандыгы жөнүндө шек жараткан. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын көмөгү менен ал Мекенине кайтарылып, 2022-

жылдын 10-январында БТОИИБнын жандандыруу бөлүмүнө жаткырылып, кийин хирургия бөлүмүнө которулган.

2022-жылдын 20-январында Улуттук борбордун ишке тартылган эксперти Б.Барыктабасова тарабынан В.Рузахуновго медициналык кароо жүргүзүлүп, Стамбул протоколунун принциптерине ылайык медициналык документтештирүүнүн формасы толтурулган.

2022-жылдын 21-январында Улуттук борбордун кызматкерлери В.Рузахунов сыяктуу эле январь окуясында Казакстан Республикасынын укук коргоо органдарынын кызматкерлери тарабынан кармалып, сабалган Ч.Сыдыковго ооруканага барып жолугушкан. Ага да Стамбул протоколунун принциптерине ылайык медициналык күбөлөндүрүү жүргүзүлгөн.

2022-жылдын 8-февралынан 11-февралына чейин Акыйкатчынын (Омбудсмендин) Аппаратынын жана Улуттук борбордун делегациясы январь окуясында кармалган Кыргыз Республикасынын жарандарынын укуктарын коргоо максатында Казакстан Республикасына жөнөп кеткен. Сапардын жүрүшүндө КАУБ директору Б.Рысбеков жана Казакстан Республикасынын Адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Э.Азимова Тараз шаарындагы №13 тергөө изоляторуна бирге барып, ал жерде Кыргызстандын жараны Т.Т. камакта отургандыгын аныкташкан. Т.Т. 2022-жылдын 6-январында досторунун өтүнүчү менен Тараз шаарына бузулган унааны сүйрөтүп кетүү үчүн баргандыгын айткан.

Ошол учурда тополоң болуп жаткан шаардын борбордук аянтынан өтүп бара жатып, анын колуна ок тийген жана тез арада шаардык ооруканага жаткырылган. 14-январь күнү милиция кызматкерлери Т.Т.ны ооруканадан алып чыгып, РИИБнин имаратына алып барып, ошол жерден сабап башташкан. Ошол эле түнү, түн ортосуна жакын аны бошотушкан. Бирок, үйгө бара жаткан жолдо Т.Т. кайрадан кармалган, анткени «коменданттык саатка» туш болгон. Ошондон тарта ал полициянын абагында беш күн камакта болуп, андан соң гана кайра бошотулган.

2022-жылдын 28-январында полиция кызматкерлери Т.Т.нын үйүн тинтүүгө алып, анын жүрүшүндө килемдин астынан төрт ок табышкан. Массалык баш аламандыкка катышкан деген жүйө менен ага жазык ишин козгоп, ал Тараз шаарындагы №13 ТИЗОго киргизилген.

Бул иш Казакстан Республикасынын Адам укуктары боюнча ыйгарым өкүлүнүн жана Казакстан прокуратурасынын көзөмөлүнө алынган.

2022-жылдын 9-февралында Алматы шаарында Улуттук борбордун директору Б.Рысбеков Алматы шаарынын прокурорунун орун басары Н.Ауганбаев менен жолугушкан. Жолугушуунун жүрүшүндө Казакстандын аймагында кылмыш жасоого шектелип кармалган Кыргыз Республикасынын жарандарынын укуктарын сактоо маселелери талкууланган.

Н.Ауганбаев Кыргызстандын жарандары Ч.Сыдыков менен В.Рузахуновдун иштерин Казакстан Республикасынын прокуратурасы өзгөчө көзөмөлгө алгандыгын белгилеген.

Төмөндө Улуттук борбордун практикасынан мисалдар келтирилген.

(1) С.М. иши

2022-жылдын 12-майында Бишкек шаарынын шаардык ички иштер башкармалыгын убактылуу кармоочу жайына барган мезгилде камералардын биринде отурган С.М.дин денесине зыян келтирилип, ар кандай тактар бар экендиги аныкталган. Баарлашуу учурунда ал 2022-жылдын 5-майында Бишкек шаарынын Биринчи Май ИИБ кызматкерлери тарабынан кармалгандыгын айткан. Аны 5-шаардык милиция бөлүмүнө алып келип, кыйнап, башына полиэтилен баштык кийгизип, курсак тушуна уруп-сабашкан. Ал кыйноолорго чыдабай, жасабаган кылмышты мойнуна алган көрсөтмөлөрдү берген.





7-12 сүрөт. С.М.дин денесиндеги зыян келтирүүлөрдүн издери.





(2) <u>А.Р. иши</u>

2022-жылдын 16-июнунда саат 23.00дө «КАУБдун түз байланышынын” номерине Аламүдүн районунун ички иштер бөлүмүндө кармалган А.Р.ди кыйнап жаткандыгы тууралуу кабар келип түшкөн. Ошол эле күнү Улуттук борбордун кызматкерлери А.Р. менен жолуга алган эмес, анткени ыкчам кызматкерлер аны башка РИИБга алып кетишкен.

Кийинки күнү Улуттук борбордун кызматкерлери Москва районунун ички иштер бөлүмүнүн убактылуу кармоочу жайынын ар бир камерасына кирип жатып, акыры А.Р.ди таап, аны менен баарлашып чыгышкан. Анын сөзүнө караганда, бир күн мурда аны милиция кызматкерлери кармап, Аламүдүн районунун ИИБсына алып барып, кабинетке алып кирип эле сабай башташкан. Колдорун гезит менен ороп туруп, үстүнөн кишен салышкан. А.Р. ошондой эле аны башына китеп менен чабышканын, полиэтилен пакетти башына кийгизип, тумчуктурушканын, ошол эле убакта көкүрөк тушуна уруп, сабашканын айткан.

Дарыгер анын денесинен аныкталган зыян келтирүүлөрдү “Стамбул протоколунун” принциптерине ылайык медициналык текшерүү формасында документтештирген.





13-15-сүрөт. А.Р.дин денесиндеги зыян келтирүүлөрдүн издери

(3) <u>А.Ш. иши</u>

2022-жылдын 25-февралында саат 14.30да «КАУБдун түз байланышынын” номерине аты-жөнүн айтпаган белгисиз адам (аноним) чалып, Бишкек шаарынын Биринчи Май районунун ШМБ-5 кызматкерлери тарабынан шектүү А.Ш.га карата мыйзамсыз- иш-аракеттер болгондугуна даттанган. Ошол эле күнү КАУБ кызматкерлери  аталган ШМБга барып, А.Ш. менен жолугушкан.

Анын сөзүнө караганда, 2022-жылдын 24-февралында аны милиция кызматкерлери кармап, Биринчи Май районунун ШМБ-5ке алып барып, ал жерде тергөөчүнүн кабинетинде Максат деген милиция кызматкери жана ысымдары эсинде калбаган дагы үч кызматкер эч кандай себепсиз эле аны уруп-сабап башташкан. Ага жолуккан мезгилде ал башы ооруп жаткандыгына жана бөйрөк тушу жана бардык денеси ооруксунуп калгандыгына даттанган.





16-18-сүрөт. А.Ш.нын денесиндеги зыян келтирүүлөрдүн издери.

Д.Дж.иши

2022-жылдын 24-октябрында Бишкек шаарынын ШИИБ УКЖга алдын алуучу максатта барган учурда административдик укук бузууга айыпталып кармалган Б.Д.нын денесинде, бетинде жана башында жаракаттын көзгө даана көрүнгөн издери жана гематомалар бар экендиги аныкталган. Б.Д., Биринчи Май районунун ИИБ кызматкерлери тарабынан ага кыйноолор колдонулгандыгы жөнүндө билдирген.




19,20-сүрөт. Б.Д.нын бетиндеги жана денесиндеги зыян келтирүүнүн издери.

(4) А.О.иши

2022-жылдын 15-ноябрында “КАУБ түз байланышынын” номерине Жалал-Абад облусунун Ноокен районунун ИИБнын милиция кызматкерлери тарабынан N. аттуу жаранга карата ырайымсыз кыйноолор колдонулгандыгы жөнүндө кабар келип түшкөн.

Ошол эле күнү Улуттук борбордун кызматкерлери белгиленген УКЖга барып, аталган жаранды таап, анын денесинде көптөгөн жаракаттардын издери бар экендигин аныкташкан. Баарлашуу учурунда ал ага карата өтө ырайымсыз кыйноолор колдонулгандыгын, анын ичинде Ноокен районунун ИИБ кызматкерлери аны дубинканы колдонуу менен зордукташкандыгын айткан.

Улуттук борбордун тобу ошол замат “тез жардам” кызматын чакырышкан. Медиктер келген мезгилде көчөдө жабырланган тараптын туугандары чогулуп алып, дарыгерлерди УКЖга киргизбей коюшкан. Бул жагдайда милициянын жооптуу кызматкерлери эч кандай чара көрбөстөн, кыйыр түрдө Улуттук борбордун ишмердигине жана УКЖдагы адамга медициналык жардам көрсөтүлүшүнө тоскоолдук жаратышкан. Ноокен районунун ИИБ начальнигинин орун басары милициянын подполковниги Азамат Тагаев жабырланган тараптын туугандарын Улуттук борбордун кызматкерлерине каршы тукуруп, аларга шыкак берип турган. А.Тагаев чогулган адамдарга “Улуттук борбордун кызматкерлери адам өлтүргүч жана маньяктын укугун коргошот” деп айткандыктан, чогулгандар кыжырданып, ызы-чуу чыккан. Ошондуктан, жабырлануучунун туугандары агрессивдүү боло баштагандыктан улам Улуттук борбордун кызматкерлери менен “тез жардам” кызматынын дарыгерлери кетип калууга мажбур болушкан.



21-26-сүрөт. N. Денесиндеги зыян келтирүүлөрдүн издери.



(5) <u>Б.Э. иши</u>

Улуттук борбордун кызматкерлерине Б.Э. аттуу жаран кайрылган. Анын сөзүнө караганда, 2022-жылдын 27-сентябрында милиционерлер аны Ош шаардык ИИБнын “Ак-Буура” шаардык милиция бөлүмүнө алып келип, ал жерде №12 кабинетте милициянын аял кызматкери аны колдоруна жана аркасына белгисиз нерсе менен койгулап, ургулаган. Кийинчерээк кабинетке анын кесиптештери кирип, Б.Э.нин сандарына, курсагына жана жамбашына тепкилешкен. Ошондой эле сөгүнүп, Б.Э.нин улутуна асылып, жаман сөздөр менен кемсинтишкен.



27,28-сүрөт. Б.Э.нин денесиндеги зыян келтирүүлөрдүн издери.


## В. Катаал мамиле жасалгандыгы жөнүндө арыздар

2022-жылы Улуттук борборго 62 адам аларга катаал мамиле жасалгандыгы боюнча арыз менен кайрылган, бул 2021-жылга салыштырмалуу 32 пайызга көптүк кылат.

Акыркы эки жыл ичинде өлкөнүн ар кайсы аймактарында келип түшкөн арыздардын катышында да олуттуу айырмачылык байкалган. Алсак, жабык мекемелерде кармалган адамдардан катаал мамиле жасалгандыгы тууралуу келип түшкөн билдирүүлөрдүн саны Чүй облусунда - 10%, Жалал-Абад облусунда - 5%, Ош облусунда - 9% көбөйгөн.

Бишкек шаарында өткөн жылга салыштырмалуу мындай билдирүүлөрдүн саны 15% азайган. Башка аймактарда көрсөткүчтөр дээрлик өзгөрүүсүз калган.

16-диаграмма. 2021-2022-жылдары катаал мамиле жасалгандыгына даттануулардын санынын катышы региондор боюнча




Катаал мамиле жөнүндө даттануулардын эң көп саны (46%) ЖАК кызматкерлери тарабынан жасалган ырайымсыз мамилеге байланыштуу болгон.


Ар бир үчүнчү арыз берүүчү (31%) ИИМге караштуу болгон мекемелердин кызматкерлеринин катаал мамилесине даттанган.

Арыздардын 11% УКМКнын кызматкерлерине даттанууга байланышкан.

Саламаттык сактоо министрлиги менен ЭСКжММ кызматкерлерине даттангандардын саны ар бири үчүн 3% түзгөн.

Билим берүү жана илим министрлигинин, прокуратура кызматкерлеринин, ӨКМ аскер кызматкерлеринин иш-аракеттерине карата бирден арыз түшкөн.

17-диаграмма. 2022-жылы келип түшкөн катаал мамиле жасалгандыгы жөнүндө арыздардын санынын катышы министрликтер менен ведомстволор боюнча



Улуттук борбордун катаал мамиле жөнүндөгү кайрылууларын карап чыгуу боюнча төмөнкүдөй чечимдер кабыл алынган:

- КР ЖПКнын 27-беренесинин негизинде 23 арыз боюнча жазык ишин козгоодон баш тартылган. Алардын ичинен:
  - Райондук /шаардык прокуратура органдары – 14,
  - Аскер прокуратурасы – 1,
  - ЖАТ органдары менен мекемелеринде мыйзамдардын сакталышына көзөмөл кылуу боюнча прокуратура – 8.
- Райондук /шаардык прокуратуралар, тергөөгө чейинки текшерүү өндүрүштөн токтотулган - 2.
- Мамлекеттик органдардын жоопторуна ылайык, 9 арыз боюнча өткөрүлгөн текшерүүлөрдүн жыйынтыктары боюнча арыз ээлери белгилеген жүйөлөрү ырасталган эмес. Алардын ичинен:
  - ЖАТ органдары менен мекемелеринде мыйзамдардын сакталышына көзөмөл кылуу боюнча прокуратура – 5,
  - КР Юстиция министрлигине караштуу ЖАК – 3,
  - ИИМ – 1.
- Текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча 2 арыз кароосуз калтырылган:
  - ЖАТ органдары менен мекемелеринде мыйзамдардын сакталышына көзөмөл кылуу боюнча прокуратура – 1,
  - КР Юстиция министрлигине караштуу ЖАК – 1.
- Прокуратура органдары тарабынан 3 арызды текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча эркинен ажыратуу жана чектөө жайларынын кызматкерлери “сөгүш” түрүндөгү тартиптик жазага тартылышкан.
- Баяндама даярдалып жаткан мезгилде 10 арыз боюнча тергөөгө чейинки өндүрүштүн алкагында төмөнкү мекемелер тарабынан текшерүүчү иш-чаралар жүргүзүлгөн:
  - Райондук/шаардык прокуратуралар – 5,
  - ЖАТ органдары менен мекемелеринде мыйзамдардын сакталышына көзөмөл кылуу боюнча прокуратура – 4,
  - Аскер прокуратурасы – 1.

2 арыз боюнча, прокуратура органдарынын көмөгү менен адамдар камактан бошотулган:

- 1 арыз боюнча, соттолгон адамды Кызыл-Жар айылындагы РПОго которууга ЖАК тарабынан көмөк көрсөтүлгөн.

Улуттук борбордун көмөгү менен 7 арыз боюнча арыз берүүчүлөр квалификациялуу медициналык дарылануудан өтүшкөн:

- ЖАК – 5,
- УКМК – 2.

Үч арыз берүүчү буга чейин алардын туугандары жазган арыздардан баш тартышкан.

Төмөндө Улуттук борбордун практикасынан алынган ырайымсыз мамиленин мисалдары берилген.

(6) <u>А.Р. иши</u>

Улуттук борбордун Ош шаары жана Ош облусу боюнча аймактык өкүлчүлүгүнө Ош облустук психиатрия жана наркология ооруканасынын санитары бейтап аялды сабап койгондугу тууралуу маалымат келип түшкөн. Улуттук борбордун кызматкерлери ошол замат аталган мекемеге барып, жабырлануучу менен баарлашкан.

Уруп-сабоонун издери аныкталып, акт түзүлгөн. Бейтаптын туугандары ырайымсыз мамиле жасалгандыгы жөнүндө арыз жазышкан. Кийинчерээк “Стамбул протоколунун” принциптерине ылайык Медициналык текшерүү формасы толтурулган.



29-сүрөт. А.Р.нын денесиндеги зыян келтирүүлөрдүн издери.

(7) А.А. иши

Талас облустук ооруканасынын жаракаттар бөлүмүндө болгон учурда Улуттук борбордун Талас облусу боюнча аймактык өкүлүнө Казакстан Республикасынын жараны А.А. арыз менен кайрылган. Ал 2022-жылдын 2-февралында кечинде Кыргызстандын чек арасынан мыйзамсыз өткөндүгүн айткан. Өтүп бараткanda аны поезд коюп кетип, сол колунан жаракат алган. Түнкү саат бирде аны чек арачылар кармап алып, УКМКнын райондук бөлүмүнө жеткиришкен. А.А.нын сөзүнө караганда, УКМКнын тергөөчүсү аны жактоочусун катыштырбай туруп 2-3 саат бою суракка алган. Анын апасына да өз убагында кабарланган эмес. А.А. 3-4-февралда, эки сутка бою УКМК башкармалыгынын имаратындагы кабинеттеги стол менен отургучтардын үстүнө жатып уктагандыгын айткан, ага медициналык жардам да көрсөтүлгөн эмес.

5-февраль күнү эртең менен гана аны райондук ооруканага алып барышып, ал жерден алгачкы медициналык жардам көрсөтүшкөн жана Талас шаардык УКЖга отургузушкан. Анын сол колуна хирургиялык операция жасалган.





30, 31-сүрөт. А.А.нын колдору менен буттарындагы жаракаттар.

(8) Э.Б. иши

2022-жылдын 8-июнунда Улуттук борбордун кызматкерлери КР Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин №86123 аскер бөлүгүнүн жоокерине жасалган ырайымсыз мамиле фактысы боюнча аталган жоокерге ал Бишкек шаарынын БТОИИБ дарыланып жаткан учурда жолугушкан.

Баарлашуу учурунда Э.Б. нөөмөттө турган учурда прапорщик Ж.Т. тарабынан акча талап кылуу максатында сабалгандыгын айткан.

Анын сөзү боюнча, жетекчи офицердик курам тарабынан аны уруп-сабоо, мазактоо иштери ал армияда кызмат кыла баштаган алгачкы күндөн тартып башталып, азыркыга чейин улануда. 2022-жылдын 2-июнунда түндө Э.Б. Беловодское ооруканасына жөнөтүлүп, ага ал жерден алгачкы диагноз – пневмония деп туура эмес коюлган. Кийинчерээк ал БТОИИБга жөнөтүлүп, аны кайрадан текшерген учурда ички органдары



жабыркагандыгы аныкталып, тез арада операция жасалган.

Ал жердеги дарыгерлер “Стамбул протоколунун” принциптерине ылайык Медициналык текшерүү формасын толтурушкан. Арыз тийиштүү материалдар менен коштолуп Аскер прокуратурасына жөнөтүлгөн.

32-сүрөт. Жабырлануучу Э.Б.

(9) А.О. иши

2022-жылдын 19-апрелинде «КАУБдун түз байланышынын” номерине анонимдүү телефон чалуу болуп, ЖАКтын №1 түзөтүү колониясынын кызматкерлери соттолгон А.О.ну сабап салышкандыгы кабарланган.

Улуттук борбордун кызматкерлери менен баарлашуу учурунда А.О. 2022-жылдын 18-апрелинде жогоруда белгиленген колониянын кызматкерлери аны текшеребиз деген шылтоо менен кармап, жерге жыгып, сабашкан. Андан кийин эч нерсе таппагандыктан кайра кое беришкен. Администрацияга бара жаткан жеринен аны кайра кармап, сабап, айып изоляторуна (АИЗО) отургузушкан.

Бир аз убакыттан кийин ага колониянын кызматкерлери келип, арыз бербей турган болсо айып изоляторунан чыгарабыз дешкен. Бүт денеси ооруп тургандыктан А.О. буга макул болгон.

Улуттук борбордун кызматкерлери №1 колониянын медбөлүгүнүн фельдшеринин катышуусунда анын денесине зыян келтирилгендиги аныкталгандыгы тууралуу акт түзүшкөн.



33-35-сүрөт. А.О.нун колдорундагы, буттарындагы жана аркасындагы зыян келтирүүлөрдүн издери.

(10) У.Т. иши

2022-жылдын 18-апрелинде «КАУБдун түз байланышынын” номерине анонимдүү телефон чалуу болуп, №1 Токмок психоневрологиялык социалдык стационардык мекемесинде (Токмок ПССМ №1) санитар тарабынан У.Т. аттуу бейтап сабалгандыгы тууралуу кабарланган.

У.Т. Улуттук борбордун кызматкерлери менен баарлашуу учурунда 2022-жылдын 17-январында ал ажатканада тамеки тартып турган мезгилде Талантбек деген санитар эч кандай себепсиз эле оң көзүнүн үстүнө муштуму менен бир койгондугун айткан. Андан соң санитар аны Токмок шаарынын ооруканасындагы хирургга алып барып, жараатынын үч жерин тигишкен. У.Т. Социалдык стационардык мекеменин кызматкерлери аны биринчи жолу сабап жатышпагандыгын да белгилеген, бирок буга чейин ал бул тууралуу

эч кимге айткан эмес жана даттанган да эмес.




36,37-сүрөт. У.Т.нын бетиндеги жаракаттар.

(11) <u>А.Атамбаевдин иши</u>


2022-жылдын 24-мартында Жазаларды аткаруу кызматынын №47 түзөтүү колониясына атайын алдын алуу максатында барган кезде Улуттук борбордун кызматкерлери Кыргыз Республикасынын мурдагы президенти А.Атамбаев менен жолугушкан. Бир күн мурда, 2022-жылдын 23-мартында жазык ишин сотто кароо учурунда А.Атамбаев өзүн жаман сезип жаткандыгына, ден соолугунун абалына байланыштуу соттук отурумга катышуудан баш тарта тургандыгын жазуу жүзүндө билдиргендиги маалымдалган. Арызды ал колониянын начальнигинин нөөмөттөгү жардамчысына берген. Антсе да анын атайын арыз бергендигине карабастан, колониянын кызматкерлери (10 адамга жакын) аны камерадан күч менен сыртка, көчөгө сырткы кийимсиз жана жылаңаяк алып чыгышкан. Алар А.Атамбаевди кайтаруучуларга өткөрүп беришкен, кайтаруучулар аны атайын машинеге отургузуп, сотко мажбурлап алып келген.

## С. Камактагы жашоо-шартка даттануулар

Улуттук борбордун өткөн жылдардагы талдоолору көрсөткөндөй, КР Ички иштер министрлигинин убактылу кармоочу жайларында, КР Жазаларды аткаруу кызматынын тергөө изоляторлорунда жана түзөтүү мекемелеринде камактагылардын гумандуу жашоо-шартка, медициналык жардам алууга жана сапаттуу медициналык кызмат көрсөтүүгө ж.б. болгон укуктары бузулган практика уланууда.

2022-жылы Улуттук борборго камактагы канааттандырарлык эмес жашоо-шарттар боюнча даттанууларды камтыган 22 арыз түшкөн. Даттануулардын басымдуу бөлүгү (68%) ЖАК мекемелеринде, 28% - ИИМ мекемелеринде, бир арыз – УКМКда камакта отургандардан түшкөн.

18-диаграмма. 2022-жылы Улуттук борборго камактагы жашоо-шартка карата арыздардын саны министрликтер менен ведомстволор боюнча



Арыздарды кароонун жыйынтыгы боюнча төмөнкүдөй чечимдер кабыл алынды:

- бир арыз боюнча прокуратура органдары өндүрүштү токтотуу жөнүндө чечим кабыл алган,
- төрт арыз кароосуз калтырылган (ЖАК – 2, ЖАТ органдары менен мекемелеринде мыйзамдардын сакталышына көзөмөл кылуу боюнча прокуратура – 2),
- төрт арыз боюнча компетенттүү органдар тарабынан текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча арызда көрсөтүлгөн жүйөлөр ырасталган эмес (ЖАК - 1, ЖАТ органдары менен мекемелеринде мыйзамдардын сакталышына көзөмөл кылуу боюнча прокуратура - 1 , райондук прокуратура - 2),
- беш арыз боюнча арыз ээлеринин суроо-талабы канааттандырылган – арыз ээлерине ЖАК медициналык мекемелеринде дарылануууга уруксат берилген,
- бир арыз боюнча Кызыл-Жар айылындагы РПОго өткөрүп берүүгө көмөк көрсөтүлгөн;
- бир арыз боюнча прокуратура органдары тарабынан текшерүүнүн жыйынтыгына ылайык мекеменин кызматкерине “сөгүш” жарыялаган,
- бир арыз боюнча, соттолгон адамга экстрадициялоого көмөк көрсөтүлгөн;
- үч арыз боюнча талаптар канааттандырылган,
- баяндама даярдалып жаткан учурда эки арыз кароодо турган.

Улуттук борбор камактагы жашоо-шарттар боюнча айрым кейстерди иргеп алып, мисал катары белгилейт:

(1) № 52870 аскердик бөлүгү

Улуттук борбор алдын алуу максатында барган учурларда кызмат өтөөнүн өтө начар жашоо-шарттарына күбө болгон: казарманын шыбы жана дубалдары көгөрүп кеткен, имараттын ичи өтө ным абалда экени билинген.

Медпунктта алгачкы жардамдын аптечкасы жана анафилактикалык шок учурунда керектелүүчү аптечка жок болгон. Талаалык аптечкада тийиштүү тизмеге ылайык 27 аталыштагы дары-дармек болушу керек болсо, анын 21и камтылган эмес. Медициналык таштандыларды жок кылуу боюнча талаптардын бузулгандыгы аныкталган. Жападан-жалгыз медициналык аппарат — «кварц лампасы» иштен чыккан.

Санитардык-гигиеналык ченемдердин сакталбагандыгы белгиленген: тамак-аштын үлгүлөрү алынган эмес, тамак-аш жайы кир абалда, стол, бычак, ошондой эле ар кандай азык-түлүк үчүн казандар менен идиш жуучу жайлар жок болгон. Андан тышкары, азык-түлүктөрдүн сертификаттары да болгон эмес. Тамак-ашты мөөнөттүү аскердик кызмат өтөгөн жоокерлер кезектешип жасап турушкан, мында алардын санитардык китепчелери жана тийиштүү адистиги жок болгон.

Мөөнөттү аскердик кызмат өтөгөн жоокерлер жөнөкөй гигиеналык каражаттар (самын, тиш пастасы, тиш щеткасы, сакал-мурут алуучу каражаттар, сүлгү) менен да жетиштүү камсыз кылынган эмес.

(12) ЖАКтын №2 мекемеси (аялдар колониясы)

2022-жылдын 25-июлунда №1 түзөтүү колониясынын обочолонгон катуу режимдеги аймагына алдын алуучу максатта барган учурда соттолгон аялдар уктоочу жайдагы адам чыдагыс ысыкка даттанышкан. Алардын айтымында, кечкисин абанын температурасы +40 градуска чейин көтөрүлүп, анын айынан жерге жатып уктоого мажбур болушат.

Улуттук борбордун кызматкерлери барган учурда уктоочу жайдын ичи өтө ысык болгон, бөлмөлөрдөгү термометр +32 градусту көрсөткөн.

Ошондой эле дайыма ичүүчү суу жетишсиз болуп, анын натыйжасында душка түшүүгө, кир жуугуч машинаны колдонууга мүмкүн болбой жаткандыгы боюнча да жамааттык даттануу болгон.

(13) ЖАКтын №10 мекемеси

2022-жылдын 20-июлунда Улуттук борбор алдын алуучу максатта барган учурда №10 түзөтүү колониясынын айып изоляторунда соттолгон адамды бир жарым ай бою мыйзамсыз камап койгон факты аныкталган.

Ошондой эле башка мыйзам бузуулар да катталган, атап айтканда: ашканада тамак жасап жаткан кызматкердин санитардык китепчесинин жоктугу, медициналык бөлүмдө анафилактикалык шок абалынан чыгаруучу каражаттар камтылган аптечканын жоктугу, алгачкы медициналык жардам көрсөтүү үчүн медициналык каражаттардын жоктугу, кварцтоо үчүн лампанын жоктугу ж.б. Камактагылардын денесиндеги зыян келтирүүлөрдү каттоо журналы жок болгон, ал эми стационардык оорулууларды каттоо журналында стационардык дарылануудан өтүп жаткан адамдар жөнүндө жазуулар болгон эмес. Мекеменин фельдшери журналды КАУБ кызматкерлеринин көзүнчө толтурган.

Андан тышкары, өрт коопсуздугунун эрежелери сакталбастан, медбөлүмдө ачык электр зымдары болгон.



38-сүрөт. №10 мекеменин медбөлүгүндөгү ачык электр зымдары.

(14) ЖАКтын №44 мекемеси (жатак колониясы)

2022-жылдын 15-сентябрында Улуттук борбор алдын алуу максатында барган учурда соттолгондор бир катар олуттуу даттануулар менен кайрылышкан:

- Мекемеден жакын арада мөөнөтүнөн мурда шарттуу бошотулууга (МШБ) тийиш болгон соттолгон адамдарды мекеменин кызматкерлери “мыйзам бузду деген жалган себеп менен айып изоляторуна отургузуп коюшат”, мунун натыйжасында мөөнөтүнөн мурда шарттуу бошотуу мөөнөтү дагы бир жылга узартылат.
- Бардык соттолгондор келишимдин негизинде аз өлчөмдөгү акы үчүн ар кандай жумуштарды аткарышат: пансионаттарда, кирпич заводунда иштешет, ири мүйүздүү мал багышат же талаада иштешет. Арыз ээлеринин айтымында, кээде колониянын жетекчилери алардын айлыгынын жарымын алып коюшат.
- Мындан тышкары, алардын макулдугусуз эле жатак колониядагыларды прокурорлордун жана башка кызматтагы адамдарынын үйлөрүнө алып барып, бекер жумушчу катары пайдаланышат. Мисал катары аларды Ысык-Көл облусунун прокурорунун жардамчысынын үйүнө кантип алып барышканы жөнүндө айтышкан. Өз кезегинде, прокуратуранын кызматкери Текшерүүлөр журналында ай сайын бул жатак колониясында эч кандай мыйзам бузуулар болбогондугун жаза берет.
- Мамлекет тарабынан бөлүнгөн азык-түлүктөр соттолгондорго толук түрдө жетпей калат. Алардын айтымында, алар такай келишим боюнча жумушта иштеп келишет. Жатак колониясындагылар белгилеген жобого ылайык, соттолгондор келишим боюнча ишке тартылса, анда иш берүүчү аларды тамак-аш менен камсыздайт. Бирок бул мыйзам бузуу болуп саналат, анткени соттолгондор келишим менен ишке барса, мамлекет аларга тамак-ашты толугу менен бөлүп берүүгө милдеттүү.

2022-жылдын 18-октябрында алдын алуу максатында баруунун жүрүшүндө Улуттук борбор тарабынан бир катар мыйзам бузуулар аныкталган:

- Жатак колонияда бир гана соттолгон адам болгон. Бардык азык-түлүк кайда кетип жаткандыгы жөнүндө суроого мекеменин жетекчилиги жооп бере алган эмес.
- Санитардык ченемдер жана кампада тамак-ашты сактоонун ченемдери сакталган эмес. Толук антисанитардык абал белгиленген (полдун бардык жеринде кемирүүчүлөрдүн заңы чачылган).
- Муздаткычтын ичи бош болгон. Болгону ун жана жүгөрү акшагы салынган каптар болгон. Азык-түлүк кампасын текшерүүдө тендердик документацияда көрсөтүлгөн азык-түлүктөр болгон эмес. Кампа башчысы соттолгондор үчүн этти өз үйүндө сактай тургандыгын айткан.

Ошону менен бирге, бардык аныкталган мыйзам бузууларга карабастан, Чолпон-Ата шаарынын прокурорунун жардамчысы ай сайын Текшерүү журналында аталган мекемеде эч кандай мыйзам бузуулар жок экендигин белгилеп турган.

Белгилей кетсек, КАУБга мыйзам бузуулар тууралуу билдирген соттолгон адам менен сүйлөшүүгө дароо эле мүмкүндүк болгон эмес, анткени колониянын жетекчилиги анын кайда экендиги жөнүндө улам жалган маалымат берип, бул жолугушууга болушунча тоскоолдук кылууга аракет кылган. Соттолгон адамдын өздүк иши менен таанышууда чындыкка дал келбеген себептер боюнча ага карата тартиптик жазалар чегерилгендиги аныкталган.



39-сүрөт. №44 жатак колониясындагы турак-жа

## КАМАККА АЛЫНГАН АДАМДАРДЫ АТАЙЫН КАБЫЛ АЛУУ ЖАЙЫНДАГЫ ЖАНА КАМАКТА КАРМОО ЖАЙЫНДАГЫ ЖАШОО-ШАРТТАРЫ ТУУРАЛУУ СУРАМЖЫЛОО

Он жылдан ашык убакыттан бери өлкөдө сот жана укук коргоо тутумдары реформаланууда. Бул реформанын алкагында 2021-жылдын 28-октябрында Кыргыз Республикасынын жаңы “Укук бузуулар жөнүндө” кодекси күчүнө кирди.

Ушул Кодекстин 33-беренесин ишке ашыруу максатында 2022-жылдын 7-февралында Министрлер Кабинетинин Төрагасы «Камакка алынган адамдарды кармоо жайларынын иштөө тартибин жана камакка алынган адамдардын жашоо-шартына коюлган талаптарды бекитүү жөнүндө» №55 токтомуна кол койгон. Ушул эле документ менен Камакка алынган адамдарды кармоо жайларынын иштөө тартиби жана камакка алынган адамдардын жашоо-шартына коюлган талаптар бекитилген.

Токтомдо Улуттук борбордун ишмердигине тийиштүү болгон бир катар пункттар бар экендигин белгилеп коюу керек. Анын ичинде, токтомдун 25-пунктуна ылайык, «*Эгерде камакка алынган адамдын атайын кабыл алуу жайында же нөөмөт бөлүгүнүн жайларында камакта жаткан учурда денесине залал келтирилгени же каза болгондугу аныкталса, кезметчи дароо медициналык тез жардам бригадасын чакырат жана бул тууралуу прокуратура органдарына жана кыйноолорду жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүн алдын алуу боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук борборунун аймактык өкүлчүлүктөрүнө, ошондой эле Кыргыз*

*Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменин) ыйгарым укуктуу өкүлчүлүктөрүнө билдирет.»*.

Андан тышкары, 51-пунктка ылайык, «*Камакка алынган адамдарды кармоо үчүн атайын кабыл алуу жайларына же нөөмөт бөлүктөрүндөгү жайларга Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасы жана депутаттары, Кыргыз Республикасынын Башкы прокурору, анын орун басарлары жана көзөмөлдөөчү прокурор, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмен), анын орун басарлары жана Акыйкатчынын (Омбудсмен) Аппаратынын ыйгарым укуктуу кызматкерлери, ошондой эле Кыйноолорду жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүн алдын алуу боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук борборунун өкүлдөрү атайын уруксатсыз кирүүгө укуктуу*».

Жазык кодексинин кабыл алынышы менен өлкөдө мурда айып салуу түрүндө жаза колдонулуп келген анча оор эмес жосундар жана тартип бузуулар үчүн чегериле турган жазалар катаалдантылды. Мисалы, административдик камакка алуу чарасы киргизилген. Эми майда бейбаштык болуп саналган коомдук жайларда сөгүнгөн сөздөрдү колдонуу, ошондой эле милиция кызматкеринин мыйзамдуу талабына баш ийбөө үчүн соттун чечими боюнча жети суткага чейин камакка алынышы мүмкүн.[27]

Ошол эле учурда мындай сотко чейинки административдик камакка алуунун мөөнөтү үч сааттан ашпоого тийиш экендигин, бирок өзгөчө учурларда бул мөөнөт 48 саатка чейин узартылышы мүмкүн экендигин эстен чыгарбоо керек.[28] Башкача айтканда, адам күнөөлүү же күнөөсүз деген чечим чыга электе эле эки суткага эркинен ажыратылышы мүмкүн.

Бул жерде айта кетчү нерсе, мурдагы “Бузуулар жөнүндө” кодексте жазанын эки гана түрү – айып пул жана эскертүү камтылган болчу. Жаңы документке кошумча чаралар – коомдук жумуштар жана жети суткага чейин административдик камакка алуу чаралары киргизилген.

Жаңы Кодексте административдик камакка алуу үчүн негиздемелердин толук тизмеси камтылган. Майда бейбаштык үчүн гана эмес, тынч чогулуштарды өткөрүүнүн мыйзамда белгиленген тартибин бузгандыгы, коомдук жайларда спирт ичимдиктерин ичкендиги же коомдук жайларга мас абалында баргандыгы, адамдын ар-намысына жана коомдук адеп-ахлакка шек келтиргендиги үчүн да административдик камакка алынышы ыктымал.

Белгилей кетсек, буга чейин бардык укук бузуулар үч кодексте – Бузуулар жөнүндө кодексте (курулуш, экологиялык ченемдерди, жол кыймылынын эрежелерин бузуу ж.б.), Жоруктар жөнүндө кодексте жана Жазык кодексинде категориялар боюнча бөлүштүрүлгөн болчу.

Жоруктар жөнүндө кодекс Кыргызстанда журналисттин мыйзамдуу кесиптик ишмердигине тоскоол болуу, кош бойлуу аялды жумуштан кетирүү, порнографиялык мүнөздөгү предметтерди таратуу, майда бейбаштык, майда уурулук ж.б. кылмыш эмес экендигин түшүнүү калыптанган мезгилде, 2017-жылы ишке киргизилген,

Ошол эле учурда Жазык кодексинде камтылган анча оор эмес кылмыштар үчүн эркинен ажыратуу түрүндө жаза каралган эмес.[29] Жоруктар жөнүндө кодекс күчүн жоготкондон кийин жоруктардын айрымдары Жазык кодексине, айрымдары –Укук бузуулар жөнүндө кодекске киргизилген.

Башкача айтканда, майда, бирок жазык кылмыштары үчүн айып пул жана коомдук жумуштар гана дайындалат, ал эми административдик укук бузуулар үчүн - камакка алуу белгиленген, мындай жоболор логикага анча шайкеш келбей тургандыгы анык эмеспи.

[27] Кыргыз Республикасынын “Бузуулар жөнүндө кодекси”. 33-берене.
[28] Ошол эле жерде. 526-берене, 2-бөлүк.
[29] КР Жазык кодексинин 19-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, «анча оор эмес кылмыштарга алар үчүн эркинен ажыратуу түрүндөгү жаза чегерилбей турган атайылап же кокустуктан жасалган кылмыштар кирет».

КР Ички иштер министрлигинин Коомдук коопсуздук кызматынын Ыкчам башкаруу борборунун[30] маалыматы боюнча, республикада 57 ички иштер бөлүмү бар, алардын ар биринде административдик камакта кармоо камералары бар. Андан тышкары, Бишкек жана Ош шаарларында эки кабыл алуу-бөлүштүрүү жайлары жайгашкан.

Жазанын мындай түрү мурда эле бар болчу жана Улуттук борбор тарабынан көптөгөн суроолорду жараткан, анткени камакка алынган адамдар Бишкек жана Ош шаарларындагы кабыл алуу-бөлүштүрүүчү жайларда, ал эми башка региондордо эч кандай шарты бул үчүн каралбаган убактылуу кармоочу жайларда өтөшкөн. Жети күн ушундай шартта болуу – өтө оор жаза болуп эсептелет.

Улуттук борбор белгилегендей, мыйзамдарда адамдарды мажбурлап кармоо жайларына квалификациялуу көзөмөлдү камсыздоо боюнча чаралар каралганына карабастан, Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын аймактык бөлүмдөрүнүн нөөмөт бөлүмдөрүндөгү бардык жайлар камакка алынган адамдарды камакта кармоо шарттары мыйзамдардын талаптарына, атап айтканда, КР Министрлер Кабинетинин токтому менен бекитилген Камакка алынган адамдарды кармоо жайларынын иштөө тартиби жана камакка алынган адамдардын жашоо-шартына коюлган талаптарга туура келбейт.

Кабыл алуу-бөлүштүрүү жайларын мурда алар кандай формада болсо, ошол бойдон кайтаруу катаал жана адамгерчиликсиз мамиле жасоого тете болуп саналат. Кабыл алуу жайларын калыбына келтирүү үчүн акча талап кылынат. Ошондой эле көп сандаган «тартип бузгандарды» камакта кармоо үчүн да (тамак-аш, кийим-кече, бут кийим, кызматкерлердин айлык акысы, коммуналдык кызмат көрсөтүүлө ж.б.) каражат керек болот.

Бүгүнкү күндө административдик камакка алынган бир адамдын тамак-ашына күнүнө орточо эсеп менен 157 сом талап кылынат, б.а. бир адамды жети күндүк камакка алуу, орточо эсеп менен, салык төлөөчүлөр үчүн 1100 сомго жакын чыгым алып келет.

Сот органдарынын 2022-жылдагы статистикасына ылайык[31], биринчи инстанциядагы соттор тарабынан 1438 адамга карата административдик камакка алуу жазасы колдонулган.

2022-жылы Улуттук борбор тарабынан "Азаттык үнү" коомдук фонду менен биргеликте жүргүзүлгөн атайын алдын алуучу максаттагы баруулардын жүрүшүндө ички иштер органдарынын бардык аймактык бөлүмдөрүндө камакка алынган адамдарды кармоо үчүн бирден гана тийиштүү жай бар экендиги аныкталган. Бул жайлар желдетүү жана жылытуу тутумдары менен жабдылган эмес. Бөлмөлөрдүн кароочу терезелери металлдан жасалган. Көпчүлүк жайларда терезелер жок, бул адамдын жашоосу үчүн маанилүү болгон шарттардын - табигый жарыктын жана таза абанын жоктугуна алып келет.

Ошондой эле гигиена, санитария жана өрт коопсуздугунун талаптарына жооп берген тиричилик шарттары түзүлгөн эмес.

Республиканын бардык ички иштер бөлүмдөрүнө алдын алуу максатында барган учурда Улуттук борбордун кызматкерлери алардын басымдуу көпчүлүгүндө төмөнкүдөй мыйзам бузуулар орун алгандыгын белгилешкен:

1) Жогоруда белгиленген бардык ИИБда камакка алынган адамдарды кармоо үчүн бирден жай бар жана алардын баары УКЖнын ичинде жайгашкан. Камакка алынган адамдарды кармоо үчүн бардык жайлар механикалык жана/же табигый желдетүү тутуму менен жабдылган эмес.
2) Жайлардын кароо терезелери металлдан жасалган.
3) Жылытуу тутуму, абаны желдетүү жана кондициялоо жайлардын зарыл болгон микроклиматын камсыздай албайт. Жайлардагы жылытуу радиаторлору корголгон эмес, ал эми айрым ИИБда таптакыр коюлган да эмес. Маселен, Ысык-Көл районунун Чолпон-Ата шаарынын ИИБ тарабынан камакка алынган адамдарды кармоочу жайда жылытуу батареялары жок. Ошондой эле Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз райондук ИИБнын ушундай жайында да жылытуу батареялары жок, анын үстүнө камакка

[30] КР ИИМ Коомдук коопсуздук кызматынын Ыкчам башкаруу борборунун 23.05.2022-жылдагы №11-1/241 каты.
[31] Жогорку соттун 13.02.2023-жылдагы чыгыш №01-22/248 жообу

алынгандар отурган бул бөлмөдө башка иши тергелип жаткан-камалган адамдар сейилдөөчү короого өтө турган өтмө эшик жайгашкан.

4) Жайларда сигнализация жана видеокөзөмөл камералары орнотулган эмес.
5) Табигый жана жасалма жарыктандыруунун деңгээли гигиеналык ченемдерге жооп бербейт. Айталы, Каракол ШИИБ тарабынан камакка алынган адамдарды кармоочу жайда терезелер жок, бул табигый жарыктын жана таза абанын жетишсиздигине алып келет. Балыкчы шаарынын ИИБ тарабынан камакка алынган адамдарды кармоочу жайда электр жарыгы жана терезелер жок.
6) Көкөй айылында мурда буюм далилдерин сактоо үчүн колдонулган 1,0х2,0 м өлчөмүндөгү терезеси жок бөлмө камакка алынган аялдар үчүн камера катары пайдаланылат.
7) Камакка алынган адамдарды кармоо үчүн бардык жайларда ченемдик укуктук актыларда белгиленген гигиена, санитария жана өрт коопсуздугунун талаптарына жооп берген тиричилик шарттары түзүлгөн эмес.
8) Штамп, мөөр, бланктары жок.

Ошентип, республиканын ички иштер органдарынын аймактык бөлүмдөрүнүн нөөмөт бөлүмдөрүндөгү бардык жайлар мыйзамдарда каралган талаптарга жооп бербейт. Камакка алынган адамдарды (административдик кармалгандарды) кармоо үчүн жайлар (камералар) УКЖнын ичинде, башка иши тергөөдө болгон камактагы адамдар, оор жана өзгөчө оор кылмыштарга шектелгендер жана айыпталгандар жайгашкан жерде, же ИИБнын нөөмөт бөлүмдөрүндө жайгашкан.

Жогоруда белгиленген фактылар ички иштер чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан Камакка алынган адамдарды кармоо жайларынын иштөө тартиби жана камакка алынган адамдардын жашоо-шартына коюлган талаптар бузулуп жаткандыгын тастыктап турат.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги №201 токтому менен бекитилген санитардык-эпидемиологиялык эрежелер менен ченемдер да бузулууда. Алсак, бул документке ылайык, камакка алынган адамдарды кармоо үчүн атайын кабыл алуу жайларында жана нөөмөт бөлүмдөрүндөгү жайларда өз-өзүнчө кармоо үчүн (жыныс белгиси, ден соолугунун абалы боюнча) талаптар сакталган кеминде үч бөлмө жабдылууга тийиш.

- Камакка алынган адамдар кармала турган жайга төмөнкүдөй талаптар коюлат:
- бөлмөнүн температурасы Цельсий боюнча +18 градустан төмөн болбошу керек;
- караңгы кирген мезгилде электр жарыгы же энергиянын альтернативдүү булактары жандырылууга тийиш;
- ар бир бөлмөнүн аянты 6 чарчы метрден кем эмес болушу керек;
- жайдын дубалдары жылмакай шыбалып, жалпы коридорго кошулбашы керек;
- эшик сынбаган тунук оргайнектен жасалган кароо терезеси менен жабдылып, анын өлчөмү камакка алынган адамдарга байкоо жүргүзүүгө мүмкүндүк берүүгө тийиш;
- жайларда механикалык желдетүү жана табигый негизде иштеген соргуч желтедүү тутуму болууга тийиш;
- жайлардагы жылытуу радиаторлору жалпак темирден жасалган каптамалар же учтуу жерлери жок торлор менен корголот.

Жогорудагы мыйзам бузуулар боюнча Улуттук борбордун кызматкерлери тарабынан “Нельсон Мандела эрежелери” (БУУнун камактагыларга мамиле кылуунун минималдуу стандарттуу эрежелери) жана “Кылмыштарга шектелип же айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндө ” Мыйзамдын талаптары бузулгандыгы жөнүндө 25 акт түзүлгөн жана облустардын прокуратура органдары менен ИИБга жөнөтүлгөн.

Төмөндө мисал катары компетенттүү органдардын айрым жоопторун сунуштайбыз:

a. Бишкек шаарынын Свердлов райондук прокуратурасынын жообуна ылайык,[32] райондун прокуратурасы тарабынан жума сайын текшерүүлөр жүргүзүлүп, анын жүрүшүндө иши тергелип жаткан камактагы адамдар менен алардын укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин иш-аракеттерине даттануулары барбы же жокпу деген маселенин тегерегинде маектешүүлөр өткөрүлүп, текшерүү актылары толтурулуп турат.
b. Бишкек шаарынын Октябрь райондук прокуратурасынын берген жообуна ылайык,[33] райондун прокуратурасы тарабынан Бишкек шаарынын Октябрь РИИБнын нөөмөт бөлүмдөрүндө административдик камакка алынгандарды кармоонун шарттарына текшерүү жүргүзүлгөн. Текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча, райондук прокуратурага Бишкек шаарынын Октябрь РИИБдагы мыйзам бузууларды жоюу боюнча сунуштама киргизилген.
c. Бишкек шаарынын Ленин райондук прокуратурасынын жообуна ылайык,[34] Бишкек шаарынын Ленин РИИБда укук бузуучуларды камакта кармоо үчүн 1 камера бар. Анын санитардык аянты 4 чарчы метрди түзөт, камера бир баскыч м(кнопка) жана бир укук бузуучу уктай турган орун менен жабдылган (жууркан, 50 смден узун эмес сүлгүлөр). Ошондой эле Бишкек шаарынын Ленин РИИБнын аталган изоляторунда желдетүү тутуму жана терезелер, сейилдөө үчүн атайын шарттар түзүлгөн эмес. Талапка ылайык, укук бузуучуларды камакта кармоо үчүн үч камера бөлүнүп берилиши керек болчу. Жогоруда баяндалгандардын негизинде КР Башкы прокуратурасы тарабынан 04.08.2022-жылы КР Ички иштер министрлигине ченемдик укуктук актылардын бузулушун четтетүү боюнча сунуштамалар киргизилген.
d. Бишкек шаарынын Биринчи Май РИИБнын берген жообуна ылайык,[35] Бишкек шаарынын Биринчи Май РИИБда укук бузуучуларды камакта кармоо үчүн 1 камера бар. Анын санитардык аянты 12 чарчы метрден кем эмес, бардыгы стандартка жооп берет.
e. Жалал-Абад облусунун Сузак районунун прокуратурасынын жообуна ылайык,[36] облустун прокуратурасы тарабынан Сузак РИИБ начальнигинин наамына мыйзам бузууларды четтетүү боюнча жазуу жүзүндөгү сунуштама берилген.
f. Талас облусунун Талас райондук прокуратурасынын жообуна ылайык,[37] текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча райондук прокуратура тарабынан Талас РИИБ начальнигинин наамына мыйзам бузууларды четтетүү боюнча сунуштама берилген.
g. Ноокат, Кара-Кулжа, Алай, Өзгөн жана Кара-Суу райондорунун прокуратураларынын жоопторуна ылайык, текшерүүнүн жыйынтыгы менен мыйзам бузууларды жоюу жана күнөөлүүлөрдү тартиптик жоопкерчиликке тартуу боюнча сунуштамалар берилген.

Төмөндө республиканын ички иштер органдарынын нөөмөт бөлүмдөрүндөгү камералардын сүрөттөрү берилген.

[32] Бишкек шаарынын Свердлов районунун прокуратурасынын 12.04.2022-жылдагы №8/816-22 жообу.
[33] Бишкек шаарынын Октябрь районунун прокуратурасынын 21.04.2022-жылдагы №Н-11-3/22 жообу.
[34] Бишкек шаарынын Ленин районунун прокуратурасынын 21.04.2022-жылдагы №253-22 жообу.
[35] Бишкек шаарынын Биринчи Май районунун ИИБнын 10.05.2022-жылдагы №21/5-и884 жообу.
[36] Жалал-Абад облусунун Сузак райондук прокуратурасынын 02.07.2022-жылдагы №22/143-00-07-8/1-421-22-00841 жообу.
[37] Талас облусунун Талас райондук прокуратурсынын 12.04.2022-жылдагы №31/Ж-00-31с-99 жообу.





40,41-сүрөт. Бишек шаарынын Биринчи Май районунун ИИБ камералары.




42-сүрөт. Талас шаарындагы ИИБ камерасы.        43-сүрөт. Талас районунун ИИБнын камерасы




44-сүрөт. Аламүдүн районунун ИИБ камерасы. 45-сүрөт. Ат-Башы районунун ИИБ камерасы




46-сүрөт. Нарын шаарынын ИИБ камерасы.          47-сүрөт. Жалал-Абад шаарынын ИИБ камерасы


## 5.3. УЛУТТУК БОРБОР ТАРАБЫНАН АНЫКТАЛГАН МЫЙЗАМ БУЗУУЛАР БОЮНЧА АКТЫЛАРЫН КАРООНУН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

Улуттук борбор алдын алуу максатында баруунун жүрүшүндө аныкталган улуттук мыйзамдардын ченемдери жана жабык мекемелерде гумандуу мамиле жасоо менен камакта кармоонун жашоо-шарттарынын стандарттары бузулушу боюнча актыларды түзөт жана аларды текшерүү, мыйзам бузууларды четтетүү жана күнөөлүүлөрдү сот жообуна тартуу үчүн тийиштүү мамлекеттик органдарга жөнөтөт.


2022-жылы Улуттук борбор 131 акт түзгөн.

Актылардын көпчүлүгү ИИМ мекемелеринде түзүлгөн – 85. 12 актыдан – ЖАК жана ЭСКММ мекемелеринде, 10 – Саламаттык сактоо министрлигинин, 8 – Коргоо министрлигинин, 4 – ББжИМ мекемелеринде түзүлгөн.

№19-диаграмма. Мыйзам бузуулар аныкталып, актылар түзүлгөн министрликтер менен ведомстволор





№20-диаграмма. 2019, 2020, 2021 жана 2022-жылдары түзүлгөн актылардын саны





Өткөн жылдарга салыштырмалуу түзүлгөн актылардын санынын көбөйүшү Улуттук борбордун сунуштарын мекеме жетекчилеринин аткарбагандыгы же этибарга албагандыгы менен байланыштуу болуп саналат.

Ушул эле укук бузуулардын тутумдук мүнөздө кайталанышы бир жагынан ансыз да эски эркинен ажыратуу жана чектөө жайларынын такыр эле эскирип кетишине да байланышкан. Актылардын олуттуу бөлүгүн жабык мекемелердин айрым кызматтагы адамдары тарабынан ченемдик укуктук актылардын талаптары аткарылбагандыгына байланышкан мыйзам бузуулар түздү.

№21 диаграмма. 2022-жылы өлкөнүн ар кайсы регионунда түзүлгөн актылардын саны




№22 диаграмма. Аныкталган мыйзам бузуулардын түрлөрү боюнча түзүлгөн актылардын саны




Бардык актылар төмөнкү мамлекеттик органдарга жөнөтүлгөн:

– ИИМге – 32,
– Прокуратура органдарына – 71, анын ичинен:

облустук прокуратуралар – 24
КР Аскер прокуратурасы – 5
Жазык-аткаруу тутумунун органдарында жана мекемелеринде мыйзамдардын сакталышына көзөмөл кылуу боюнча прокуратура – 4
шаардык/райондук прокуратура органдары – 38

- ЖАКта – 6
- Саламаттык сактоо министрлигинде – 11
- ЭСКММде – 2
- ББжИМде – 3
- Коргоо министрлигинде – 4
- Сот органдарында – 2

Улуттук борбордун актыларын кароонун жыйынтыгы боюнча мамлекеттик органдар тарабынан төмөнкүдөй чечимдер кабыл алынган:

- прокуратура органдары тарабынан «мыйзам бузууларды четтетүү боюнча сунуштама» берилген – 28,
- прокуратура органдары тарабынан “камакта кармоонун мөөнөттөрү боюнча мыйзам бузууларды четтетүү жөнүндө сунуштама” берилген – 7,
- бул мыйзам бузуулар мекеменин жетекчилиги тарабынан четтетилген – 17,
- Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан адамдарды УКЖга камоо учурунда медициналык маалымкаттарды толтуруунун сапатын жана толуктугун текшерүү үчүн жумушчу топтор түзүлгөн – 3,
- Ички иштер министрлиги бул мыйзам бузууларды эске алды - 5,
- ыкчам кеңешмелер өткөрүлүп, алардын жүрүшүндө актыларда көрсөтүлгөн мыйзам бузуулар талкууланды – 5,
- ИИМ УКЖга аял кызматкерлерди ишке тартуу боюнча иш алып барууда – 15,
- ИИМ тарабынан жүргүзүлгөн текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча мыйзамсыз иш-аракеттер же жазык жоопкерчилигине тартылуучу иш-аракеттер аныкталган эмес – 7,
- ИИМдин кызматтык иликтөөсүнүн жыйынтыгы боюнча мыйзам бузуулар аныкталган эмес – 1,
- тартиптик жазалар берилген – 43, анын ичинен:
  - «сөгүш» жарыяланган – 17,
  - «катуу сөгүш» жарыяланган – 2,
  - кызматына толук эмес шайкештиги көрсөтүлгөн – 1,
  - «эскертүү» берилген – 19,
  - «эскертме» берилген – 3,
  - санитардык ченемдерди бузгандыгы үчүн айып салынган – 1.

## 5.4. КОЛДОНУУДАГЫ МЫЙЗАМДАРГА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ БОЮНЧА ИШМЕРДИК ЖАНА МЫЙЗАМ ДОЛБООРЛОРУ

Улуттук борбор жөнүндө мыйзамдын 7-беренесинин 1-бөлүгүнүн 11-пунктуна ылайык, Улуттук борбор кыйноолордун жана катаал мамиленин алдын алуу жаатындагы колдонуудагы мыйзамдарга же мыйзам долбоорлоруна карата сунуштарды жана эскертмелерди берет.

2022-жылы КАУБ Жогорку Кеңешке төмөндөгү төрт беренеден турган “БУУнун Кыйноолорго жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин же жазанын түрлөрүнө каршы конвенциясына ылайык даттанууларды кароо жол-жоболорун таануу жөнүндө” мыйзам долбоорун жөнөткөн:

«1-берене. БУУнун Кыйноолорго каршы комитетинин Кыйноолорго жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиле менен жазанын түрлөрүнө

каршы конвенциянын 21-беренесине ылайык мамлекеттер аралык даттанууларды кабыл алуу жана кароо боюнча компетенциясын таануу.

2-берене. БУУнун Кыйноолорго каршы комитетинин Кыйноолорго жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиле менен жазанын түрлөрүнө каршы конвенциянын 22-беренесине ылайык мамлекеттер аралык даттанууларды кабыл алуу жана кароо боюнча компетенциясын таануу.

3-берене. КР Тышкы иштер министрлиги БУУнун Кыйноолорго каршы комитетинин Кыйноолорго жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиле менен жазанын түрлөрүнө каршы конвенциянын 21 жана 22-беренелеринде каралган компетенциясын таануу жөнүндө грамотаны БУУ Башкы катчысына сактоого тапшырсын.

4-берене. Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.».

БУУнун Кыйноолорго каршы конвенциясынын 21 жана 22-беренелеринде кыйноолордон эркин болуу укугун коргоонун эки кошумча механизми каралган, аларга БУУнун Кыйноолорго каршы комитети тарабынан кыйноолор боюнча жеке жана мамлекеттер аралык даттанууларды кароо мүмкүнчүлүгү кирет. Кыргыз Республикасы кыйноолордун курмандыктарын эл аралык деңгээлде коргоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу үчүн, ошондой эле кыйноолордун курмандыктары өздөрү да эл аралык коргоо механизмдерин колдоно алышы үчүн мамлекет БУУнун Кыйноолорго каршы конвенциясына ылайык даттануу жол-жоболорун таануу жөнүндө тийиштүү билдирүү жасоого тийиш.

БУУнун Кыйноолорго каршы комитетинин Кыйноолорго жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиле менен жазанын түрлөрүнө каршы конвенциянын 21-беренесине ылайык мамлекеттер аралык даттанууларды кабыл алуу жана кароо боюнча компетенциясын таануу жөнүндө билдирүү Кыргызстанга өзүнүн алгачкы жазуу жүзүндөгү кайрылуусунда башка катышуучу-мамлекетке анын Конвенция боюнча милдеттенмелерин бузуп жаткандыгы тууралуу маалымдоо мүмкүнчүлүгүн берет. Эгер мамлекеттер алгачкы маалымдоону алгандан кийинки алты айдын ичинде эки мамлекетти тең канааттандыргыдай кылып талаш-тартышын чече алышпаса, бул маселени чечүүнү БУУнун Кыйноого каршы комитетине өткөрүп берүүгө укуктуу болот.

БУУнун Кыйноолорго каршы комитетинин БУУнун Кыйноолорго каршы конвенциясынын 22-беренеси боюнча жеке даттанууларды кабыл алуу жана кароо боюнча компетенциясын таануу кыйноолордун курмандыктарына кыйноолордон эркин болуу укугун эл аралык деңгээлде коргоонун кошумча механизмин бере алат. БУУнун Адам укуктары боюнча комитетине кыйноолор боюнча жеке даттанууларды берүүнүн колдонуудагы механизми Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын 7-беренесин бузууга гана негизделет, ал эми БУУнун Кыйноолорго каршы конвенциясынын жоболору кыйла кеңири жана кыйноолор менен катаал мамиленин алдын алуу боюнча чараларды көрүүнү да камтыйт.

БУУнун Адам укуктары боюнча комитети адам укуктары менен эркиндиктерин бузуулардын кеңири спектрине байланышкан арыздарды карайт, даттанууну кароо жол-жоболору мамлекет жана арыз берүүчү менен байланышуунун белгилүү бир этаптарынан өтөт, бул белгиленген мөөнөттөрдү сактоону талап кылат, ошондуктан даттанууну кароо узак убакытка созулушу ыктымал. Жеке даттанууларды 22-беренеге ылайык башка келишимдик органда - БУУнун Кыйноого каршы комитетинде кароо алардын каралышын тездете алат.

## 5.5 МААЛЫМАТТЫК-АГАРТУУЧУЛУК ИШМЕРДИК. ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТТАШТЫКТЫ ӨНҮКТҮРҮҮГӨ КӨМӨКТӨШҮҮ

Улуттук борбордун маанилүү милдеттеринин бири болуп маалыматтык-агартуучулук иштерин жүргүзүү эсептелинет. Бул милдетти ишке ашырууда каржылык жана адамдык ресурстардын жетишсиздигинен, атап айтканда, штатта PR-адистин же коомчулук менен байланыш боюнча адистин жоктугунан улам кыйынчылык жаралууда, бул тууралуу буга чейин эле КАУБдун жылдык баянамаларында бир нече ирет белгиленген.

Улуттук борборго маалыматтык материалдарды даярдоого жана өз ишмердигинин натыйжаларын чагылдырууга эл аралык жана улуттук өнөктөш уюмдар чоң жардам көрсөтүүдө. Алсак, ЕККУнун Бишкектеги Программалык кеңсесинин колдоосу менен «Preventing radicalization in prisons and implementing penitentiary reform» долбоорунун алкагында коомчулук менен байланыш боюнча кеңешчи А.Иманалиева ишке тартылган. Улуттук борбордун кызматкерлери үчүн КАУБдун Коммуникациялык стратегиясын натыйжалуу ишке ашыруунун ыкмалары боюнча төрт тренинг өткөрүлдү.

Улуттук борбор бул багытта Улуттук борборго PR-адис А.Сыдыкованын кызмат көрсөтүүсүн камсыздаган "Коомдук кызыкчылыкты коргоо борбору" коомдук фондунун көмөгүн да белгилейт. Бул уюмдун жардамы менен Улуттук борбордун расмий сайтынын мазмуну жаңыланды. 2022-жылы биргелешип иш алпаруунун натыйжасында Кыргызстандын 24.kg, Kaktus.media, Akipress, vb.kg, Bulak media, Vesti.kg, Azattyk жана башка маалымат агенттиктеринин сайттарында кыйноолор жана катаал мамиле жасоо маселелерине, ошондой эле улуттук борбордун ишинин натыйжаларына арналган 130дан ашуун макала жарыяланган.

2022-жылы Улуттук борбор тарабынан бардыгы болуп:

- 13 кереге кеңеш,
- радио жана телевидение аркылуу 10 чыгып сүйлөө,
- 72 лекция, 14 тренинг жана семинар,
- 13 жумушчу жолугушуу өткөрүлгөн.

Жазык процессинде адам укуктарын коргоо ассоциациясынын колдоосу менен 2022-жылы ар кандай темадагы тогуз атайын репортаж даярдалып, аларды көргөндөрдүн саны 215 миңден ашкан.[38]

1) «Жабык мекемелердеги оор илдетке чалдыккандар»
2) «Камак жайларындагы балалуу аялдар»
3) «Аялдар кармалгандан кийинки алгачкы сааттарда»
4) «Кыйноолор боюнча арыздар БУУ Комитетинде каралышы керек. Активисттер мыйзам долбоорун КР Жогорку Кеңешине киргизишет»
5) «Юристтер менен жарандык активисттердин КАУБ менен Акыйкатчы институтунун бириктирилишине реакциясы»
6) «Кыйноо фактыларын аныктоонун жаңы стандарттары (Стамбул протоколу, 2-чи басылышы)»
7) «Рим статуту: ратификациялоо зарылдыгы»
8) «ИИМ зындандары кыйноо ыкмалары катары»
9) «Кыйноолор менен күрөшкө 10 жыл»

Жогоруда белгиленгендей, Улуттук борбордун ишмердигиндеги алгылыктуу өзгөрүүлөрдүн катарында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2022-жылдын 16-июнундагы № 318-VII «Кыйноолордун жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиле менен жазанын түрлөрүнүн алдын алуу боюнча КР Улуттук борборунун 2021-жыл үчүн баяндамасы жөнүндө» токтомунда чагылдырылган КАУБ сунуштамаларын ишке ашыруу боюнча ведомстволор аралык жумушчу топтун ишин өзүнчө бөлүп көрсөтүү зарыл, Жумушчу топтордун отурумдары ЕККУнун Бишкектеги Программалык кеңсесинин колдоосу менен 2022-жылдын 27-октябрында жана 9-декабрында өткөрүлгөн.

Бул жолугушуулардын жүрүшүндө мамлекеттик органдардын өкүлдөрү аткарылган иштердин негизги жыйынтыктарын жана жогоруда аталган Токтомдо чагылдырылган КАУБдун сунуштамаларын аткаруу боюнча мындан аркы иш-аракеттер тууралуу

[38] Бардык атайын репортаждар Улуттук борбордун расмий веб-сайтына - www.npm.kg жана КАУБдун facebook, Инстаграм баракчаларына жайгаштырылган.

маалымдашты. Андан тышкары, мамлекеттик органдардын Улуттук борбордун ишмердигин жана иштелип чыгып жаткан сунуштамалардын маанисин кабыл алуусундагы оң өзгөрүүлөр белгиленди.

Кыйноолорго жана ырайымсыз мамилеге каршы күрөшүү жаатындагы эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүү багытында Улуттук борбор адам укуктары боюнча эл аралык



органдардын өкүлдөрү жана алардын аймактык бөлүмдөрүнүн кызматкерлери менен үзгүлтүксүз жолугушууларды өткөрүп турат. Алсак, 2022-жылдын 14-октябрында Улуттук борбордун директору Бакыт Рысбеков Европа Биримдигинин Өкүлчүлүгүнүн башчысынын милдетин аткаруучу Раймондс Вингрис мырза жана Программалык менеджер Йотам Лерер мырза менен жолугушту.

48-сүрөт. ЕБ өкүлдөрү менен жолугушуу, Бишкек ш., 2022-жылдын 14-октябры

2022-жылдын 24-октябрында КАУБдун борбордук аппаратынын кеңсесинде КАУБ жетекчилигинин БУУнун Кыйноолорго каршы комитетинин мүчөсү Ана Раку айым жана "Кыйноого каршы дүйнөлүк уюмдун (ОМСТ)" Чыгыш Европа жана Борбордук Азия боюнча Регионалдык программасынын кызматкерлери - координатор Евгения Андрюк айым жана адам укуктары боюнча кеңешчи Мария Квицинская айым менен жолугушуусу болуп өттү.



49-сүрөт. ОМСТ өкүлдөрү менен жолугушуу, Бишкек ш., 2022-жылдын 24-октябры.

2022-жылдын 1-ноябрында КАУБ директору Бакыт Рысбеков БУУӨПтүн мыйзам үстөмдүгү боюнча башкы техникалык кеңешчиси Симоне



Бонезчи мырза жана демократия жана мыйзам үстөмдүгү боюнча улук кеңешчиси Жеңишбек Арзыматов менен жолугушту.

50-сүрөт. 2022-жылдын 1-ноябрындагы БУУӨП өкүлдөрү менен жолугушуу.

2022-жылдын 4-апрелинде ЕККУ ДИАУБдун колдоосу менен Бишкектеги Park Hotel мейманканасынын конференц-залында "Омега" изилдөө фондунун жана Эксетер университетинин кызматкерлери Улуттук борбордун кызматкерлери үчүн "Курал-жарактарды жана атайын каражаттарды колдонууга мониторинг жүргүзүү" темасында тренинг өткөрүштү.

2022-жылдын 5-6-апрелинде Hyatt Regency Bishkek мейманканасынын конференц-залында Эл аралык юристтер ассоциациясынын Адам укуктары боюнча институту (IBAHRI) КАУБдун адам укуктарын жана эркиндиктерин илгерилетүү боюнча дараметин арттыруу боюнча тренинг өткөрдү. Тренингдин алкагында УАМдын алдын алуучулук мандаты жана ролу, ошондой эле анын ишмердигинин циклы жөнүндө маалыматтарды жаңылоого байланышкан маселелер каралды.

2022-жылдын 15-ноябрында Улуттук борбордун БУУнун Кыйноолордун алдын алуу боюнча чакан комитетинин төрагасынын мурдагы орун басары Виктор Захария мырза, БУУнун Өзүм билемдик менен кармоолор боюнча жумушчу тобунун мүчөсү Элина Штайнерте айым жана Юристтердин эл аралык ассоциациясынын Адам укуктары боюнча институтунун программалык юристи Кэт Кент айым менен жолугушуусу болду.



Виктор Захария КАУБдун Координациялык кеңешинин кызматкерлери жана мүчөлөрү үчүн «Юристтердин (жактоочулардын) улуттук алдын алуу механизминин ишмердигиндеги ролу» деген темада тренинг өткөрдү.

Элина Штайнерте Улуттук борбордун кызматкерлери үчүн тутумдук жана стратегиялык сунуштамаларды, ошондой эле аларды ишке ашыруунун стратегияларын даярдоо боюнча тренинг өткөрдү.

51-сүрөт. 2022-жылдын 15-ноябрындагы тренинг, Бишкек ш., «Sheraton Bishkek» мейманканасы

2022-жылдын 21-декабрында КАУБдун борбордук кеңсесинде БУУ тутумунун Кыргызстандагы Туруктуу координатору, БУУ Коопсуздук маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Антье Граве айым менен жолугушуу болуп өттү.



52-сүрөт. Антье Граве айым менен жолугушуу, Бишкек ш., 2022-жылдын 1-декабры

Башка өлкөлөрдүн Улуттук алдын алуу механизми менен тажрыйба алмашуунун алкагында 2022-жылдын 11-июлунан 13-июлуна чейин Улуттук борбордун төрт кызматкеринен жана КАУБдун Координациялык кеңешинин төрагасынан турган делегациясы Грузиянын Улуттук алдын алуучу механизминин иши менен жеринен таанышты. Сапардын жүрүшүндө алдын алуу максатында барууларды ишке ашыруунун усулдугу, жабык мекемелерде кыйноодон жана ырайымсыз мамиледен эркин болуу укугуна байланышкан абалды жакшыртуу боюнча сунуштамаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу боюнча жакшы тажрыйба алмашуу болду. Тбилиси шаарында жайгашкан УКЖ/ТИЗОлорго биргелешип баруу уюштурулду.

Ошондой эле, 11-июлда делегация мүчөлөрү Кыйноолорго каршы Европа комитетинин Грузияга болгон иш сапарынын жыйынтыгы боюнча баяндамасынын сунуштамаларын талкуулоого арналган кереге кеңештин ишине катышты.






53-56-сүрөт. КР КАУБ делегациясынын Грузиянын УАМ кызматкерлери менен жолугушуусу. Кереге кеңеш, Тбилиси шаары, 2022-жылдын 11-13-июну



57-сүрөт. ЕККУ аймагындагы өлкөлөрдүн Улуттук алдын алуучу механизмдеринин Бешинчи Регионалдык кеңешмеси, Варшава, 2022-жылдын 24-25-августу.

2022-жылдын 24-25-августунда Улуттук борбордун директорунун орун басары Д.Саякова жана КАУБдун Координациялык кеңешинин мурдагы төрагасы, «Справедливость» (“Адилеттик”) КУКУнун жактоочусу У.Жаббаров Варшава шаарындаг өткөн ЕККУ аймагындагы өлкөлөрдүн Улуттук алдын алуучу механизмдеринин Бешинчи Регионалдык кеңешмесине катышты. Иш-чараны ЕККУ ДИАУБ жана Кыйноолорду болтурбоо боюнча ассоциация (АРТ) уюштурган. Жолугушуу ЕККУ ДИАУБдун кыйноолорго каршы күрөштө катышуучу мамлекеттерге жардам көрсөтүү боюнча ишинин бир бөлүгү болуп саналат.

Кеңешменин жүрүшүндө негизги көңүл жазык сот адилеттини тутумунда күч менен атайын каражаттарды колдонууга мониторинг жүргүзүү ишине бурулду. 22 улуттук алдын алуу механизминин 26 өкүлү, анын ичинде Кыргызстандын Улуттук алдын алуучу механизминин, ошондой эле 12 өлкөнүн жарандык коом уюмдарынын өкүлдөрү алдыңкы тажрыйбасы менен бөлүшүп, эркинен ажыратуу жайларында күч колдонууга байланышкан маселени талкуулашты.





58-60-сүрөт. Кереге кеңеш, 2022-жылдын 12-октябры.

Өнөктөш уюмдардын колдоосу менен да бир катар маанилүү иш-чаралар өткөрүлдү.

Алсак, 2022-жылдын 12-октябрында Улуттук борбор Кыйноолорго каршы коалиция менен биргеликте «КР ички иштер органдарынын убактылуу кармоочу жайларындагы шарттардын атласы» аттуу атайын изилдөөнүн жыйынтыгына арналган кереге кеңеш өткөрдү. Иш-чарага КР Жогорку Кеңешинин депутаттары, Башкы прокуратуранын жана Аскер прокуратурасынын, Юстиция министрлигинин, Саламаттык сактоо министрлигинин жана Ички иштер министрлигинин, ЕККУнун Бишкектеги Программалык кеңсесинин, КР Министрлер Кабинетине караштуу адам укуктары боюнча Координациялык кеңештин, эл аралык уюмдардын, бейөкмөт уюмдардын жана улуттук укук коргоо институттарынын өкүлдөрү катышты.

2022-жылы билим берүү иш-чараларын ишке ашыруу багытында Улуттук борбор окуу модулун иштеп чыккан, аны юридикалык, медициналык багыттагы жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн окуу программаларына киргизүү пландалууда.

КАУБ кызматкерлери мектеп окуучулары, атайын орто жана жогорку окуу жайларынын студенттери, Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн мекемелеринин аскер кызматкерлери, Кыргыз Республикасынын ИИМинин милициянын генерал-майору Э.Алиев атындагы Академиясынын курсанттары ж.б. үчүн кыйноолорду жана ырайымсыз мамилени болтурбоо жана алардан коргоо маселелери боюнча тутумдук негизде лекциялар менен семинарларды өткөрүп турат.

Маанилүү иш-чараларды өткөрүүгө эл аралык жана жергиликтүү өнөктөш уюмдар – ЕККУнун Бишкектеги Программалык кеңсеси, Европа Биримдигинин Кыргыз

Республикасындагы Өкүлчүлүгү, БУУнун Адам укуктары боюнча Жогорку Комиссарынын Башкармалыгы чоң колдоо көрсөтүүдө.

Ошентип, 2022-жылдын 6-декабрында Бишкек шаарында жогоруда белгиленген эл аралык уюмдардын көмөгү менен Улуттук борбордун түзүлгөндүгүнүн 10 жылдыгына арналган «Кыргыз Республикасынын кыйноодон жана ырайымсыз мамиледен эркин болуу укугун сактоо жаатындагы жетишкендиктери жана келечеги» аттуу темада эл аралык форум болуп өттү.

Иш-чарага эл аралык органдардын – БУУнун Кыйноого каршы комитетинин, Кыйноолордун алдын алуу ассоциациясынын ж.б. өкүлдөрү, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары жана мамлекеттик органдардын жетекчилери, бейөкмөт укук коргоочу уюмдардын өкүлдөрү катышты.
















61-66-сүрөт. Улуттук борбордун түзүлгөндүгүнүн 10 жылдыгына арнылган Эл аралык форум. Бишкек шаары, 2022-жылдын 6-декабры.

## СУНУШТАМАЛАР

БУУнун Кыйноолорго каршы конвенциясына Факультативдик Протоколдун 22-беренеси Конвенцияга мүчө мамлекеттин компетенттүү органдарын улуттук алдын алуу механизминин (Кыргызстанда - КАУБ) сунуштамаларын изилдөөгө жана аларды ишке ашыруу боюнча болжолдонгон чаралар боюнча Улуттук алдын алуу механизми менен диалог түзүүгө милдеттендирет.

Улуттук борбор жөнүндө мыйзамдын 29-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-пунктуна ылайык, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары, кызматтагы адамдары өз компетенциясынын чегинде КАУБ Координациялык кеңешинин сунуштамаларын кароого жана аларды ишке ашырууга көмөк көрсөтүүгө милдеттүү болуп саналат.

Ошентсе да, Улуттук борбордун 2013-2021-жылдар аралыгында берген сунуштамалары аткарылышына талдоо жүргүзүү алардын дээрлик жарымы (48%) аткарылбай калып жаткандыгын көрсөттү. Алардын арасынан төмөнкүлөрдү бөлүп көрсөтсө болот:

- иши тергөөдө болгон жана камакка алынган адамдарды мыйзамсыз кармоо жана ички иштер органдарынын убактылуу кармоочу жайларында кармоонун мөөнөттөрүн бузуу практикасын жоюу;
- Талас жана Баткен облустарында ТИЗОлорду курууга каражат табуу;
- Бишкек шаардык ички иштер башкармалыгынын убактылуу кармоочу жайынын учурдагы имаратын анын авариялык абалына жана пайдаланууга жараксыздыгына байланыштуу жаңы имаратка көчүрүү үчүн каражат табуу;
- эркинен ажыратуу жана чектөө жайларында камакта отурган ар бир адамдын өлүмгө учуроо фактысы жөнүндө өлүмдүн болжолдонгон себептери кандай болгондугуна карабастан Улуттук борборго токтоосуз билдирүү;
- кармалган адамдарды ички иштер органдарынын УКЖсына алгачкы жайгаштырууда, ошондой эле аларды сырткары жактарга алып чыккан жана кайра изоляторго алып келген ар бир учурда милдеттүү түрдө медициналык кароодон өткөрүү тууралуу процесстик талаптын аткарылышына көзөмөлдү күчөтүү;
- ички иштер органдарынын убакытылуу кармоочу жайларындагы санитардык ченемдердин сакталышына көзөмөлдү күчөтүү, аларды бузууга күнөөлүү кызматтагы адамдарды жоопкерчиликке тартуу;
- КР Саламаттык сактоо министрлигинин карамагына катарлаш медициналык кызматтарды этап-этабы менен өткөрүү боюнча ишти улантуу;
- параллелдүү медициналык кызмат көрсөтүүлөрдү КР Саламаттык сактоо министрлигинин карамагына өткөрүү ишин координациялоо боюнча ишти улантуу;
- Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Пленумунун кыйноолор жөнүндө иштер боюнча соттук практиканы жалпылоо, ошондой эле кыйноодон жабыр тарткандарга кенемте төлөп берүү жөнүндө токтомун кабыл алуу.

Улуттук борбордун натыйжалуу иштешин камсыз кылуу үчүн жетиштүү адамдык жана каржылык ресурстар менен камсыз кылуу, ошондой эле БУУнун Кыйноолорго каршы конвенциясына Факультативдик протоколго ылайык, эркинен ажыратуу жана чектөө жайларына каалаган күнү жана каалаган убакта эч кандай тоскоолдуксуз алдын алуу максатында барууларды ишке ашыруу боюнча Кыргызстан өзүнө алган милдеттенмелерге байланышкан сунуштамалар да аткарылбастан калууда. Алардын ичинде төмөнкүлөр да бар:

- КАУБдун Нарын, Баткен жана Талас облустарындагы аймактык бөлүмдөрүндө иш алпарышы үчүн кошумча штаттык бирдиктерди караштыруу (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине сунуштама);
- Улуттук борбордун ишине кийлигишүү жана тоскоолдук кылуу практикасын, анын ичинде мекеменин коопсуздугун жана кайтарылышын камсыз кылуучу объектилерге тиешеси жок объектилерди сүрөткө тартууга тыюу салууну жоюу, ошондой эле Улуттук борбордун кызматкерлери Жазаларды аткаруу кызматынын мекемелерине алдын алуу максатында барган учурунда алардын буюмдарын текшерүүгө тыюу салуу (Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Жазаларды аткаруу кызматына сунуштама);

– Улуттук борбордун ишине тоскоолдук кылуунун ар бир фактысын колдонуудагы мыйзам ченемдерине ылайык негиздүү чечимдерди кабыл алуу аркылуу кылдаттык менен иликтөө (Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына сунуштама).

**Кыйноолордун алдын алуу боюнча чакан комитет Кыргыз Республикасына жолдогон Баяндаманын[39] 25-пунктунда Кыргызстан улуттук алдын алуу механизминин (КАУБ) өкүлдөрү менен ушул механизмдин сунуштамалары жана жылдык баяндамасы аткарылышын тутумдук түрдө кароо жана талкуулоо үчүн Факультативдик протоколдун 22-беренесине ылайык институционалдык каражаттарды түзүшү керектигин белгилейт.**

Учурдагы практиканы жалпылоонун жана өткөн жылдардагы КАУБдун сунуштамалары аткарылышын талдоонун негизинде Улуттук борбор тутумдук мүнөздөгү себептерди жоюу жана өлкөдө кыйноолор менен ырайымсыз мамиледен эркин болуу укугун сактоо үчүн төмөнкү чараларды көрүүнү сунуштайт:

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине:**

1. Кыргыз Республикасы БУУнун Кыйноолорго каршы конвенциясынын 21 жана 22-беренелерине ылайык мамлекеттер аралык даттанууларды берүү боюнча жол-жоболору жана БУУнун Кыйноолорго каршы комитетинин өз юрисдикциясындагы өзүн Конвенциянын жоболорун бузуунун курмандыктары катары ырастаган адамдардын кабарларын кабыл алуу жана кароо боюнча компетенциясын таануу боюнча билдирүү жасоого тийиш.

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Аппаратына:**

1. Улуттук борбор жөнүндө мыйзамдын 29-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-пунктуна ылайык, эркинен ажыратылган жана эркиндиги чектелген адамдардын укуктары менен эркиндиктерине, аларды камакта кармоонун тартибине жана шарттарына, ошондой эле кыйноолор менен ырайымсыз мамиленин алдын алуу маселелерине тийиштүү ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун Улуттук борборго жөнөтүү.
2. Улуттук борбор жөнүндө мыйзамдын 29-беренесинин 2-бөлүгүнүн 4-пунктуна ылайык, Улуттук борбордун жылдык жана атайын баяндамаларын жарыялоо жана жайылтуу.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине:**

1. БУУнун Кыйноолорго каршы конвенциясына Факультативдик протокол боюнча эл аралык милдеттенмелерди[40] аткаруу үчүн, ошондой эле Кыйноолордун алдын алуу боюнча чакан комитеттин 2018-жылы Кыргызстанга жасаган иш сапарынын жыйынтыгы боюнча иштелип чыккан сунуштамаларын ишке ашыруу максатында Улуттук борбордун сунуштамаларын карап чыгуунун жана аларды тутумдук негизде ишке ашыруунун ыктымалдуу чараларын талкуулоо үчүн институционалдык механизм түзүү.

2. “Мендес принциптерин” укук коргоо органдарынын практикасына киргизүү максатында кызматкерлерге суракка алуунун заманбап ыкмаларын окутуп-үйрөтүүгө инвестициялоо үчүн тийиштүү техникалык каражаттарды жана ресурстарды бөлүп берүү.

[39] ККЧнын сунуштамаларды камтыган баяндамасы Кыйноолордун алдын алуу боюнча чакан комитеттин делегациясынын иш сапарынын жыйынтыгы боюнча даярдалган.
[40] БУУнун Кыйноолорго каршы конвенциясына Факультативдик протокол, 22-берене.

3. Кармалган учурдан тартып суракка алууну аудио-видеого жаздыруу жана көрсөтмөлөрдү алуу (анын ичинде укук коргоо органдарындагы суракка алууларды жаздыруу үчүн) үчүн жабдууларды, ошондой эле башка тийиштүү техникалык каражаттарды жана жабдууларды алууга каражаттарды бөлүү.
4. Ички иштер органдарынын убактылуу кармоочу жайларына тиешелүү болгон кармалган адамдарды ташуу үчүн унаа каражаттарынын автопаркын техникалык регламенттердин талаптарына жооп берген заманбап унаа каражаттарына алмаштыруу менен жаңыртуу.
5. Чым-Коргон айылындагы Республикалык психиатриялык ооруканада соттук-психиатриялык экспертиза бөлүмүн ачуу.
6. Чым-Коргон айылындагы Республикалык психиатриялык оорукананын соттук-психиатриялык экспертиза бөлүмүндө жана Кызыл-Жар айылындагы Республикалык психиатриялык оорукананын №8 бөлүмүндө дарыланып жаткан бейтаптарды кайтаруу боюнча милдеттерди акысыз негизде Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу ЖАКтын Кайтаруу жана конвой менен коштоп жүрүү департаментине жүктөө.
7. Психикалык жактан жабыркаган адамдарга жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнө сапаттуу, комплекстүү, интеграцияланган кызмат көрсөтүү боюнча социалдык коргоо, саламаттык сактоо, билим берүү, укук коргоо органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын өз ара иштешүү механизмдерин күчөтүү.

8. БУУнун Кыйноолорго каршы конвенциясына Факультативдик протокол боюнча Кыргызстандын милдеттенмелерин аткаруу максатында Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 27-декабрындагы № 716 «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Кыргыз Республикасынын айрым мамлекеттик органдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндөгү айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтомунун мамлекеттик органдардын кызматкерлерине он үчүнчү айлык төлөө бөлүгүн кайра карап чыгуу. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №423 "Кыргыз Республикасынын Кыйноолордун жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин же жазанын түрлөрүнүн алдын алуу боюнча улуттук борборунун кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтомун күчүндө калтыруу.

**Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына**:

1. Ички иштер органдарынын убактылуу кармоочу жайларында кармоо мөөнөттөрүнө жана шектүүлөрдү/айыпкерлерди Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу ЖАКтын тергөө изоляторлоруна өз убагында которууга көзөмөлдү күчөтүү.

**Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна:**

1. Иши тергелип жаткан жана камактагы адамдардын Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын убактылуу кармоочу жайларында камакта кармалышы керек деп түздөн-түз көрсөтүү менен бөгөт коу чарасын тандоо жана камакта кармоонун мөөнөтүн узартуу жөнүндө токтомдорду чыгаруу практикасын жоюу. Жергиликтүү сотторго бөгөт коюу чарасын тандоодо жана камакта кармоонун мөөнөтүн узартууда мыйзамдуулукту так жана кыйшаюусуз сактоо зарылдыгы боюнча тийиштүү тапшырма берүү.
2. 2016-2022-жылдарга карата Жазык кодексинин "кыйноо" беренеси боюнча жазык иштерин кароонун соттук практикасын жалпылоо боюнча Жогорку Соттун Пленумун даярдоо.

**Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине:**

1. Кыйноолор жөнүндөгү ар бир арызды текшерүүдө психологиялык азап чегүүнүн даражасы жөнүндө кесиптик корутундуну даярдоо жана тутумдук мамиле жасалышын камсыздоо максатында Юстиция министрлигинин Эксперттер реестрине психолог адистигин киргизүү.
2. Калктын социалдык жактан аялуу катмарына тийиштүү болгон адамдарды кармоодо квалификациялуу укуктук жардам көрсөтүлүшүн камсыздоо үчүн МКЮЖ реестриндеги жактоочулардын санын көбөйтүү.
3. Карылар жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар үчүн стационардык шарттарда социалдык кызматтарды көрсөтүүчү жеке уюмдар жөнүндө маалымат базасын түзүү менен маалымат топтоо жана талдоо жүргүзүү.

**Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигине:**

1. Административдик камакка алынган адамдарды камакта кармоо үчүн республиканын ички иштер органдарынын аймактык бөлүмдөрүнүн нөөмөт бөлүмдөрүндөгү атайын кабыл алуу жайларында жана камак жайларында кармоонун шарттары мыйзамдардын талаптарына жана минималдуу стандарттарга ылайык келтирүү.
2. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2020-жылдын 24-мартындагы №190 буйругу менен бекитилген Кармалган адамды Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын убактылуу кармоочу жайларына жайгаштыруу учурунда медициналык кароонун формасын талаптагыдай толтурбастан туруп жайгаштыруу практикасын жоюу.
3. ИИОнун жаңы имараттарын курууда УКЖ камералары жертөлөдө /жарым жертөлөдө жайгашуусуна жол бербөө.
4. ИИОнун бардык УКЖларынын штатында, анын ичинде медициналык кызматкерлердин арасында гендердик тең салмактуулук сакталышын камсыздоо.

**Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Жазаларды аткаруу кызматына:**

1. ЖАК мекемелеринде отурган психикалык мандеми бар адамдардын укуктарын коргоонун механизмдери каралган ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун иштеп чыгуу.
2. ЖАК мекемелериндеги медициналык-санитардык жардам көрсөтүүнүн сапатын жогорулатуу жана дарт аныктоо, дарылоо жана алдын алуу маселелерине бирдиктүү мамиле жасалышын камсыздоо үчүн ЖАК тутумунда дарылоо-алдын алуу жана санитардык-эпидемияга каршы иш маселелери боюнча кеңешме органдын функцияларын аткарууга тийиш болгон Медициналык кеңештин ишинин сапатын жогорулатуу.
3. Илдетке чалдыккандарды өз убагында жана эртерээк аныктоо максатында ЖАК мекемелериндеги бардык соттолгондорду/тергөөдөгү-камактагы адамдардын бардыгын пландуу түрдө алдын алуучу медициналык кароодон өткөрүп туруу жана тутумдук мүнөздө кеп-кеңеш берип туруу (ЖАКтын Медициналык башкармалыгынын көчмө комиссиясынын учурдагы графигине ылайык жылына бир жолу эмес, андан көбүрөөк жолу).
4. Көрсөтүлүп жаткан медициналык жардамдын сапатын медициналык кызматкерлерди сертификациялоо жана аттестациялоо, ошондой эле ченемдик документтерди иштеп чыгуу жолу аркылуу жогорулатуу.
5. Камактагылардын жашоо-шартын жакшыртуу, санитардык жана гигиеналык ченемдерди, имараттарды жарыктандырууга, жылытууга жана желдетип турууга

коюлган талаптарды  сактоо, камактагыларды дене тарбия көнүгүүлөрүн жасоого жана сергек жашоо образына тартуу боюнча чараларды көрүү зарыл.
6. Пенитенциардык мекемелерде жеткиликсиз болушу мүмкүн болгон кызмат көрсөтүүлөргө, ошондой эле тийиштүү профилдеги адистердин дарт аныкташына жана дарылашына байланышкан жарандык медициналык кызматтар менен тыгыз иштешүүнү камсыздоо.
7. Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген соттолгон адамдардын өткөрүлгөн иш-чараларга толук кандуу катышуусун жана мекеменин имарат-жайларына бара алышын камсыздоо үчүн бардык пенитенциардык мекемелерди пандустар жана башка мүмкүнчүлүктөр менен камсыздоо.

**Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигине:**

1. Мөөнөттүү аскердик кызмат өтөгөн жоокерлердин арасында өз өмүрүн кыюу (суицид) учурларынын алдын алуу боюнча иш-аракеттер планын иштеп чыгуу жана бекитүү. Кичи жана улук офицердик курам арасында мөөнөттүү аскердик кызмат өтөгөн жоокерлердин арасындагы өз өмүрүн кыюу жана уставдан тышкаркы мамилелер көйгөйлөрү боюнча такай маалымдоо-түшүндүрүү иштерин жүргүзүп туруу.
2. Аскер бөлүктөрүн жана бөлүмдөрүн жазып алуу функциясы бар видео байкоо жүргүзүү тутуму менен жабдуу маселесин карап көрүү.
3. Аскерге жаңы чакырылган мөөнөттүү аскер кызматын өтөгөн жоокерлерге эски спорттук кийимдерди берүү практикасын жоюу, буюмдар менен камсыздоо ченемдерин кайра карап чыгуу.

**Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине:**

1. Саламаттык сактоо министрлигинин 2020-жылдын 24-мартындагы №190 Буйругу менен бекитилген Кармалган адамды КР ИИБ УКЖга отургузуу учурундагы медициналык текшерип кароонун формасын кыйшаюусуз толтурулушун камсыздоо.
2. Психиатриялык мекемелерде «Психиатриялык жардам жана аны көрсөтүү учурундагы адамдын укуктары сакталышынын кепилдиктери жөнүндө» КР Мыйзамынын талаптары сакталышына көзөмөлдү күчөтүү.

**Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине:**

1. Ведомстволорго караштуу мекемелердеги балдардын тамак-ашынын ченемдерин, көлөмүн жана ассортиментин кайра карап чыгуу.

**Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүгүү министрлигине:**

1. Өздүгүн күбөлөндүргөн документи же туруктуу жашаган жери жок жана социалдык стационардык мекемелердин кызматынан пайдаланган адамдарга документтерди берүү маселесин чечүү.

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:**

1. Эмгек мыйзамдарынын талаптарын 2022-жылга карата Улуттук борборду толук эмес каржылоо бөлүгүндөгү бузулушун четтетүү, Улуттук борбордун кызматкерлерине 2022-жылдын 1-октябрынан 27-декабрына чейинки мезгилдеги кварталдык сый акыны төлөп берүү үчүн тийиштүү сумманы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №423 Токтомунун негизинде бөлүп берүү.

## 2022-ЖЫЛДАГЫ БАЯНДАМАГА КАРАТА ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТ

Отчеттук мезгил 2022-жылдын 1-январынан 31-декабрына чейин

Ченөө бирдиги: сом

| Көрсөткүчтөр | Статьялардын коду | Бир жылга бекитилген | Такталды | Чыгымдар |
|---|---|---|---|---|
| **Чыгымдар** | | **0** | **0** | **0** |
| **Эмгек акы** | **2111** | **9649800** | **15159500** | **13577988.93** |
| Негизги эмгекакы | 21111100 | 0 | 0 | 12548091.91 |
| Кошумча акы | 21111200 | 0 | 0 | 1029897.02 |
| **Социалдык фондго төлөмдөр** | **2121** | **1445100** | **2394100** | **2094292** |
| Пенсия фондуна төлөмдөр | 21211100 | 0 | 0 | 2094292 |
| **Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү** | **2211** | **872700** | **872700** | **818800** |
| Транспорттук чыгашалар | 22111100 | 0 | 0 | 227462 |
| Мейманкана чыгашасы | 22111200 | 0 | 0 | 348033 |
| Суткалык чыгаша | 22111300 | 0 | 0 | 243305 |
| **Байланыш кызматын көрсөтүү** | **2212** | **374000** | **374000** | **338440** |
| Телефондук кызмат көрсөтүү жана | 22122100 | 0 | 0 | 26700 |
| Уюлдук байланыш кызматын көрсөтүү | 22122200 | 0 | 0 | 188590 |
| Фельдъегердик байланыш кызматын көрсөтүү | 22122300 | 0 | 0 | 7000 |
| Почтолук байланыш кызматын көрсөтүү | 22122400 | 0 | 0 | 24000 |
| Дагы башка байланыш кызматын көрсөтүү | 22122900 | 0 | 0 | 92150 |
| **Ижара акысы** | **2213** | **133000** | **133000** | **107410** |
| Имараттардын жана жайлардын ижарасы | 22131100 | 0 | 0 | 107410 |
| **Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр** | **2214** | **162500** | **192500** | **116499.65** |
| Бензин, дизель жана башка күйүүчү майлар | 22141100 | 0 | 0 | 112211.65 |
| Запастык бөлүктөрдү алуу | 22141200 | 0 | 0 | 4288 |
| **Дагы башка кызмат көрсөтүүнү алуу** | **2215** | **429500** | **399500** | **252047** |
| Маалымат технологияларынын тармагындагы | 22151400 | 0 | 0 | 71250 |
| Мамлекеттик кызматчыларды окутуу | 22153100 | 0 | 0 | 7700 |
| Бланктарды, медальдарды, значокторду даярдоо | 22154200 | 0 | 0 | 63362 |
| Маалыматтык-коммуникациялык кызматтарды | 22154300 | 0 | 0 | 7015 |
| Башка кызмат көрсөтүүлөргө акы төлөө менен | 22154900 | 0 | 0 | 102720 |
| **Учурдагы чарбалык максаттар үчүн** | **2222** | **91800** | **91800** | **33300** |
| Жабдууларды жана материалдарды сатып алуу | 22221100 | 0 | 0 | 24820 |
| Учурдагы чарбалык максаттар үчүн башка | 22221200 | 0 | 0 | 8480 |
| **Коммуналдык кызматтар** | **2231** | **729800** | **729800** | **729800** |
| Сууга акы | 22311100 | 0 | 0 | 101998 |
| Электр энергиясына акы | 22311200 | 0 | 0 | 175819 |
| Жылуулук энергиясына акы | 22311300 | 0 | 0 | 451983 |
| **Калкка социалдык жардам боюнча жөлөкпул** | **2721** | **0** | **0** | **0** |
| Кош бойлуулук жана төрөт боюнча жөлөкпул | 27212200 | 0 | 0 | 0 |
| **Учурдагы жалпы чыгымдар** | | **13888200** | **20346900** | **18068577,5** |
| | | 0 | 0 | 0 |
| **Баардык чыгымдар** | | **13888200** | **20346900** | **18068577,5** |

**1-тиркеме. 2022-жылы адамдын укуктарын жана эркиндиктерин бузган, Улуттук борбордун сунуштарын эске албаган мамлекеттик органдардын, ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын жана алардын кызмат адамдарынын тизмеси (Улуттук борбор жөнүндө мыйзамдын 15-беренесинин 2-пунктуна ылайык даярдалган).**

| № п/п | Мекеменин, уюмдун аталышы | Адам укуктарын жана эркиндиктерин бузган кызмат адамынын толук аты-жөнү/ээлеген кызматы | Кандай адам укуктары, эркиндиктери бузулду | Улуттук борбордун ишинин жыйынтыктары |
|---|---|---|---|---|
| **1** | Талас шаардык ИИБнин УКЖсы | Ф.Нурбеков, УКЖнын башчысы | УКЖда кармалган Б.Р. Кызыл-Жар айылындагы Республикалык психиатриялык ооруканага которулушу керек болчу, бирок алдын ала баруу учурунда ал Талас шаардык ИИБнин УКЖсында үч айдан ашык кармалып турган. | Талас облусунун прокуратурасынын 2022-жылдын 21-мартындагы №22/170-00-20-8-77-19-00271 жообу: «Саламаттык сактоо министрлигинин буйругу менен Кызыл-Жар айылындагы Республикалык психиатриялык оорукананын башкы дарыгери Г.Миңбаева ээлеген кызматынан бошотулду.<br>Мындан ары мындай учурлар кайталанбашы үчүн Саламаттык сактоо министрлигине тиешелүү кат жөнөтүлдү.<br>Тиешелүү көзөмөлдүн жоктугу жана өз убагында чара көрбөгөндүгү үчүн Талас шаарынын прокурорунун орун басары А.Шайдиевге «сөгүш» жарыяланды. |
| **2** | Жумагулов атындагы «Манас» лицей-интернаты | Ж.Жанузаков, лицейдин директору | Кыздар үчүн каралган №4 уктоочу бөлмө СНиПке туура келбейт. Эркек балдардын жана кыздардын бөлмөлөрү бир кабатта жайгашкан. Имараттын ичинде жуунуучу болмолору жана дааратканалар болгон эмес. | Талас райондук прокуратурасынын 2022-жылдын 12-апрелиндеги №22/100-00-97-320-00199 жообу: «Аныкталган мыйзам бузууларды четтетүү боюнча директорго буйрук берилген». |
| **3** | Талас районунун ИИБсы | А.Иманбеков, Талас областынын ички иштер башкармасынын начальниги | ИИБнин атайын приёмниги, белгиленген нормаларга жооп берген эмес. | Талас райондук прокуратурасынын 2022-жылдын 12-апрелиндеги №22/100-00-97-320-00199 жообу: «Аныкталган мыйзам бузууларды четтетүү боюнча жетекчинин атына буйрук берилген». |
| **4** | Т.Бабанов атындагы лицей-интернаты | Д.Тайдинова, лицейдин директору | Күнүмдүк тартип сакталбайт, уктаар маалда балдар көчөдө жүрүшкөн. Жатаканада бейтааныш балдар түнөшкөн. Тамак ашканада эмес, конок бөлмөсүндө берилген. Эркек балдардын жана кыздардын бөлмөлөрү бир кабатта жайгашкан. | Кара-Буура районунун прокуратурасынын 2022-жылдын 12-апрелиндеги №22/107-00-07-35о-22-00218 жообу: «Аныкталган мыйзам бузууларды четтетүү боюнча директордун атына буйрук берилген». |
| **5** | Жети-Өгүз районунун ИИБнын УКЖсы | У.Закиряев, ИИБнын начальнигинин орун басары | УКЖда эч качан оңдоо иштери жүргүзүлгөн эмес. ИИМдин жаңы имаратында убактылуу кармоочу жай каралган эмес. Алдын ала | Ысык-Көл облусунун ички иштер башкармалыгынын 2022-жылдын 21-апрелиндеги №3090 жообу: Ысык-Көл облусунун ички иштер башкармалыгынын №194 буйругуна |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | баруу убагында РИИБнин бардык имаратында суу болгон эмес. | ылайык дисциплинардык жазалар жарыяланды:<br>1. Жети-Өгүз районунун ички иштер бөлүмүнүн башчысынын орун басары У.Закиряевге «эскертүү» берилди.<br>2. Коомдук тартипти коргоо начальнигинин орун басары М.Абакировго «сөгүш» жарыяланды. |
| **6** | Кумарык айылындагы көмөкчү мектеп-интернат | И.Алиев, интернаттын директору | Ашканага барганда музду эритүү үчүн тоңдурулган балыктар тамактын калдыктары менен бирге кир идиштерди жуучу раковинада жатканы аныкталган.<br>Жалпы аянты болжол менен 18 чарчы метр №11 уктоочу бөлмөдө сегиз кыз жатат, б.а. бир адамга аянты санитардык нормаларда белгиленген 4-6 чарчы метрдин ордуна 2,25 чарчы метрди түзөт.<br>Балдардын жатаканасында душ жок. Кыздар үчүн душ бөлмөсү жок.<br>Ваннада жалпы колдонуу үчүн көп сандагы жуугучтар бар болчу, жеке колдонуучу жуугучтар болгон эмес. | Талас райондук прокуратурасынын 2022-жылдын 24-майындагы №11/2-22 жообу: «Аныкталган мыйзам бузууларды четтетүү боюнча сунуш киргизилип, Талас райондор аралык ооруларды алдын алуу борбору жана Мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл тарабынан санитардык эрежелерди, гигиенаны жана башка ченемдерди сактабагандыгы үчүн «Укук бузуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Кодексинин 124-беренесине ылайык мекеменин ашпозчусу А.Үсөнкуловага айып салынган. ". |
| **7** | Тоң районунун ИИБнын УКЖсы | Мукамбетов К., нөөмөт бөлүмүнүн башчысы | УКЖда сегиз ай бою санитардык тазалоо иштери жүргүзүлгөн эмес. | Ысык-Көл облусунун прокуратурасынын 2022-жылдын 22-июнундагы №22/153-00-21-8-149-01194 жообу: «Акт Тоң районунун прокуратурасына кароого жана тиешелүү чараларды көрүүгө жөнөтүлдү».<br>Тоң районунун прокуратурасынын 2022-жылдын 18-июлундагы № 09-01/13 жообу: «Тоң райондук санитардык эпидемиологиялык станциясынын башчысына сунуш киргизилип, мыйзам бузуулар четтетилди». |
| **8** | Ысык-Көл районунун ИИБнын УКЖсы | Ысык-Көл районунун ички иштер башкармалыгынын жетекчилиги | 2022-жылдын 3-сентябрынан 4-сентябрына караган түнү УКЖда өрт чыккан. Алдын ала баруу маалында, 4-сентябрда, камактагылар бир күн мурун, кечки тамактан кийин, бардыгынын ашказаны ооруп чыккандыгын айтышкан. Бирок түн ичинде кароолчу аларды ажатканага киргизбей койгон. Алардын айтымында, кыйкырыкка жана | Ысык-Көл облусунун прокуратурасынын 2022-жылдын 8-сентябрындагы №22/153-0021-8-20701619 жообу: «Материалдар райондук прокурорго жөнөтүлгөн».<br>РИИБдин башчысынын 2022-жылдын 22-сентябрындагы №6752 жообу: «Акт боюнча кызматтык иликтөө жүргүзүлүп, №8/6738 токтому чыгарылып, РИИБдин башчысынын №448 буйругу менен башкармалыктын төрт кызматкерине дисциплинардык жаза жарыяланды".<br>Райондук прокурордун 2022-жылдын 27-сентябрындагы №8- |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | камеранын эшигин каккылаганга жооп кылып, кароолчу өрт чыгарган. Ушуга наразылык иретинде кармалып жаткандардын бири колун кесип салган. Абактагылар жазуу түрүндөгү арыз берүүдөн баш тартышты. | 910/22 жообу: Ысык-Көл облусунун ички иштер башкармалыгы тарабынан төмөнкү кызматкерлерге тартиптик жазалар жарыяланды:<br>1. Ананьево айылынын айылдык милиция бөлүмүнүн башчысы Б.Султангазиевге - «сөгүш»,<br>2. Ысык-Көл районунун ИИБнын башчысынын орун басары Э.Мусаевге - «эскертүү»,<br>3. Ысык-Көл районунун ИИБнын нөөмөт бөлүмүнүн башчысы Т.Бекматовго - «эскертүү»,<br>4. Ысык-Көл районунун ИИБнын нөөмөт бөлүмүнүн инспектору Өмүраалы уулу Исламга - «эскертүү»,<br>5. Ысык-Көл районунун ИИБнын УКЖнын кызматкери К.Курманалиевге - “эскертүү”. |
| **9** | Баткен областынын Лейлек районунун ИИБнын УКЖсы | У.Атанов, УКЖнын башчысы | Айыпталуучу Ж.М.га карата бөгөт коюу чарасын аныктоодо тергөө судьялары тарабынан бир айлык мөөнөткө Лейлек РИИБнин убактылуу кармоочу жайына, айыпталуучу Т.Х. - Ош шаарынын жана Ош облусунун ИИБнын убактылуу кармоочу жайына эки айлык мөөнөткө камакка алуу жөнүндө токтом чыгарылган. | Баткен облусунун прокуратурасынын 2022-жылдын 26-сентябрындагы №22/186-00-20-8-13-01853 жообу: «Айыпталуучу Ж.М.га карата Лейлек РИИБнин тергөөчүсү Ж.Мамасалыев Лейлек РИИБнин убактылуу кармоочу жайына камакка алуу боюнча өтүнүч жазып, анын өтүнүчү канааттандырылган. Баткен районунун прокуратурасы тарабынан бул укук бузууга жол берген тергөөчүгө карата дисциплинардык жаза колдонуу жөнүндө токтом кабыл алуу үчүн Баткен облусунун ИИБ башчысына сунуштама берилген».<br>Баткен облусунун ИИБнын (Коомдук коопсуздук кызматы) 2022-жылдын 3-ноябрындагы №34-6/6184 жообу: «Баткен облусунун ички иштер башкармалыгында ИИБнын коомдук коопсуздук кызматынын башчысынын орун басарынын, убактылуу кармоочу жайдын башчысынын, Баткен облусунун прокуратурасынын өкүлүнүн катышуусунда ыкчам кеңешме болуп өттү.<br>Көрсөтүлгөн кемчиликтер үчүн түшүндүрмөлөр жана сунуштамалар берилип, кызматкерлерге УКЖнын ишмердүүлүгүн күчөтүү жана аларды КР ИИМнин буйруктарынын негизинде жүргүзүү милдеттендирилди.<br>Баткен облусунун ИИБнын (тергөө кызматы) 2022-жылдын 29-ноябрындагы №34-11/6730 жообу: «Лейлек РИИБнин тергөө кызматынын тергөөчүсү Ж.Мамасалиев тарабынан эч кандай мыйзам бузуулар |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | аныкталбагандыгына байланыштуу, эч кандай чара көрүлгөн эмес». |
| **10** | Баткен областынын Лейлек районунун ички иштер башкармалыгынын УКЖсы | У.Атанов, УКЖнын башчысы | Кармалгандардын өздүк иштери туш келди толтурулган.<br>Бөгөт коюу чарасын узартуу боюнча соттун чечими болгон эмес. | Лейлек райондук прокуратурасынын 2022-жылдын 27-сентябрындагы №22/138.00.0782-00638 жообу: «Лейлек райондук прокуратурасы тарабынан текшерүү жүргүзүлгөн. 2022-жылдын 27-сентябрында Баткен облусунун ИИБнын башчысына мыйзам бузууларды четтетүү жана алардын алдын алуу боюнча чараларды көрүү, талаптагыдай кызматтык милдеттерди аткарбагандыгы жана бузууларга жол бергендиги үчүн Лейлек райондук ички иштер башкармалыгынын тиешелүү кызматкерлерине дисциплинардык жоопкерчиликти кароо сунушу киргизилген.<br>Баткен облусунун ИИБнын (Коомдук коопсуздук кызматы) 2022-жылдын 3-ноябрындагы №34-6/6184 жообу: ««Баткен облусунун ички иштер башкармалыгында ИИБнын коомдук коопсуздук кызматынын башчысынын орун басарынын, убактылуу кармоочу жайдын башчысынын, Баткен облусунун прокуратурасынын өкүлдөрүнүн катышуусунда ыкчам кеңешме болуп өттү. Көрсөтүлгөн кемчиликтер үчүн түшүндүрмөлөр жана сунуштамалар берилип, тиешелүү кызматкерлерге УКЖнын ишмердүүлүгүн күчөтүү жана аларды КР ИИМнин буйруктарынын негизинде жүргүзүү милдеттендирилди.». |
| **11** | Баткен облусунун Кызыл-Кыя шаарынын ИИБ УКЖсы | А.Примов, УКЖнын башчысы | Тергөө судьялары тарабынан айыпталуучулар Б.К., Д.И., А.А.га карата Кызыл-Кыя шаардык ИИБнин УКЖсына камакка алуу түрүндөгү бөгөт коюу чарасын тандоо жөнүндө токтомдор чыгарылган. | Баткен облусунун прокуратурасынын 2022-жылдын 19-октябрындагы № 22/186-00-20-8 /17-01996 жообу: «2022-жылдын 17-октябрында Баткен облусунун ИИБнын башчысына укук бузууларга жол берген жооптуу кызматкерлерди тартиптик жоопкерчиликке тартуу, мындан ары мыйзам бузууларды четтетүү жана болтурбоо жөнүндө маселени кароо максатында сунуш киргизилген.<br>Баткен облусунун ИИБнын (Коомдук коопсуздук кызматы) 2022-жылдын 29-ноябрындагы №34-6/6606 жообу: «2022-жылдын 7-ноябрында Баткен облусунун ИИБде ыкчам кеңешме болуп өттү. Көрсөтүлгөн кемчиликтер боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, аныкталган кемчиликтерге жол бербөө боюнча токтом кабыл алынып, Кызыл-Кыя РИИБнин |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | башчысына жоопкерчилик жүктөлдү. |
| **12** | Баткен облусунун Баткен районунун ИИБнын УКЖсы | А.Салманов, УКЖнын башчысы | УКЖнын бир камерасы иштебегендиктен үч камерага беш адамдан жайгаштырылган. Ошол эле учурда ар бир камерада алардын бирөөсү жерде уктап жаткан, себеби камераларда төрт гана керебет бар.<br>Кармалгандар камерада абдан суук болуп жатканын айтып даттанышкан, анткени терезенин айнеги сынган.<br>Душтун канааттандырарлык эмес абалы, жагымсыз жыты белгиленет. Душтардын бири иштебей калган.<br>Кээ бир камераларда шейшептер болгон эмес. | Баткен районунун прокуратурасынын 2022-жылдын 26-октябрындагы №8/1090-22 жообу: «Баткен РИИБнин милиция кызматкерине жана башка жооптуу кызматкерлерине карата чара көрүү сунушу Баткен РИИБнин башчысына киргизилген.».<br>Баткен облусунун ИИБнын (Коомдук коопсуздук кызматы) 2022-жылдын 9-ноябрындагы №34-6/6265 жообу: «2022-жылдын 9-ноябрында Баткен ОИИБнын коомдук коопсуздук кызматынын башчысы полковник Р.Сатыбалдиев жана милициянын ага инспектору капитан К.Шайдуллаев тарабынан Баткен РИИБнин УКЖсын текшерүү жүргүзүлгөн. Бардык аныкталган кемчиликтер ондолду. |
| **13** | Талас шаардык ИИБнин УКЖсы | Т.Момбеков, УКЖнын башчысы | Тергөө изоляторунда кармалышы керек болгон адамдар УКЖда кармалган. | Кара-Буура районунун прокуратурасынын 2022-жылдын 17-ноябрында №22/107-00-07-8/5-00770 жообу: «Текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча областтык ИИБнын башчысынын наамына аныкталган мыйзам бузууларды четтетүү тууралуу сунуштама киргизилген. |
| **14** | Баткен облустук бириккен ооруканасынын психонаркологиялык бөлүмү | Р.Салиев, бөлүм башчысы | 2022-жылдын 9-ноябрында «Даяр тамактардын сапатын көзөмөлдөө жана аларды кабыл алуу журналынын» мөөнөтү өтүп, жаңы журнал жүргүзүлгөн эмес. 2022-жылдын 6-9-октябрында берилүүчү тамактар боюнча маалымат жок.<br>Берилүүчү тамак-аштын сапаты жана саны көзөмөлгө алынбайт.<br>Бекитилген «меню» болгон эмес.<br>Милдетине тамактануунун сапатын текшерүү кирген диетолог Б.Эгембердиева психонаркологиялык бөлүмдөн 7 км чакырым алыстыкта жайгашкан Баткен облустук ооруканасында иштейт.<br>Ашканада идиш-аяк жетишсиз болуп, аларды жуунун эрежелери сакталган эмес.<br>Оорулуулар 3 сменада тамактанышкан, ошол эле учурда тамактар кир идиштерде жана өтө аз порцияларда берилип | Баткен облусунун прокуратурасынын 2022-жылдын 4-ноябрындагы №22/186-00-04-11-12-00922 жообу: «Баткен облустук бириккен ооруканасынын директоруна оорукананын психонаркологиялык бөлүмүндө мыйзам бузууларга жол берген тиешелүү кызматкерлерди дисциплинардык жоопкерчиликке тартуу сунушу киргизилди.».<br>Баткен облустук бириккен ооруканасынын директорунун 2022-жылдын 23-ноябрындагы №01-1/277 жообу: «2022-жылдын 22-ноябрында медицина кызматкерлеринин катышуусунда жыйын болуп, тиешелүү чаралар көрүлгөн.<br>№7 протокол төмөнкүдөй токтом кылат: «Диетолог Б.Эгембердиевага «эскертүү», психоневрология бөлүмүнүн медайымы А.Саттаровго өз ишине шалаакы мамиле жасап, туура эмес аткаргандыгы үчүн «эскертүү» берилсин.». |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | жатканын айтышкан.<br>Өрт коопсуздук эрежелери сакталган эмес: ашканада электр плитасынын зымдары ачык калган.<br>Конок бөлмөлөрдө термометрлер жок, эски эшиктер орнотулган, терезелердин айнектери сынып, скотч менен жабылгандыктан, бөлмөлөр тынымсыз муздак жана суук.<br>Ванна жана кир жуучу жай бир бөлмөдө жайгашкан, анда бейтаптардын буюмдары үчүн бир гана шкаф бар.<br>Эс алуу бөлмөсү жок.<br>Көчөдө жайгашкан ажаткана канааттандырарлык эмес абалда болгон. | |
| **15** | Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Жазаларды аткаруу кызматына караштуу №44 Жатак-абагы (Чолпон-Ата ш.) | Т.Абдылдаев, Жатак-абагынын башчысы | Азык-тулук складында бардык азык-тулуктор сакталган эмес. Эт жок, складда, ашканада муздаткычтар бош эле.<br>Азык-түлүктөрдү сактоо шарттары стандарттарга жооп бербейт, толук антисанитардык абал белгиленген. | Ысык-Көл облусунун прокуратурасынын 2022-жылдын 15-ноябрындагы №16-20/11 жообу: «Бул мекеме боюнча иш көлөмдүү, мөөнөтү 2022-жылдын 30-ноябрына чейин узартылды».<br>2022-жылдын 1-декабрында №16-20/13 Ысык-Көл облусунун прокуратурасынан: «Акыркы жооп үчүн көбүрөөк убакыт керек» деген убактылуу жооп келген.<br>Бул докладды жазып жаткан учурда түзүлгөн комиссиялардын корутундулары күтүлүп жаткан. |
| **16** | Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматынын №2023 Аскер бөлүгү | С.Токтосунов, Аскер бөлүгүнүн командири | 2022-жылдын 9-ноябрында аскерге чакырылуучу каза болгондугу тууралуу Улуттук борборго өз убагында маалымат берилген эмес. | КР УКМКнын Баткен облусундагы №2001 Аскер бөлүгүнүн 2022-жылдын 6-декабрындагы №559 жообу: «Келечекте Улуттук борбордун сунуштамаларын так аткарышат, №2023 Аскер бөлүгүнүн командири полковник С.Токтосуновго «катуу эскертүү» берилди». |